КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО
ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ
БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫ

# КОЛДОНМО

## УЧАСТКАЛЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯЛАРЫ ҮЧҮН

ПРЕЗИДЕНТТИ
ШАЙЛОО
10.01.2021

Европадагы Коопсуздук жана
Кызматташтык Уюмунун
**Бишкектеги программалык кеңсеси**

Бул колдонмо ЕККУнун Бишкектеги программалык кеңсесинин алкагында басылып чыгарылды. Бул басылмада камтылган маалымат ЕККУнун Бишкекетеги кеңсесинин расмий позициясын сөзсүз түрдө чагылдырбайт.

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум
өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

# УЧАСТКАЛЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯЛАРЫ ҮЧҮН КОЛДОНМО

Бишкек – 2020

## МАЗМУНУ


Киришүү....................................................................................................................................3

I. УШКнын иши: түзүү тартиби, негизги ыйгарым укуктары жана иштөө принциптери............. 4

II. №1 этап. УШКнын ишмердүүлүгү – “Добуш берүү күнүнө чейинки”.........................................7

2.1. УШКнын шайлоочулардын тизмелери менен иштөөсү..................................................................7

2.2. УШКнын шайлоо бюллетендери менен иштөөсү.........................................................................13

2.3. Добуш берүү үчүн жайдан тышкары жерде добуш берүүнүн тартиби......................................14

2.4. УШКнын талапкерлердин өкүлдөрү менен өз ара аракеттенүүсү.............................................17

2.5. Шайлоочулардын, анын ичинде ДСМЧ шайлоочулардын шайлоо укуктарын камсыз кылууда УШКнын мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өз ара аркеттенүүсү.....................................................................................................................................18

2.6. Шайлоочулардын шайлоо укуктарын камсыз кылууда УШКнын мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өз ара аркеттенүүсү.............................20

2.7. Шайлоолорду даярдоо жана өткөрүү мезгилинде шайлоо комиссияларынын ИИБ менен өз ара аркеттери.........................................................................................................................................22

III. Шайлоочуларды маалымдоо боюнчаУШКнын ишмердүүлүгү.................................................25

IV. №2 этап УШКнын ишмердүүлүгү – «Добуш берүү күнү саат 08:00 го чейин».........................29

V. №3 этап УШКнын ишмердүүлүгү - «Добуш берүү күнү саат 08:00 дон 20:00 го чейин».......32

VI. №4-этап УШКнын ишмердүүлүгү – «Добуш берүүнүн жыйынтыктарын белгилөө тартиби....36

6.1. Добуштарды кол менен эсептөөнүн жол-жобосу..........................................................................39

6.2. УШКнын жараксыз бюллетендер менен иштөөсү.........................................................................41

6.3. Добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протокол менен иштөө..........................................43

6.4. Протоколду толтуруунун тууралыгын жана толуктугун текшерүү параметрлери...................46

6.5. УШК документтерин АШКга өткөрүпберүү жол-жобосу.........................................................48

VII. №5 этап УШКнын ишмердүүлүгү – «Добуш берүү күнүнөн кийин».......................................51

VIII. УШКнын ишмердүүлүгүн финансылык жактан камсыз кылуу................................................51

IX. Шайлоо мыйзамын бузгандык үчүнжоопкерчилик......................................................................53

X. УШКнын кызматкерлерине керектүү эрежелер...........................................................................65

## КИРИШҮҮ

Ушул Колдонмо комиссияларда иштөөдө бардык кыйынчылыктарды четтетүүдө жана мүмкүн болуучу каталарды жана мүчүлүштөрдү болтурбоодо участкалык шайлоо комиссияларына (мындан ары -УШК) жардам берүү максатында иштелип чыккан.

Колдонмодо Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону даярдоо жана өткөрүү процессинде комиссиялар тарабынан ишке ашырылуучу негизги жол-жоболор баяндалган.

Соңку шайлоолордон кийин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына өзгөртүүлөр киргизилди, аларда шайлоо комиссиялары аткарууга тийиш болгон аракеттер жаңыча жол-жоболоштурулган.

**Ушул колдонмодо камтылган шарттуу кыскартуулар:**

- АЭУ – автоматтык эсептөө урнасы;
- ЖАМК – Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматы;
- УКМК– Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитети;
- КРКИМК- Кыргыз Республикасынын Коргоо иштери боюнча мамлекеттик комитети;
- КР КК ГШ – Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн Генералдык штабы;
- КР ССМ – Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги;
- МКК – КР Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматы; Ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган;
- КБМР – Калктын бирдиктүү мамлекеттик реестри;
- ШЭБС – Шайлоочуларды эсепке алуунун бирдиктүү системасы;
- “КР Президентин жана КР Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө мыйзамы” КР КМ - “Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамы;
- “КРнын шайлоо комиссиялары жөнүндө”КР Мыйзамы – “КР Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө” КР Мыйзамы;
- ЫЧКТ – ыкчам чара көрүүчү тобу;
- ДМЧА – ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар;
- КР ЭСӨМ–Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлиги;
- ЖӨБО – жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары;
- КЭУ – коммерциялык эмес уюм;
- Шайлоочунун жеке маалыматтары – шайлоочунун инсандыгын тастыктаган документтеги электрондук чипте көрсөтүлгөн/жазылган шайлоочунун жеке идентификациялык номери, фамилиясы, аты, атасынын аты, туулган датасы, туруктуу жашаган жеринин дареги камтылган маалыматтар;
- ШТ – шайлоочу пардык тизмеси;
- ЖМК – жалпыга маалымдоо каражаттары;
- АШК – аймактык шайлоо комиссиясы;
- УШК – участкалык шайлоо комиссиясы;
- КР БШК– КР Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы.

## I. УШКнын ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ: ТҮЗҮҮ ТАРТИБИ, НЕГИЗГИ ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫ ЖАНА ИШТӨӨ ПРИНЦИПТЕРИ

***(«КР Шайлоо комиссиялары жөнүндө» Мыйзамдын 19-беренеси, 21-беренесинин 1-бөлүгү, 2019-жылдын 6–декабрындагы № 176 «Шайлоо комиссияларын түзүү, таркатуу жана шайлоо комиссияларынын резервин түзүү, жүргүзүү тартиби жөнүндө» жобо менен жөнгө салынат).***

Участкалык шайлоо комиссиялары саясий партиялардын өкүлдөрүнүн экиден биринин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрүнүн экиден биринин курамында **5 жылдык мөөнөткө түзүлөт.** УШКнын курамында ар бир саясий партиядан бирден ашык эмес өкүл болушу мүмкүн. УШК аймактык шайлоо комиссиясы тарабынансаясий партиялардын өкүлдөрүнөн жана тийиштүү УШКнын резервинен мүчөлөрүнүн жетиден кем эмес курамында түзүлөт. УШК мүчөлөрүнүн саны тийиштүү шайлоо участкаларындагы шайлоочулардын санына жараша Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан аныкталат:

| | |
|---|---|
| 0дөн 500 шайлоочуга | 7 (жетиден) кем эмес УШК мүчөлөрү |
| 501ден 1200 шайлоочуга | 9 (тогуздан) кем эмес УШК мүчөлөрү |
| 1201 шайлоочудан жогору | 11 (он бирден) кем эмес УШК мүчөлөрү |

Шайлоо комиссиясынын биринчи жыйыны тийиштүү шайлоо комиссиясынын жашы боюнча эң улуу мүчөсү тарабынан ал түзүлгөндөн кийин үч күндөн кеч эмес чакырылат.

УШК мүчөсү анын курамынан чыгып кеткенде анын ордун ээлөө УШКны түзүүдө чүчүкулак өткөрүү менен белгиленген кезекке ылайык резервдин жана саясий партиялардын резервдеринин талаптарын эске алуу менен ал чыгып кеткенден кийин он күндөн кеч эмес жүргүзүлөт.

Аймактык жана участкалык шайлоо комиссияларын түзүүнүн тартиби 2019-жылдын 6–декабрындагы № 176 «Шайлоо комиссияларын түзүү, таркатуу жана шайлоо комиссияларынын резервин түзүү, жүргүзүү тартиби жөнүндө» жобо менен жөнгө салынат. Ушул жобо шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүн милдетин аткаруудан мөөнөтүнөн мурда бошотуу үчүн «терс негиздердин» төмөндөгү тизмегин карайт:

1. Шайлоолор жөнүндө мыйзамдардын нормаларын бузуу, ошондой эле жазык мыйзамдарында каралган бузуулар.
2. Жүктөлгөн милдеттерди аткарбай коюу жана (же) тийиштүү деңгээлде аткарбоо.
3. Шайлоо комиссияларынын ишинин принциптерин бузуу.
4. Жалпы кабыл алынган адеп-ахлак жана этика нормаларын бузуу.
5. Таркатылган шайлоо комиссияларында мүчө болуу.

**Участкалык шайлоо комиссиясынын негизги ыйгарым укуктары:**

| |
|---|
| • тийиштүү УШКнын дареги жана телефон номери тууралуу, анын иштөө убактысы, добуш берүү күнү жана орду жөнүндө, ошондой эле шайлоочуларды тизмеге киргизүү жөнүндө калкка маалымдайт; |
| • шайлоочулардын таанышуусу жана такташы үчүн алардын шайлоочулардын тизмесине жеткиликтүүлүгүн камсыз кылат; |
| • тийиштүү аймактагы шайлоочулардын тизмесин тактайт; |
| • шайлоочулардын тизмесиндеги каталыктар жана так эместиктер тууралуу арыздарын кабыл алат жана карайт, аларга тийиштүү өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө маселени чечет; |
| • шайлоочулардан шайлоо дареги боюнча добуш берүү боюнча арыздарды кабыл алат; |
| • шайлоо участкасынын аймагында үгүт материалдарын жайгаштыруу эрежелеринин сакталышына контролдук кылат; |
| • шайлоочулардын добуш берүүчү жайдан тышкары добуш берүүсүн уюштурат; |
| • добуш берүү күнүндө шайлоо участкасында добуш берүүнү уюштурат; |
| • шайлоо участкасы боюнча добуштарды эсептөөнү жүргүзөт жана добуш берүүнүн жыйынтыгын белгилейт; |
| • шайлоо мыйзамдарынын бузулушуна арыздарды жана даттанууларды өз компетенция-сынын чегинде карайт жана алар боюнча чечимдерди кабыл алат; |
| • шайлоону даярдоо жана өткөрүү менен байланышкан документтерди жогору турган шайлоо комиссиясына же архивге өткөрүп берүүнү камсыз кылат; |
| • материалдык баалуулуктардын жана мүлктүн сакталышын камсыз кылат; |
| • шайлоону даярдоого жана өткөрүүгө бюджеттик каражаттын келип түшүшү жана чы-гымдалышы жөнүндө финансылык отчёт берет. |

## ШАЙЛОО КОМИССИЯЛАРЫНЫН ИШИНИН ПРИНЦИПТЕРИ ЖАНА НЕГИЗГИ КЕПИЛДИКТЕРИ

Шайлоо комиссиялар өздөрүнүн ишин мындай принциптерде ишке ашырат:

| | | | |
|---|---|---|---|
| МЫЙЗАМДУУЛУК | АЙКЫНДУУЛУК | АЧЫКТЫК | КОЗ КАРАНДЫСЫЗДЫК |
| КОЛЛЕГИАЛДУУЛУК | АДИЛЕТТУУЛУК | КАЛЫСТЫК | |

| | |
|---|---|
| **МЫЙЗАМДУУЛУК «Шайлоо комиссиялары жөнүндө» КРМ 2-бер.** | Шайлоо комиссиялары өз ишинде Кыргыз Республикасынын Конституциясын, «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамын, «Кыргыз Республикасынын референдуму жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамын, «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын, ушул Мыйзамды жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларын жетекчиликке алат. |
| **АЙКЫНДУУЛУК «Шайлоо комиссиялары жөнүндө» КРМ 23-бер. 1-п.** | Айкындуулуктун ачыктык, элдин билүүсү, транспаренттүүлүк принциптери менен көп жалпы окшоштугу бар. Анын маани маңызы купуялуулукту, тымызындыкты, жабыктыкты, жашырындуулукту болтурбоодо турат. УШК ишинде кеңири коомчулуктун добуш берүүнүн жүрүшүнө, добуштарды саноого байкоо жүргүзүүгө жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу көз карашынан алганда эч кандай чектөөлөр болушу мүмкүн эмес. Айкындуулук принцибин кандайдыр бир чектөөлөр УШКнын ишине кийлигишүүнү, добуш берүүнүн жана добуштарды саноонун мыйзам менен белгиленген жол жобосун бузууларды блокировкалоо максаты менен гана шартталышы мүмкүн. |
| **АЧЫКТЫК «Шайлоо комиссиялары жөнүндө» КРМ 23-бер. 1-п.»** | Шайлоо комиссияларынын бардык чечимдери ачык болуп саналат. Шайлоо комиссиялары кабыл алынган чечимдер менен бардык жарандарды тоскоолдуксуз таанышуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылат. |
| **КӨЗ КАРАНДЫСЫЗДЫК «Шайлоо комиссиялары жөнүндө» КРМ 3-бер. 2-п.** | Шайлоо комиссияларынын ишине мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, коммерциялык эмес уюмдар, анын ичинде саясый партиялар, башка юридикалык жана жеке жактар тарабынан кийлигишүүгө жол берилбейт. Шайлоону даярдоо жана өткөрүү менен байланышкан бардык маселелерди чечүүдө, шайлоо комиссиялары алардын ыйгарым укуктарынын чектеринде мамлекеттик органдардан жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан көз карандысыз. |
| **КОЛЛЕГИАЛДУУЛУК «Шайлоо комиссиялары жөнүндө» КРМ 23-бер. 1-п.** | Шайлоо комиссияларынын иши коллегиалдуулуктун негизинде ишке ашырылат.Коллегиалдуулук – комиссиянын көз карандысыздыгынын жана калыстыгынын, укукка каршы аракеттерден коргоонун маанилүү кепилдиги. УШК жыйналыштарындагы коллегиалдуулук жыйналыштарда мүчөлөрүнүн белгилүү бир санынын катышуу зарылдыгын, ар бир мүчөнүн күн тартибинин маселелерин эркин талдоо укугун жана бул маселелердин маңызы боюнча добуш берүүнү билдирет |

| | |
|---|---|
| **АДИЛЕТТҮҮЛҮК «Шайлоо комиссиялары жөнүндө» КРМ 19-бер. 1-п.** | Шайлоо комиссиясы, укук колдонуучу орган катары, маалыматтык материалдардын объективдүү, анык болушуна көз салат, ал материалдар талапкерлердин теңчилигин бузбоого, аларда кандайдыр бир талапкерге карата артыкчылык берилбөөгө тийиш. |
| **КАЛЫСТЫК «Шайлоо комиссиялары жөнүндө» КРМ 3-бер. 1-п.** | Шайлоолор көз капрандысыз жана калыс органдар тарабынан жүргүзүлүүгө тийиш, мындай шарт бардык талапкерлерге бирдей мүмкүнчүлүк берүү менен белиленет жана демократиялык жана эркин шайлоолордун процесстик кепилдиги болуп саналат. Шайлоолорду уюштуруу джемократиялык принциптерге, укуктук жана институционалдык системага негизделген процесстердин комплексин карайт, ал акыйкат жана калыс шайлоолорду өткөрүүгө көмөктөшөт. |

**Участкалык шайлоо комиссияларынын ишмердүүлүгүншарттуу түрдө 5 этапка бөлсө болот:**

**I ЭТАП - УШКнын ишмердүүлүгү – “Добуш берүү күнүнө чейинки”**

**II ЭТАП – УШКнын ишмердүүлүгү - “Добуш берүү күнү саат 08:00 го чейинки**

**III ЭТАП – УШКнын ишмердүүлүгү - “Добуш берүү күнү 08:00дон 20:00го чейинки”**

**IV ЭТАП – УШКнын ишмердүүлүгү -"Добуш берүүнүн жыйынтыктарын аныктоонун тартиби"**

**V ЭТАП – УШКнын ишмердүүлүгү - "Добуш берүү күнүнөн кийинки"**

# №1 ЭТАП. УШКнын ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ – “ДОБУШ БЕРҮҮ КҮНҮНӨ ЧЕЙИНКИ”

## 2.1. УШКнын мүчөлөрүнүн шайлоочулардын тизмелери менен иштөөсү

*(«КР Президентин жана КР ЖК депутаттарын шайлоо жөнүндө” КР Мыйзамынын 14-беренесинин 2-пункту, 13-беренеси, Шайлоочуларды эсепке алуунун бирдиктүү системасы жөнүндө жобо жана Шайлоочулардын тизмесин түзүү жана тактоо боюнча БШКнын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар менен өз ара аракеттеринин тартиби жөнүндө жобо менен жөнгө салынат)*

**Шайлоочулардын тизмеси** – электрондук жана кагаз түрүндө Калктын бирдиктүү мамлекеттик реестринин (КБМР) негизинде түзүлгөн, добуш берүү күнү активдүү шайлоо укугуна ээ КР жарандарынын тизмеси.Шайлоо мыйзамы менен белгиленген берүү мөөнөтүнө ылайык шайлоочулардын тизмеси **алдын ала,** контролдук жана **акыркы** болуп бөлүнөт.

«КР Президентин шайлоо жөнүндө» КР Мыйзамынын 14-беренесинин 6-бөлүгүнө ылайык, Консулдук каттоого турган жана биометрикалык каттоодон өткөн Кыргыз Республикасынын аймагынан тышкары жактарда жашаган шайлоочулар жөнүндө маалыматтар тиешелүү дипломатиялык өкүлчүлүктөрдүн жана консулдук мекемелеринин жетекчилери тарабынан түзүлүп тышкы иштер боюнча иш алып барган мамлекеттик орган аркылуу **добуш берүү күнүнөн 64 календардык күндөн кеч эмес БШКга өткөрүп берет.**

Добуш берүү күнү Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жашаган же жүргөн шайлоочу **добуш берүү күнүнө чейин 11 календардык күндөн кечиктирбестен** “Кыргыз

Республикасынын Президентин шайлоо жөнүндө" КР Мыйзамынын 15-беренесинин 1-бөлүгүндө белгилеген тартипте арыз берүү жолу менен жашаган же турган жериндеги шайлоо дареги боюнча добуш берүүгө ниеттенгендиги тууралуу билдирүүгө укуктуу.

Кыргыз Республикасынын дипломатиялык өкүлчүлүгү же консулдук мекемеси шайлоочунун жүргөн же турган жериндеги шайлоо дареги боюнча добуш берүү ниети тууралуу арызы келип түшкөн учурдан тартып шайлоочуну акысыз негизде убактылуу консулдук каттоого турган адам катары каттайт. Мындай каттоо шайлоочунун арызында көрсөтүлгөн мөөнөткө жүргүзүлөт.

**КР Президентин шайлоону даярдоо жана өткөрүүдө:**

1) Шайлоо участоктору, райондор жана шаарлар боюнча түзүлгөн **шайлоочулардын алдын ала тизмелери добуш берүү күнүнө чейин 60 (алтымыш) календардык күн калганда** шайлоочулардын мамлекеттик **tizme.gov.kg** порталына жайгаштырылат. Шайлоочулардын **алдын-ала тизмесине** төмөнкү жарандар **киргизилбейт:**

2) добуш берүү күнүнө чейин **56 календардык күн** мурда **шайлоочулардын алдын-ала тизмесин** шайлоочулардын таанышуусу жана тактоосу үчүн УШКга берилет.

3) УШК добуш берүү күнүнө чейин **52 календардык күн** мурда шайлоочулардын таанышуусу үчүн **шайлоочулардын алдын-ала тизмесин** бекитилген форма боюнча илет.

4) УШК добуш берүү күнүнө чейин **11 календардык күн** мурда шайлоочулардын тизмесиндеги маалыматтарды тактоо үчүн бекитилген форма боюнча шайлоочулардын арыздарын кабыл алат.

5) КР чегинен тышкары түзүлгөн УШК шайлоо дарегин өзгөртүү жөнүндө шайлоочулардын арыздарын бекитилген форма боюнча кабыл алат.

**МУНУ ЭСКЕ АЛУУ МААНИЛҮҮ! ШАЙЛОО ДАРЕГИН ӨЗГӨРТҮҮ ЖӨНҮНДӨ АРЫЗДАР КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЧЕГИНЕН ТЫШКАРЫ ЖАШАГАН ЖЕ ЖҮРГӨН, КОНСУЛДУК КАТТООДО ТУРГАН ЖАНА БИОМЕТРИКАЛЫК ИДЕНТИФИКАЦИЯЛООДОН ӨТКӨН ШАЙЛООЧУЛАРДАН КАБЫЛ АЛЫНАТ!**

6) УШК добуш берүү күнүнө чейин **22 календардык күн** мурда шайлоочулардын таанышуусу үчүн **шайлоочулардын контролдук тизмесин** илет.

**Шайлоочулар жөнүндө төмөнкү маалыматтар эске алуу зарыл,**

- добуш берүү күнү стационардык дарылоо-профилактикалык мекемелеринде дарыланып жаткандар,
- добуш берүү күнү шектүү катары камоодо эркиндигинен ажыратуу жерлеринде жүргөндөр,
- добуш берүү күнү иштин үзгүлтүксүз цикли бар ишканаларда иштеп жаткандар (вахта иштери),
- мөөнөттүү кызматтын аскер кызматчылары,
- аскер кызматчылары жана алардын үй-бүлө мүчөлөрү, аскердик бөлүктөрдө жашаган башка адамдар, аталган мекемелердин (ишканалар, аскердик бөлүктөр) жетекчилери тарабынан түзүлө тургандыгын эскертет.

АШК аталган мекемелердин жетекчилери толтурган формаларды **добуш берүү күнүнө чейин 9 календардык күндөн кечиктирбестен** кабыл алуу зарылчылыгы жөнүндө УШКнын төрагаларынын, катчыларынын **көңүлүн бурат.**

7) **шайлоочулардын биротоло тизмеси добуш берүү күнүнө чейин 7 календардык күн калганда** шайлоочулардын мамлекеттик **tizme.gov.kg** порталына жайгаштырылат, ал эми **УШК биротоло тизмени добуш берүү күнүнө чейин 5 календардык күн** калганда илет.

**8) УШК номурлар коюлган, көктөлгөн жана мөөр менен күбөлөндүрүлгөн шайлоочулардын биротоло тизмесин эки нускада БШКдан алат.**


Ар бир шайлоочу шайлоочулардын алдын ала тизмесинде кандай болбосун ката же болбосо так эместикти тапкан, ошондой эле анда өзү жок учурда, добуш берүү күнүнө чейин 11 календардык күндөн кечиктирбестен, ырастоочу документтердин көчүрмөлөрүн тиркөө менен, тиешелүү участкалык шайлоо комиссиясына арыз менен кайрылууга укуктуу,

бул учурда шайлоочу биометрикалык идентификациялоодон өтө тургандыгын УШКнын мүчөлөрүнө эскертип коюу маанилүү.

Белгиленген формадагы арызды шайлоочудан кабыл алганда участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөсү анын толтурулушунун тууралыгын жана арызда көрсөтүлгөн маалыматтардын паспорттук маалыматтарга туура келерин текшергенден кийин, ошондой эле идентификациядан өткөн шартта шайлоочуга арызды иштеп чыгуунун статусун тактоо боюнча маалыматы бар, арыздын төмөн жагында жайгаштырылуучу айрыма талон тапшырат. Участкалык шайлоо комиссиясы бул арызды аны тизмеге киргизүү, каталарды же так эместиктерди оңдоо боюнча тиешелүү чараларды көрүү үчүн аймактык шайлоо комиссиясындагы Борбордук шайлоо комиссиясынын системдик администраторуна токтоосуз өткөрүп берет.

Шайлоочу, ошондой эле мыйзам менен белгиленген тартипте автордоштуруудан өтүү менен мамлекеттик порталдагы “Шайлоочунун кабинети” сервиси аркылуу электрондук түрдө арыз берүүгө укуктуу.

**Шайлоочу билип туруп жалган маалыматтарды бергендиги үчүн мыйзамдарда каралган жоопкерчиликти тартат.**




1. УШКнын мүчөсү шайлоочуну биометрикалык маалыматтарды тапшыруу жана тийиштүү УШКнын шайлоочулардын тизмесинде шайлоочу жок болгон учурда, аны шайлоочулардын тизмесине киргизүү үчүн жакын жердеги биометрикалык маалыматтарды жыйноочу пунктуна жөнөтөт.

2. УШКнын мүчөсү шайлоочулардын тизмеси менен таанышуу учурдан тартып, бирок добуш берүү күнүнө чейин 11 календарлык күндөн кечиктирбестенКР жаранынын паспортунун көчүрмөсүн (ал эми КРнын чегинде жашаган же жүргөн адамдарга – КР жаранынын паспортунун көчүрмөсүн, ал эми ал жок болгон учурда– КР жаранынын жалпы жарандык, кызматтык же дипломатиялык паспортунун көчүрмөсүн)милдеттүү түрдө тиркөө менен белгиленген түрдөгү арызды төмөнкү учурлардакабыл алат:

− шайлоочу тарабынан кандай болбосун каталарды табууда;

− шайлоочу тарабынан шайлоочулардын тизмесинде так эместиктерди табууда;

3. УШКнын мүчөсү шайлоочуну идентификациялоо жол жобосунан жүргүзөт, арызда көрсөтүлгөн маалыматтардын паспорттук маалыматтар менен шайкештигин жана туура толтурулгандын текшерет.

4. Биометрикалык идентификациялоодон өткөрүүдөн кийин идентификациялоону ийгиликтүү өткөндүгү тууралуу чек басып чыгарылат жана шайлоочуунун арызына

тиркелет.

5. УШКнын мүчөсү шайлоочунун арызын атайын журналга каттайт.
6. УШКнын мүчөсү, каталарды же так эместиктерди оңдоо боюнча тийиштүү чараларды көрүү,шайлоочулардын тизмесинде шайлоочунун шайлоо дарегинин өзгөрүүсү боюнча тийиштүү чараларды кабыл алуу үчүн АКШнын системадик администраторуна реестр боюнча токтоосуз жиберет.
7. УШКнын мүчөсү шайлоочуга арыздын төмөнкү бөлүгүндө жайгашкан арызды иштеп чыгуунун статусун тактоо боюнча маалымат менен айрыма талон тапшырат.
8. Арызды иштеп чыгуунун натыйжалары жөнүндө жооп кагаз же электрондук билдирүү формада шайлоочу тарабынан көрсөтүлгөн дарек жанаже байланыш маалыматтар боюнча арыз кабыл алынган күндүн тартып 7 календарлык күндөн кечиктирбестен тийиштүү АШКга жиберилет.

Шайлоочулардын кагаз түрүндө да, «Шайлоочунун кабинети» сервиси аркылуу да келип түшкөн арыздарын иштеп чыгуу БШКнын АШКдагы системдик администратору тарабынан жүзөгө ашырылат.

**ЭСТЕ САКТОО МААНИЛҮҮ!**

УШК шайлоочудан арызды ал УШКга жеке кайрылганда же мыйзамдарда белгиленген тартипте автордоштуруудан өтүү менен «Тизме» https://tizme.gov.kg/ мамлекеттик порталы аркылуу«Шайлоочунун кабинети» сервиси аркылуу электрондук түрдө кабыл алат.

- Кыргыз Республикасынын жаранынын паспортунун көчүрмөсү жана
- арыз берүүдө биометрикалык идентификациялоодон өткөндүгү жөнүндө чек.

Шайлоочу шайлоочулардын тизмесинде жок болгон учурда, УШКнын мүчөсү шайлоочуга аны шайлоочулардын тизмесине киргизүүнүн тартибин түшүндүрөт жана жакынкы жерде жайгашкан биометрикалык маалыматтарды жыйноочу пункттардын дарегин берет.

Шайлоо участкасына шайлоочуну индентификациялоо эмне үчүн керек жана ал кантип өткөрүлөт жана чек эмне үчүн керек?

Шайлоочуларды идентификациялоо манжалардын папиллярдык издери жана/же бетинин геометриясы боюнча жарандарды идентификациялоодон өткөрүү функцияларын камтыйт, ал төмөндөгүлөрдү көрсөтүү менен чекти басып чыгарат:

- Фамилиясы, аты-жөнү,
- ПИН,
- паспорттун сериясы жана №,
- паспорт боюнча дареги,
- идентификациядан өткөн датасы жана убактысы.

Шайлоо участкасында шайлоочу арыз бергенде биометрикалык идентификациялоону жүргүзүү боюнча окуудан өткөн УШК мүчөлөрү шайлоочунуидентификациялоону жүргүзөт.

Билип туруп анык эмес маалыматтарды бергендиги үчүн шайлоочу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган жоопкерчиликти тартат.

**ЭСКЕ ТУТУУ ЗАРЫЛ!**

**УШК мүчөлөрү- биометрикалык идентификациялоо операторлору үчүн**

***УШК мүчөлөрү төмөндөгүлөрдүн жардамы менен шайлоочуларга шайлоочулардын тизмесиндеги маалыматты тактоо жагынан жардам берүүгө милдеттүү:***

- «Тизме» маалыматтык ресурстук порталы - https://tizme.gov.kg;
- Call-борборуна, 1255 жана 119 номерине чалып (акысыз);
- 119 номерине шайлоочунун ПИН-номерименен СМС билдирүүлөр, жооп катары шайлоочуга УШКнын номерин жана дарегин көрсөткөн билдирүү келет.

**Шайлоочулардын тизмесин тактоодо шайлоочулардан арыздарды кабыл алуунун тартиби**

КР Президентин шайлоо жөнүндө конституциялык Мыйзамынын 15-беренесинин 2,3-бөлүгүнө ылайык, ар биршайлоочудобушберүүкүнүнөчейин 11 календардык күндөн кечиктирбестен участкалык шайлоокомиссиясына арыз берүүгө укуктуу, мында шайлоочу милдеттүү түрдө биометрикалык идентификациядан өтүшү керек:

- кандайдыр бир ката же так эместик табылса, ошондой эле шайлоочулардын алдын ала тизмесинде жок болсо, тиешелүү участкалык шайлоо комиссиясына тастыктаган документтерди тиркөө менен арыз (шайлоочулардын тизмесинен өзүнүн маалыматтын тактоо жөнүндө арыз) менен кайрылуу керек;

Шайлоочулар шайлоочулардын тизмесинен өзүнүн маалыматтын тактоо жөнүндө арыз бергенде:

УШК мүчөсү (идентификациялоо оператору) ШКнын бекитилген чек аралары менен шайлоочунун паспортунда жашаган жерин каттоону, шайлоочунун паспортундагы сүрөтү менен анын өзүн салыштырып, шайлоочулардын тизмесинде шайлоочунун бар экендигин текшерет.

А) Эгерде шайлоочу паспорттогу туруктуу жашаган жери боюнча шайлоо участогунда көрсөтүлсө, шайлоочулардын тизмесинде бар болсо, УШК мүчөсү (идентификациялоочу оператор):

- шайлоочу идентификациялоо жол-жобосун жүргүзөт, мында идентификациялоо чегин басып чыгарат;
- арызды кабыл алат жана шайлоочунун паспортунун көчүрмөсүн, толтуруунун жана көрсөтүлгөн маалыматтын тура экендигин текшерет, арызга идентификациядан өткөндүгү жөнүндө басып чыгарылган чекти тиркейт;
- шайлоочуга арыздын төмөнкү бөлүгүндө жайгаштырылган арызды карапчыгуунун макамын тактоо боюнча маалымат менен айрыма талонду берет.

Б) Эгерде шайлоочу шайлоочулардын тизмесинде болбосо, УШКнын мүчөсү (идентификациялоо оператору) шайлоочуга төмөндөгүлөрдү түшүндүрөт:

- ал биометрикалык каттоодон өтпөгөндүгүнө байланыштуу шайлоочулардын тизмесинде жок экендигин, ал эми шайлоочулдардын тизмесине биометрикалык каттоодон өткөн жарандар киргизилерин (“КРПрезидентин шайлоо жөнүндө” КР КМ 14-бер.2-б., “КРжарандарын биометрикалык каттоо жөнүндө”Мыйзамдын 2-бер. 2-п. ылайык);
- биометрикалык каттоодон өтүү үчүн шайлоочуга биометрикалык маалыматтарды чогултуучу пункттардын жакынкы даректерин берет жана жөнөтөт;
- арыз берүү үчүн шайлоочу биометиркалык идентификациядан өтүшү зарыл (“КР Президентин шайлоо жөнүндө” КР КМ 15-бер.2,3-б. ылайык), ал эми бул шайлоочулдардын тизмесинде жок болгондугуна байланыштуу мүмкүн эмес;
- шайлоочуну биометрикалык каттоодон өткөндөн кийин арыз берүү үчүн УШК келүүсүн суранат.

В) Эгерде шайлоочу паспортундагы көрсөтүлгөн маалыматтар боюнча шайлоочулардын тизмесиндеги маалыматтардан ката же так эместиктерди тапса, УШК мүчөсү (идентификациялоо оператору):

- шайлоочуну идентификациялоо жол-жобосун жүргүзөт, мында идентификациялоодон өткөндүгү жөнүндө чек басып чыгарат;
- арызды кабыл алат жана шайлоочунун паспортунун көчүрмөсүн, толтуруунун жана көрсөтүлгөн маалыматтын тура экендигин текшерет, арызга идентификациядан өткөндүгү жөнүндө басып чыгарылган чекти тиркейт;
- шайлоочуга арыздын төмөнкү бөлүгүндө жайгаштырылган арызды карап чыгуунун макамын тактоо боюнча маалымат менен айрыма талонду берет.

**Идентификациялоодон өткөндүгү жөнүндө чек болбосо шайлоочунун арызын кабыл алууга жол берилбейт жана АШК системалык администратору тарабынан кабыл алынбайт.**

**Күн сайын УШК мүчөсү - идентификациялоо оператору арыздардын реестрин түзөт (КР БШКнын 11.02.2020-ж. № 40 токтому менен бекитилген "Шайлоочуларды бирдиктүү каттоо системасы жөнүндө" жобонун 7 жана 8-тиркемелери) жана тиешелүү чараларды көрүү үчүн аларды АШКнын системдик администраторуна жөнөтөт. Реестрге милдеттүү түрдө арыздар, идентификациялык чектер жана шайлоочулардын паспортторунун көчүрмөлөрү тиркелиши керек.**

Шайлоочулардан келип түшкөн арыздарды иштеп чыгуудан жана КБМРда камтылган маалыматтар менен шайлоочулардын тизмесин актуалдаштыруудан кийин, КР БШК шайлоочулардын акыркы тизмесин түзөт.

КР БШК добуш берүү күнүнө чейин 3 календарлык күн мурда идентификациялоо боюнча жабдуулардын комплектин жана керектелүүчү материалдарын жеткирүүнү камсыз кылат жана идентификациялоо боюнча жабдуулардын толук сакталышын камсыз кылуу үчүн аларды жергиликтүү мамлекеттик администрацияларга өткөрүп берет.

Шаарлардын мэрияларына жана жергиликтүү мамлекеттик администрацияларынын алдында идентификациялоо боюнча жабдууларды алуу, сактоо жана УШКга жеткирүү боюнча штабдар түзүлөт. Штабдын курамына аймактык шайлоо комиссияларынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын, ММКнын аймактык түзүмдөрүнүн жана башка мамлекеттик органдарынын мүчөрлөрү жана кызматкерлери кирет.

Добуш берүү аяктагандан кийин МКК шайлоого катышкан шайлоочулардын тизмесин түзөт жана анын электрондук версиясын КР БШКга токтоосуз берет.

**Добуш берген күнү социалдык тейлөө жана саламаттык сактоо уюмдарында жүргөн жарандарын шайлоо укуктарын камсыз кылуу боюнча УШКнын ишин уюштуруу**

Стационардык дарылоо-профилактикалык мекемелеринде, шектелүүчү жана айыпталуучу катары камакта кармоо жерлердеги шайлоочулардын жана ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген шайлоочулардын эсебин уюштуруу максатында ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар – Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматы, Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлиги ар бир жылдын 1-февралына жана 1-августуна карата жогоруда аталган шайлоочулардын иш жүзүндөгү саны жөнүндө маалыматтарды КР БШКга берүүгө милдеттүү.

Бул ыйгарым укуктуу органдар тарабынан маалыматтар белгиленген үлгүдөгү форма боюнча берилет.

Шайлоочулар жөнүндө бул маалыматтар добуш берүү күнүнө чейин **64 календардык күндөн** кеч эмес КР БШК МККга шайлоочулардын алдын ала тизмесин түзүү үчүн жиберилет.

УШК чет өлкөдөдобуш берүү күнүнө чейин **11 календардык күн** мурдашайлоочулардын тизмесиндеги так эместиктерди өзгөртүү, шайлоо дарегин алмаштыруу жөнүндө шайлоочулардын арыздарын кабыл алууну токтотот жанадобуш берүү күнүнө **чейин 9 календардык күн** мурдадипломатиялык миссиялардын жетекчилери шайлоочулардын акыркы тизмесине кошуу үчүн МККга биометрикалык каттодон өткөн жарандардын маалыматтарын камтыган электрондук алып жүрүүчүлөрдүноутбуктарды жеткирүүнү камсыз кылат жана көмөк көрсөтөт

**КР Президентин, КР Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону, КРда референдумду даярдоодо жана өткөрүүдө** КР ССМ, КР УКМК, ЖАМК, КР КИМК, КР КК ГШ, КР ИИМ, КР ЭСӨМ, үзгүлтүксүз иштеген ишканалардын (вахта иштеринин) жетекчилери добуш берген күнү стационардык дарылоо-профилактикалык мекемелеринде, шектелүүчү жана айыпталуучу катары камакта жаткан жерлердеги, үзгүлтүксүз иштеген ишканалардагы (вахта иштериндеги) **шайлоочулар,** кыска мөөнөттөгү аскер кызматчылары, аскер кызматчылары жана алардын үй-бүлө мүчөлөрү, аскер бөлүктөрүндө жашаган башка адамдар тууралуу маалыматтарды түзөт жана **добуш берүү күнүнө чейин 9 календардык күндөн кечиктирбестен** УШКга берет.

### 2.2. УШКнын шайлоочулардын тизмелери менен иштөөсү

***(Регулируется ст. 30 КЗ КР*** «О выборах Президента КР и депутатов ЖК КР»)

Для участия в голосовании избиратель получает избирательный бюллетень, который является документом строгой отчетности. Форма и степень его защиты определяются Центральной избирательной комиссией. Число избирательных бюллетеней не может превышать число зарегистрированных избирателей более чем на 0,1 процента.

**УШК шайлоо бюллетендерди УШКнын 3төн кем эмес мүчөлөрүнүн катышуусунда акт боюнча добуш берүү күнүнө чейин 2 календардык күн мурда алат.**

↓

**Шайлоо бюллетендерине участкалык шайлоо комиссиясынын мөөрүн коюу менен участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы жана катчысы кол коёт.**

↓

**Шайлоо бюллетендери даярдалгандан кийин талапкерлердин тизмесинен чыгып кеткен учурда, участкалык шайлоо комиссиялары тиешелүү саясий партиялар жөнүндө шайлоо бюллетендериндеги маалыматтарды чийип салат.**

↓

**Шайлоо бюллетендери, шайлоочулардын тизмеси жана башка шайлоо документтери, УШКнын мөөрү сакталып турган атайын сейф (шкаф) болгон жай мөөр басып бекитилет жана ички иштер органдарынын кызматкерине кайтарууга тапшырылат.**

↓

**Шайлоо участкалары ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдардын шайлоо бюллетендерин өз алдынча толтуруусу үчүн атайын трафареттер, анын ичинде Брайль шрифти колдонулган бюллетендер менен жабдылат.**

**Басмакананын, шайлоо комиссиясынын жайларынан шайлоо бюллетендерин алып чыгууга, ошондой эле шайлоо бюллетендерин көчүрмөлөөгө жана таратууга тыюу салынат.**

## 2.3.Добуш берүү үчүн жайдан тышкары жерде добуш берүүнүн тартиби

***(«КР Президентин жана КР ЖК депутаттарын шайлоо жөнүндө» КРМыйзамынын 33-беренеси менен жөнгө салынат)***

Шайлоочулардын **тизмесине киргизилген шайлоочулар,**

- ден соолугунун абалы же майыптыгы боюнча добуш берүү үчүн шайлоо участкасына келе албаган шайлоочулар;
- добуш берүү күнү ооруканаларда, шектүүлөр жана айыпталуучулар кармалган жайларда камалып турган шайлоочулар;
- алыскы жана жетүүгө кыйын райондордо жайгашкан жерлерде, мал чарбасынын алыскы участкаларында убактылуу жашаган шайлоочулар;
- ошондой эле өзгөчө учурларда тиешелүү шайлоо комиссиясынын чечими боюнча калктуу конуштардан алыс обочолонгон жерлерде жайгашкан аскер бөлүктөрүндө шайлоо күнү кызмат өтөп жаткан аскер кызматчылары, шайлоо күнү кызмат өтөп жаткан ички иштер органдарынын кызматкерлери, эгер алар шайлооучасткасынын аймагындатуруктуу жашаса, ага өзүнүн жайгашкан жери боюнча алардын убактылуу турган жери кирет;
- иштин үзгүлтүксүз цикл менен ишканаларда иштеген шайлоочулар;
- вахта ыкмасы менен иштеген шайлоочулар өзүнүн **турган жери боюнча добуш берет.**

**УШК** мындай шайлоочуларга добуш берүү үчүн жайдан тышкары **добуш берүү мүмкүнчүлүгүндобуш берүү күнүнө бир календарлык күн калганда камсыз кылууга милдеттүү.**

Добуш берүү үчүн жайдан тышкары жерде добуш берүү шайлоо күнүнө чейин бир календарлык күн калганда саат 08:00дон 20:00го чейинки мезгилде гана жана шайлоочунун добуш берүү үчүн жайдан тышкары жерде добуш берүү мүмкүнчүлүгүн түзүү жөнүндө жазуу жүзүндөгү арызынын негизинде гана жүргүзүлөт.Шайлоочунун арызы участкалык шайлоо комиссиясы түзүлгөндөн кийин ар кандай учурда, бирок добуш берүү күнүнө чейин 3 календарлык күндөн кечиктирбестен жасалышымүмкүн.

УШК берилген бардык арыздарды атайын реестрде каттайт. Добуш берүү үчүн жайдан тышкары жерде добуш берүүгө мүмкүнчүлүк түзүү жөнүндө арызда шайлоочу добуш берүү үчүн жайга келе албай тургандыгынын себеби жана шайлоочу жөнүндө маалыматтар көрсөтүлүүгө тийиш.

УШКда добуш берүү үчүн көчмө үкөктөр болууга тийиш. Добуш берүү үчүн жайдан тышкары жерде добуш берүүнү УШК мүчөлөрү оператор менен бирдикте жүргүзүп, алар зарыл болгон сандагы шайлоо бюллетендерин ведомость боюнча, ошондой эле алдын ала мөөр басылган (пломба коюлган) көчмө үкөктүакт боюнча кол коюп алышат. Добуш берүү үчүн жайдан тышкары жерде добуш берүү талапкерлердин өкүлдөрүнүн, байкоочулардын, жалпыга маалымдоо каражаттарынын катышуусу менен жүргүзүлөт.

УШК добуш берүү күнүнө чейин 2 күн калганда өзүнүн жыйналышында добуш берүү үчүн жайдан тышкары добуш берүүнү уюштура турган комиссиянын мүчөлөрүн чүчүкулак менен аныктайт (УШК мүчөлөрүнүн экиден кем эмесин). УШКнын төрагасы жана катчысы чүчүкулакка катышпайт.

| |
|---|
| **УШК добуш берүү күнүнө чейин 2 күн калганда өзүнүн участкасына добуш берүүчү жайдан тышкары добуш берүү мүмкүнчүлүгүн берүү тууралуу жазуу жүзүндө арыз берген шайлоочулардын реестрин илип коюуга милдеттүү.** |

УШК төрагасы участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнө, ошондой эле катышып жаткандарга кароо үчүн жайдан тышкары добуш берүү үчүн бош көчмө үкөктөрдүкөрсөтөт,

аларга участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы, катчысы жана башка мүчөлөрү, катышып жаткандардын колу коюлуп, мөөр басылган А4 форматындагы барак менен чапталат (пломбаланат) жана участкалык шайлоо комиссиясынын мөөрү менен ырасталат.

Андан кийин УШК төрагасы бекитилген добуш берүү үчүн үкөктөргө контролдук барактардысалат.

**Инфекциянын жайылышын алдын алуу жана санитардык-эпидемиологиялык коопсуздукту камсыз кылуу максатында, шайлоо комиссиялары идентификациялоо жүргүзүүдө жана добуш берүүчү жайдан тышкары добуш берүүнү өткөрүүдө коргонуу жана дезинфекциялоочу каражаттарды (бактерияга каршы салфеткаларды, санитайзерлерди, жабдуулардын операторлору үчүн латекс колкаптарды ж.б) өздөрү пайдаланууга жана шайлоочуларга берүүгө, үстүнкү беттерди дезинфекциялоочу каражаттар менен тазалоону камсыз кылууга тийиш.**

Шайлоочуга келгенден кийин УШК мүчөлөрү оператор менен бирдикте шайлоочунун биометрикалык жана (же) жекече маалыматтары боюнча идентификациялоону жүргүзөт, андан кийин УШК мүчөсү ага чектин ордуна шайлоо бюллетенин берет.

Шайлоо бюллетенин бергенде шайлоочулардын кагаз жүзүндөгү тизмесине шайлоочунун инсандыгын ырастоочу документтин сериясы жана номери жазылат. Шайлоочу жүргүзүлгөн жазуунун тууралыгын текшерет жана шайлоочулардын кагазжүзүндөгү тизмесине кол коёт.

Шайлоочу ал жерде башка адамдардын катышуусуна жол берилбеген атайын орунда шайлоо бюллетенин толтурат.

**Эгерде шайлоочу ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелгендигинин кесепетинен же ден соолугунун абалы боюнча шайлоо бюллетендерин алууда өз алдынча кол кое албаса же шайлоо бюллетенин толтура албаса, ал Мыйзамда каралган тартипте башка шайлоочунун жардамынан пайдаланууга укуктуу.**

Добуш берүү үчүн жайдан тышкары добуш берген шайлоочунун паспортунун номери менен сериясы шайлоочулардын тизмесине киргизилет жана ошол эле маалда шайлоочулардын тизмесинин тиешелүү графасына «Добуш берүү үчүн жайдан тышкары добуш берди» деген жазуу жазылат.

Жайдан тышкары добуш берүүнүн аякташы боюнча добуш берүү үчүн көчмө үкөктөрдүн көзөнөктөрү УШК төрагасы, катчысы жана башка мүчөлөрү, катышып жаткан байкоочулар тарабынан кол коюлган, А4 форматындагы барак менен чапталат (пломбаланат) жана УШКнын мөөрү менен ырасталат.Көчмө үкөк сейфте (шкафта) сакталат, ал мөөр басылып кошумча бекитилет (пломбаланат).

**Добуш берүү үчүн жайдан тышкары добуш берген шайлоочулардын добуштарын эсептөө, добуш берүү үчүн жайда добуш берүүнүн аякташы боюнча жүргүзүлөт.**

**Добуш берүү үчүн жайдан тышкары добуш берүүнү өткөрүү боюнча УШК мүчөлөрүнүн иш-аракеттеринин алгоритми**

Шайлоочуга келгенде УШК мүчөсү идентификациялоону жүргүзүүчү оператор менен бирдикте жаран паспортун көрсөткөндө паспорттогу сүрөт менен шайлоочунун окшош экендигин визуалдуу салыштырат

↓

Паспорт боюнча шайлоочу идентификациялоодон ийгиликтүү өткөндөн кийин биометрикалык маалымат боюнча шайлоочуга идентификациялоо жүргүзүлөт.

↓

Колдун манжаларынын издери боюнча идентификациялоодон ийгиликтүү өткөндөн кийин шайлоочу үчүн чек басып чыгарылат

↓

Чек басылып чыккандан кийин шайлоочуну идентификациялоо аяктады деп эсептелинет!

**Шайлоочунун идентификациялоодон өткөндүгү жөнүндө чек жок болгон учурда, добуш берүү үчүн бюллетень берилбейт, шайлоочуга добуш берүүгө жол берилбейт!**

**МААНИЛҮҮ!**

Шайлоочуну идентификациялоо жүргүзгөн оператор менен бирдикте УШК мүчөсү жаран паспортун көрсөтпөгөн учурда **идентификациялоо жол-жоболорунан жаранды өткөрүүдөн баш тартууга милдеттүү.**

Идентификациялоо процесси аяктагандан кийин идентификациялоону жүргүзгөн оператор шайлоочуга паспортун кайтарып берет жана добуш берүү үчүн зарыл болгон чекти тапшырат.

↓

УШК мүчөсү шайлоочудан чекти алып, чектин ордуна добуш берүү бюллетенин берет.

↓

Шайлоочу ал жерде башка адамдардын катышуусуна жол берилбеген атайын орунда шайлоо бюллетенин толтурат жана жашыруун добуш берүү камсыз кылынат, андан кийин бюллетень көчмө үкөккө салынат

↓

Жайдан тышкары добуш берүүнүн аякташы боюнча добуш берүү үчүн көчмө үкөктөрдүнкөзөнөктөрүн УШК төрагасы, катчысы жана башка мүчөлөрү, байкоочулар тарабынан кол коюлган жана УШКнын мөөрү менен ырасталган А4 форматындагы барак менен УШК мүчөсү чаптайт (пломбалайт).

↓

**МААНИЛҮҮ!**
Жайдан тышкары добуш берүү аяктагандан кийин шайлоочуну идентификациялоону жүргүзгөн оператор УШК мүчөсү менен бирдикте жайдан тышкары добуш берген шайлоочуларды идентификациялоону өткөрүү жөнүндө баштапкы жана жыйынтыктоочу отчетту токтоосуз УШК төрагасына берүүгө милдеттүү.

↓

УШК мүчөсү көчмө үкөктөрдүн сакталышын камсыз кылат. Көчмө үкөктөр сейфте (шкафта) сакталат, ал мөөр басылып кошумча бекитилет (пломбаланат).

↓

Жайдан тышкары добуш берүү аяктагандан кийин Акт түзүлөт
Актыга жайдан тышкары добуш бергеншайлоочуларды идентификациялоону өткөрүү жөнүндөбаштапкы жана жыйынтыктоочу отчеттор тиркелет.Актыны түзүүгө катышкан ар бир адамга актыга кол коюлгандан кийин токтоосуз түрдө мөөр менен күбөлөндүрүлгөн анын көчүрмөлөрү берилет

↓

**МААНИЛҮҮ!**
Байкоочулар УШК мүчөлөрүн коштоп жүрүүгө жана жайдан тышкары добуш берүүнүн жол-жоболорун контролдоого укуктуу, бирок мында шайлоо бюллетендерин толтурууда добуш берүүчүлөрдүн өз эркин жашыруун билдирүүсүн камсыз кылууга милдеттүү.

**ДОБУШ БЕРҮҮ ҮЧҮН ЖАЙДАН ТЫШКАРЫ ДОБУШ БЕРҮҮ**

- Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын атайын окутулган адамдары добуш берүү үчүн жайдан тышкары добуш берүүгө чыгардын алдында комиссия мүчөлөрүнүн, байкоочулардын, талапкерлердин жана ЖМКнын өкүлдөрүнүн дене таптарын өлчөөнү камсыз кылат.
- Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары шайлоо кломиссиялары үчүн жумушчу орнун жайлардын үстүнкү беттерин, транспортторун дезинфекциялоочу каражаттар менен иштеп чыгууну камсыз кылат.
- Жайдан тышкары добуш берүүнү жүргүзүү үчүн жөнөп жаткан УШК мүчөлөрү үчүн жеке коргонуу каражаттары жана бахилалар берилет.
- Чыгып жатышкан УШК мүчөлөрү үчүн санитайзерлердин болушу зарыл.
- Добуш берүү үчүн жайдан тышкары добуш беришкен шайлоочуларга бир жолку кол каптар жана бет каптар акысыз берилет.
- Байкоочуларды, талапкерлердин, ЖМК, жөнөткөн уюмдардын өкүлдөрүн Сиз менен камсыз кулуу.
- Ар бир шайлоочуга чейин жана андан кийин идентификациялоо жабдууларын жана АСУну дезинфеакциялоо.
- Добуш берүү үчүн жайдан тышкары добуш берүү аяктагандан кийин жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жооптуу адамдарынын УШК мүчөлөрүнүн ал-абалын көзөмлдөөсү.

**2.4.УШКнын талапкер өкүлдөрү менен өз ара аракеттери**

***(«КР Президентин жана КР ЖК депутаттарын шайлоо жөнүндө» КРМыйзамынын 9, 17-20-беренеси менен жөнгө салынат)***

**Кандидат вправе назначить в избирательную комиссию своего представителя:**

- уполномоченного представителя;
- доверенного лица;
- представителя в избирательных комиссиях (после регистрации кандидата);
- наблюдателя.

НКО вправе в порядке, установленном своими уставами, принять решение об участии наблюдении за выборами и направлении своих общественных наблюдателей. НКО может зарегистрировать не более трех общественных наблюдателей в каждой УИК. При этом на одном избирательном участке одновременно может находиться только один общественный наблюдатель от одной НКО.

| **Ыйгарым укуктуу өкүл** («КР Президентин жана КР ЖК депутаттарын шайлоо жөнүндө» КР Мыйзамынын 19-беренеси) | **Ишенимдүү адам** («КР Президентин жана КР ЖК депутаттарын шайлоо жөнүндө» КР Мыйзамынын20-беренеси) | **Шайлоо комиссиясындагы өкүл** («КР Президентин жана КР ЖК депутаттарын шайлоо жөнүндө» КР Мыйзамынын 17-18-беренелери ) | **Байкоочу/Коомдук байкоочу («КР** Президентин жана КР ЖК депутаттарын шайлоо жөнүндө» КР Мыйзамынын .7, 8-1 - беренелери ) |
|---|---|---|---|
| **укуктуу эмес:** | | | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| -Жогорку Кеңештин, жергиликтүү кеңештин депутаттары, - Жогорку Кеңештин, жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкерлер,<br>-саясий, атайын мамлекеттик кызмат орундарын жана саясий муниципалдык кызмат орундарын ээлеп турган адамдар, мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматчылар,<br>-шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү,<br>- судьялар,<br>-ички иштер органдарынын жана фискалдык органдардын кызматкерлери,<br>- диний ишмерлер,<br>-чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар боло алышпайт. | -шайлоо комиссияларынын ишине кийлигишүүгө;<br>-добуш берүүчү жайда шайлоо бюллетендерин алгандагы үчүн шайлоочунун өтүнүчү боюнча ал үчүн кол коюуга, ошондой эле атайын жабдылган жерде же жашыруун добуш берилүүчү бөлмөдө ал үчүн шайлоо бюллетенин толтурууга;<br>- эгерде алар жалпыга маалымдоо каражаттарынын редакцияларынын кызматкерлери болуп саналса, маалыматтык теле- жана радиопрограммаларды (берүүлөрдү) жүргүзүүгө, шайлоону жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу чагылдырууга катышууга. | -шайлоо комиссиясы тарабынан жүргүзүлүүчү текшерүүлөргө катышууга;<br>-түшүндүрмөлөрдү жана көрсөтмөлөрдү берүүгө, шайлоо комиссиясынын атынан билдирүү жасоого;<br>-добуш берүүнүн жыйынтыктары жана шайлоонун натыйжалары жөнүндө протоколдорду түзүүгө;<br>-шайлоо комиссиясынын ыйгарым укуктарына таандык чечимдерди кабыл алууда добуш берүүгө катышууга;<br>-шайлоо комиссиясынын чечимдерине жана протоколдоруна кол коюуга. | -шайлоочуларга шайлоо бюллетендерин берүүгө;<br>-шайлоо бюллетендерин алууда шайлоочунун өтүнүчү боюнча ал үчүн кол коюуга;<br>-добуш берүүнүн жашыруундуулугун бузуучу аракеттерди жасоого;<br>-шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү тарабынан жүргүзүлүп жаткан шайлоо бюллетендерин саноого катышууга;<br>-УШКнын ишине бөгөт кылууга.<br>-шайлоочулардын арасында үгүт иштери жүргүзүүгө;<br>-УШКнын чечимдерди кабыл алуусуна катышууга;<br>- өзүнүн статусун шайлоону даярдоого жана өткөрүүгө байкоо жүргүзүү менен байланышпаган ишти жүргүзүү үчүн пайдаланууга. |

**МААНИЛҮҮ!ЭСКЕ ТУТУҢУЗ!**

Талапкер ар бир шайлоо комиссиясына **экиден ашык эмес байкоочу** дайындай алат, алар **кезектешип добуш берүүгө байкоо жүргүзүүгө** жана добуш берүүчү -жайларда башка шайлоо аракеттерине байкоо жүргүзүүгө **укуктуу. Бирталапкердинкызыкчылыгынкөздөгөнэкижеанданкөпбайкоочулардын шайлоо комиссияларынын жайларында, добуш берүүчү жайларда бир эле учурда байкоочунун ыйгарым укуктарын ишке ашырууга жол берилбейт.**

***2.5. Шайлоочулардын, анын ичинде ДМЧ шайлоочулардын шайлоо укуктарын камсыз кылууда УШКнын мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өз ара аракети***

***(«КР Президентин жана КР ЖК депутаттарын шайлоо жөнүндө» КРМыйзамынын 1, 14, 22, 27, 29, 30-беренелери, «КРда шайлоо жана референдумдарды өткөрүүдө ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген жарандардын шайлоо укуктарын ишке ашырууну камсыз кылуу тууралуу 2020-жылдын 4-февралындагы№ 29 жобо, «КРда шайлоо жана референдумдарды өткөрүүдө өзүнчө категориядагы жарандардын шайлоо укуктарын камсыз кылуу тууралуу» 2020-жылдын 4-февралындагы№ 30 жобоменен жөнгө салынат)***

Добуш берүү процессин уюштуруу мыйзамдарга ылайык шайлоо комиссияларына жүктөлөт. Мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, мамлекеттик жана муниципалдык мекемелер, уюмдар жана ишканалар, ошондой эле кызмат адамдарыаларга добуш берүү процессин даярдоого жана өткөрүүгө көмөк көрсөтөт.

Мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, ошондой эле алардын кызмат адамдары шайлоо комиссияларына алардын ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырууда:зарыл болгон жабдууларды, транспорттук каражаттарды, телефондоштурулган жайларды, анын ичинде технологиялык жабдууларды (стенддер, үкөктөр, добуш берүү үчүн кабиналар ж.б) шайлоо документтерин сактоо үчүн жайлардыаларды жогору турган комиссияга

же архивге өткөрүп берүүгө чейин берүүгө, ошондой эле аларды кайтарууну камсыз кылууга, зарыл болгон маалыматтарды жана материалдарды, шайлоо комиссиялардын шайлоо, референдум даярдоо жана өткөрүү менен байланыштуу кайрылууларына кечиктирбестен жооп берүүгө, ал эми тийиштүү маселеникошумча изилдөө же текшерүү зарылдыгы болсо –үч күндүк мөөнөттө, ал эми добуш берүү күнү же добуш берүү күндөн кийинки күнү- токтоосуз жооп берүүгө көмөк көрсөтүүгө милдеттүү.

Эгерде талаптар аткарылбаса же талаптагыдай эмес аткарылса, ага тете мыйзамда каралган мөөнөттөрдү бузуу үчүн мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, саясий партиялардын, башка коммерциялык эмес уюмдардын жана башка юридикалык жактардын кызмат адамдары мыйзамга ылайык жоопкерчилик тартат.

Добуш берүүнү өткөрүү үчүн добуш берүү үчүн жайлар бөлүнөт. Добуш берүү үчүн жайлар мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдар тарабынан участкалык шайлоо комиссияларына пайдаланууга акысыз берилет.

Добуш берүү үчүн жай жайгашкан имаратта шайлоо участогунун номери көрсөтүлгөн көрнөк болушу зарыл. Жайдын киребершинде участкалык шайлоо комиссиясынын иштөө убактысын көрсөтүү менен көрнөк болушу керек, ошону менен биргекөрнөктү участкалык шайлоо комиссиясы жайгашкан имараттын киреберишине да илип коюу зарыл. Добуш берүүнү өткөрүү үчүн жайлар өрткө каршы коопсуздук, санитардык тийиштүү ченемдерге жооп бериши керек жана шайлоочуларга ыңгайлуу болууга тийиш.

### Шайлоо участкасында жана добуш берүү үчүн жайда коопсуздукту камсыз кылууда УШКнын мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өз ара аракеттенүүсү

Шайлоо участогунун жайына эң негизги талаптардын бири өрт коопсуздугун камсыз кылуу болуп саналат. Ошондуктан жергиликтүү мамлекеттик администрациясынын башчысы, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун башчысы (шаардын мэри, айыл өкмөтүнүн башчысы), шайлоо комиссиясы добуш берүү үчүн жайды тандоодо төмөнкүлөрдү эске алуусу зарыл:

– жайда оң иштеген, ишке жөндөмдүү автоматтык өрт сигнализациясынын, өрт учурунда адамдарды эвакуациялоону башкаруу жана кабарландыруу системасынын бар болушу;
– өрт коопсуздугунун талаптарына ылайык эвакуациялык чыгуучу жеринин болушу;
– баштапкы өрт өчүрүүчү каражаттарынын бар болушу;
– өрт чыккан учурда (анын ичинде добуш берүү үчүн жайда) эвакуациялоо планынын болушу.

Инфекциянын жайылышын алдын алуу жана санитардык-эпидемиологиялык коопсуздукту камсыз кылуу максатында, шайлоо комиссиялары идентификациялоо жүргүзүүдө жана добуш берүүчү жайдан тышкары добуш берүүнү өткөрүүдө коргоочу жана дезинфекциялоочу каражаттарды (бактерияга каршы салфеткаларды, санитайзерлерди, жабдуулардын операторлору үчүн латекс кол каптарды ж.б) өздөрү пайдаланууга жана шайлоочуларга берүүгө, дезинфекциялоочу каражаттар менен үстүнкү беттерин тазалоону камсыз кылууга тийиш.

Шайлоо участкасы жайды участкалык шайлоо комиссиясына өткөрүп бергенге чейин шайлоо участогу жайгашкан объекттин жетекчиси мамлекеттик өрт көзөмөлдөө органдарынын жазма буйруктарын толук аткарууну камсыз кылат, анын ичинде буйрук менен тийиштүү өрт коопсуздугу режимин белгилейт, өрткө каршы ички суу түтүгүнүн (болсо), жарык берүү жана ток тармактарынын оң экендигин текшерет, автоматтык өрткө каршы системаны сыноодон өткөрөт, өрт өчүрүүнүн баштапкы каражаттарынын, байланыш жана билдирүү каражаттарынын болушун камсыз кылат,шайлоо комиссиясынын төрагасы, шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү жана участокту тейлөө үчүн тартылган персонал менен бирдикте

өрт коопсуздугунун чаралары жана аракеттери жөнүндө кол койдуруу менен нускоо берет жана аларды жайлардын жайгашуусу, эвакуациялоо жолдору, эвакуациялоо чыга бериштери, өрт өчүрүүнүн баштапкы каражаттары, телефондук байланыш каражаттарынын жана сигнал берүү каражаттарынын жайгашкан жери менен тааныштырат.

Электр энергиясы өчүп алган учурга шайлоо участкасынын имараты азыктануунун альтернативалуу булактары, фонарлар жана шамдар менен камсыздалат.

Добуш берүү үчүн кабинада жарык берүүчү лампалар кубаттуулугу 60 Вт ашык эмес чыңалуусу менен күйүүчү эмес негизде орнотулат. Шайлоо өткөрүү менен байланышпаган жайлар жабык болушу керек. Өтүүчү жерлерди, коридорлорду буюмдар менен үйүүгө, эвакуациялоо жолдорунда соода сатык точкаларын жайгаштырууга тыюу салынат.

Шайлоо участкасынын жайлары өрт өчүрүүчү каражаттар менен камсыздалат. Шайлоо участкаларында тамеки чегүүгө уруксат берилбейт.

Электр жабдууларынын абалы адис тарабынан текшерилип, табылган кемчиликтер шайлоо башталганга чейин четтетилиши керек.

УШК төргасы шайлоо башталарда жайларды карап чыгууга милдеттүү жана алардын өрт коопсуздугуна ынанышы керек.

### 2.6. УШКнын мамлекеттик бийлик органдары жана жергиликтүү бийлик органдары менен ДМЧ шайлоочулардын шайлоо укуктарын камсыз кылууда өз ара аракеттенүүсү

#### Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген шайлоочулар

Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген шайлоочулар деп, активдүү шайлоо укугуна ээ, жалпы шарттарда шайлоо укуктарын толук жүзөгө ашырууну чектөөгө алып келген **угуу, көрүү, таяныч-кыймыл аппаратынын функциялары бузулган,** оорулар, жаракаттардын жекемчиликтердин кесепеттери менен шартталган организмдин функциялары туруктуу бузулган ден соолугу начар Кыргыз Республикасынын жарандары таанылат.

УШК ДМЧ шайлоочулар менен өз ишинде майыптуулук категориясы менен шартталган алардын өзгөчөлүктөрүн эске алышы керек.

Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген Кыргыз Республикасынын жараны шайлоого жана шайланууга, шайлоодо жана референдумдарда добуш берүүдө Кыргыз Республикасынын Конституциясында кепилденген тикелей жана купуя эрк билдирүү жолу менен бирдей негизде катышууга укуктуу.

Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген жарандардын шайлоо укуктарын ишке ашырууну камсыз кылуу шайлоо комиссияларына жүктөлөт.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, мамлекеттик жана муниципалдык мекемелер, социалдык өнүктүрүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык бөлүмүндөрүнүн жетекчилери., ошондой эле алардын кызмат адамдарыден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген жарандардын шайлоо укуктарын ишке ашыруу үчүн шарттарды камсыз кылууда Борбордук шайлоо комиссиясынын атайын өкүлүнө жана шайлоо комиссияларына көмөк көрсөтөт.

Шайлоо укуктарын ишке ашыруу үчүн ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрүнүн чектелгендиги бар шайлоочулардын категориясына төмөнкүлөр кирет:

- азиз жана көрүүсү начар шайлоочулар – өзүнүн шайлоо укуктарын өз алдынча ишке ашырууга тоскоолдук болуучу көрүүсүнүн бузулуусу бар жарандар;

- дүлөй жана угуусу начар шайлоочулар – өзүнүн шайлоо укуктарын өз алдынча ишке ашырууга тоскоолдук болуучу угуусунун бузулуусу бар жарандар;
- таяныч-кыймыл аппаратынын функцияларынын бузулуусу бар шайлоочулар – өз алдынча ары бери жүрүүсү чектелгендиги менен байланышкан бузулуусу бар жарандар.

Шайлоо комиссияларынын ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген жарандардар менен өз ара аракеттенүүсүндө баарлашуунун этикалык ченемдери: сый урматтоо, гумандуулук, сылыктык, сабырдуулук, жарандын жеке турмушуна кийлигишпөө ченемдери сакталышы керек .

**Шайлоочулардын тизмесиндеги ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген шайлоочулардын маалыматтарын киргизүү, так эместиктерди оңдоо**

Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген сү барларды эсепке алуу үчүн социалдык өнүктүрүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган ар бир жылдын 1-февралына жана 1-августуна карата абал боюнча аталган шайлоочулардын иш жүзүндөгү саны жөнүндө маалыматтарды КР БШКга берүүгө милдеттүү.

Тийиштүү шайлоо участкасынын шайлоочуларынын тизмесинде жаран жок болгон учурда **УШК МККнын Тейлөө борбору аркылуу (119** акысыз **номери** боюнча) шайлоочу жөнүндө төмөнкү маалыматты текшерет:

А) башка шайлоо участкасынын шайлоочуларынын тизмесинде шайлоочунун бар экендигин;

Б) шайлоочулардын тизмесинде шайлоочунун жок экендигин.

Эгерде шайлоочу башка шайлоо участкасынын шайлоочуларынын тизмесине киргизилсе же анын жеке маалыматтарында так эместиктер аныкталса (дареги, Ф.А.А. туура эмес жазылса ж.б.), анда **аларга шайлоочулардын тизмесинен өзүнүн маалыматын тактоо** боюнча арыз толтурууга көмөк көрсөтүшөт жана инсандыгын тастыктаган документтин көчүрмөсү (паспорт) менен чогуу **добуш берүү күнүнө чейин 11 календарлык күндөн кечиктирбестен** аларды системдик администраторго берет.

**Добуш берүүчү жайга жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу (керектөө картасы)**

ДМЧ шайлоочуларынын шайлоо укуктарын жүзөгө ашыруу, добуш берүүчү жайга жетүүнүн максималдуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу үчүн добуш берүү күнүнө чейин **45 календардык күндөн кеч эмес ДМЧ шайлоочуларынын керектөө картасы** (мындан ары –«Керектөө картасы»)**түзүлөт**.

ДМЧ шайлоочуларынын жеке маалыматтары УШК боюнча Керектөө картасына киргизилип, тийиштүү УШКга жөнөтүлөт.

Керектөө картасын алгандан кийин **УШКдобуш берүүчү жайга жана маалыматтык материалдарга жеткиликтүүлүктү баалоону жүргүзөт.** Добуш берүүчү имаратка кирүүдө пандустун бар же жок экендиги Керектөө картасында көрсөтүлөт.

. **УШК** добуш берүү үчүн шайлоо участкасын жана добуш берүүчү жайларды жабдууда төмөндөгү **талаптарды сактоого тийиш:**

- добуш берүү үчүн столдор, кабиналар жана урналар, ошондой эле маалымат такталары колясkaларды пайдаланган же өз алдынча кыймылдашы оор болгон шайлоочулар үчүн жеткиликтүү болгондой (бийиктиги, туурасы, кеңдиги жана жайгашкан жери боюнча) жайгаштырылууга тийиш;

- добуш берүү үчүн бир кабина туурасы 40 см кем эмес, тереңдиги 30см кем эмес, полдун деңгээлинен 75 см өлчөмүндө бийик турган бюллетендерди толтуруу үчүн орун-жай (стол, текче, таянгыч) менен жабдылууга тийиш;
- добуш берүүчү жайга чоңойтуучу айнек (лупа) жана/же Брайль трафарети коюлуусу керек, мүмкүн кошумча жарык берүү, орундук коюлушу (жок дегенде добуш берүү үчүн бир кабина үчүн) зарыл;
- добуш берүүчү жайда болгон адамдар бюллетенге коюлуп жаткан белгилерди көрбөшү үчүн добуш берүү үчүн урна (АЭУ) атайын жабдылган добуш берүү кабинасынан бир жарым метрден ашык эмес жерде жайгаштырылууга тийиш.

Жашаган жеринен добуш берүүчү жерге ДМЧ шайлоочуларынын максималдуу ыңгайлуу жетүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу максатында **УШК аймактык шайлоо комиссияларына өтүнүч жасап,** тийиштүү аймактык бөлүмдөргө, ЖӨБО жана уюмдарга **кайрылуу жөнөтө алат:**

- мындай шайлоочуларга атайын транспорт бөлүп берүү, атайын такси кызматын уюштуруу ж.б. жөнүндө;
- мындай шайлоочуларды коштоп жүрүү менен жардам көрсөтүү боюнча ыктыярчыларды, сурдокотормочуларды ишке тартуу, «ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген коңшу шайлоочуну ала кел» деген акцияларды же башка ушул сыяктуу акцияларды жүргүзүү жөнүндө кайрыла алат.

Мындай чараларды ишке ашырууда **УШК добуш берүүгө катышуу эркиндигине, тике өз эркин тикелей билдирүүгө жана добуш берүүдөгү купуялуулукка кийлигишүүгө жол берилбестиги тууралуу** маалымат берүүгө тийиш. Жогоруда көрсөтүлгөн бузууларга жол берилген учурда мыйзамдарда каралган жазык жана башка жоопкерчилик келип чыгары жөнүндө маалымат берүү зарыл.

Эгерде добуш берүү үчүн жай ДМЧ шайлоочуларынын кириши үчүн атайын жөлөнгүчтөр менен жабдылбаса, **УШК шайлоо күнүнө чейин 30 календардык күндөн кеч эмес** тийиштүү ЖӨБОго ДМЧ шайлоочуларынын добуш берүүсү үчүн жайга кирүүнүн жеткиликтүү болушун камсыз кылуу боюнча чараларды кабыл алуу тууралуу **кайрылуу жөнөтөт.**

Пандус менен жабдуу мүмкүн болбогон учурда (техникалык себептер боюнча), өзгөчө жана убактылуу чара катары **жардам кнопкасын** орнотууга жол берилет. Мындай максаттар үчүн аталган шайлоочуларга жардам көрсөтүү үчүн жооптуу адамды аныктоо сунуш кылынат.

## 2.7.Шайлоону даярдоо жана өткөрүү мезгилинде шайлоо комиссияларынын жана укук коргоо органдарынын өз ара аракеттенүүсү

КРда шайлоо жашыруун добуш берүү менен шайлоочулардын жалпы, тең жана тикелей шайлооукуктарынын негизинде өткөрүлөт жана республиканын жарандарынын өздөрүнүн шайлоо укуктарын ыктыярдуу ишке ашыруусуна негизделет. **Эч кимдин жаранга шайлоолорго катышуусуна же катышпоосуна, ошондой эле өз эркин билдирүүсүнө таасир этүүгө укугу жок.**

**КР колдонуудагы мыйзамдары менен ички иштер органдарына шайлоо комиссияларынын шайлоону, рефрендумдарды даярдоо жана өткөрүү боюнча алардын мыйзамдуу ыйгарым укуктарын ишке ашырууда мамлекеттик бийлик органдарына жана ЖӨБОлорго көмөк көрсөтүү милдети жүктөлгөн.**

Жалпысынан шайлоону өткөрүүдө милиция кызматкерлеринин иши демейки шарттагы коомдук коопсуздукту камсыз кылуу жана кызмат өтөө функциясын ишке ашыруудан айырмаланат. ИИБ кызматкерлерин оперативдүү кырдаалдын татаалданышы шартында

жарандардын шайлоо укуктарын коргоого көңүл буруусу зарыл, мында шайлоону даярдоо жана өткөрүү мезгилинде коомдук тартипти жана коомдук коопсуздукту кайтаруу боюнча кызмат өтөгөн кызматкерлерге кризистик кырдаалдын чыгып калуу мүмкүнчүлүгүнө өзгөчө көңүл буруусу керек.

Шайлоо комиссияларынын ички иштер органдары менен өз ара аракеттенүүсү төмөнкүлөр менен байланышкан:

- шайлоо комиссияларынын иштөөсү жана добуш берүү үчүн жайларды, ошондой эле шайлоо документтерин кайтаруу боюнча;
- •шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнө, анын ичинде эгерде аларга карата коркунуч жаралган учурда, ошондой эле жайдан тышкары добуш берүү үчүн шайлоо чулардын добуш берүүсү үчүн баргандардын коопсуздугун камсыз кылуу боюнча;
- шайлоо күнү добуш берүүчү жайда же шайлоо участкасынык аймагында, ошондой эле добуш берүүнүн жыйынтыгын чыгарууда коомдук тартипти камсыз кылуу боюнча;
- жогору турган шайлоо комиссияларына шайлоо бюллетендерин жеткирүү мезгилинде комиссиянын мүчөлөрүн коштоо боюнча.

**Шайлоону даярдоо жана өткөрүү мезгилинде шайлоо комиссияларына көмөк көрсөтүүгө тартылган ИИБ кызматкерлеринин аракеттери**

Добуш берүү күнүнө чейин зарыл нускоодон өткөн соң, ИИБ кызматкерлери кызмат өтөө үчүн УШКга жана АШКга жөнөтүлөт.

Өзүнүн келгендиги жөнүндө ИИБ кызматкери комиссиянын төрагасына билдирет, комиссиянын иштөө графигин, өзүнүн болуучу жерин тактайт. Жайларды, шайлоо документтерин, жабдуулардын кайтарууну, добуш берүүчү жайдагы адамдардын коопсуздугун камсыз кылуу максатында комиссиянын төрагасы, комиссия иштеген жайдын (имараттын) ээси менен чогуу аны жана жанаша аймакты карап чыгат.

Кароонун жүрүшүндө төмөндөгүлөргө ынануу керек:

- шайлоо документтерин сактоо үчүн металл шкафтардын оң экендигине;
- эшиктердин, кулпулардын, терезелердеги металл решеткалардын канааттандыраарлык абалда экендигине;
- өрт коопсуздугунун абалы, сигнализациянын болушу, жертөлөлөрдүн жана чатырлардын ар нерселер менен толтурулгандыгын, өрт жана кызматтык тепкичтердин абалын;
- үгүт материалдарынын (баракчалардын, плакаттардын ж.б.) болушу.

Кызмат өтөөдө ИИБ кызматкери бөлүнбөгөн атайын жерлерге плакат, баракча чаптагандарга, ошондой эле үгүт материалдарын атайылап жулгандарга же бузгандарга зарыл чаралары көрүшү керек.

**Мыйзам кандай болбосун үгүт материалдарын жайгаштыруу максатында жашыл бак дарактарды, тоолордун боорун же чокуларын, бөксө тоолорду,ошондой эле табигый дөңдөрдү пайдаланууга жол бербейт (2017-жылдын 5-июнундагы Мыйзамга өзгөртүүлөр).**

Шайлоо комиссиялардын жайларын түнкү убакта кайтарууда имараттардагы көрнөктөрдүн жана көрсөткүчтөрдүн, кулпулардын сакталышын, мөөрдүн оттискинин (пломбанын) бүтүндүгүн ж.б. текшерүүсү зарыл. Бузуулар табылган учурда ИИБ боюнча нөөмөтчүгө билдирип, комиссиянын төрагасына токтоосуз маалымат бериши керек.

Эгерде УШКнын мүчөсү, байкоочу же добуш берүү үчүн жайда болууга укугу бар башка адамдар шайлоо мыйзамдарынын өзүнүн милдеттенмелерин, укуктарын жана ыйгарым укуктарын аша чабуу бөлүгүндө бузган учурда участкалык шайлоо комиссиясы мындай адамды бузуу фактысын негиздөө жана конкреттештирүү бөлүгүндө чыгаруу чечимин кабыл алат.

Бул чечимдин жазуу жүзүндөгү көчүрмөсүн алып, ИИБ кызматкери анын аткарылышын камсыз кылат жана шайлоо комиссиясынын төрагасын натыйжалары жөнүндө маалымдайт.

**Шайлоону даярдоо жана өткөрүү мезгилинде шайлоо участкаларына жанаша жаткан аймакта кызматөтөгөн ИИБ кызматкерлери төмөнкүлөрдү аткарат:**

- шайлоочуларды мажбурлап жеткирүү фактыларын белгилөө максатында аймакта патруль жүргүзүүнү;
- шайлоочуларды жеткирген транспорт каражаттарын жазып алуу;
- транспорт каражаттарынын айдоочуларын жана номерлерин аныктоо боюнча чараларды көрүү;
- шайлоочуларды жеткирүүнү уюштурган адамдарды аныктоо боюнча чараларды көрүү;
- шайлоочулар топтолгон жерлерде укук бузууларга бөгөт коюу.

Шайлоо участкаларына жанаша жаткан аймакта, добуш берүү жайында талапкер үчүн добуш берүүгө үгүттөө, анын ичинде шайлоочуларды сатып алуу же алардын өмүрүнө жана ден соолугуна коркунуч келтирүү жолу менен үгүт иштери жүргүзүү боюнча чараларды жүргүзгөн адамдар аракеттенген фактылар орун алышы мүмкүн.

***Мындай учурларда ИИБ кызматкерлери УШК мүчөсүнө билдирип, мындай укук бузууга бөгөт коюп, бул адамдарды кармоо боюнча чараларды көрүшү керек.***

Кандай болбосун учурларда өз аракеттерин УШК/АШК төрагасы менен макулдашуу зарыл.

**Шайлоо комиссияларына көмөк көрсөтүүдө ИИБ кызматкеринин төмөнкүлөргө укугу жок экендигин эске алуу керек:**

- шайлоо жол жоболоруна кийлигишүүгө;
- кайсы бир талапкерлердин тарабында шайлоо алдындагы үгүт иштерип жүргүзүүгө катышпоого;
- жарандардын укугун жана мыйзамдуу кызыкчылыгын коргоого, ошондой эле коомдук тартипти жана жарандардын коопсуздугун камсыз кылууга чакырылган мамлекеттик бийликтин өкүлү катары ИИБ кызматкеринин статусу менен айкалышпаган аракеттерге жол берүүгө.

Ички иштер органдары шайлоо участкасынын аймагында, ошондой эле добуш берүүчү жайда добуш берүүнү өткөрүүдө – УШКнын төрагасынын чакыруусу боюнча **коомдук тартипти камсыз кылат.**

Мамлекеттик органдардын жана башка органдардын, алардын кызмат адамдарынын, шайлоо процессинин башка катышуучуларынын жарандардын шайлоо укуктарын, шайлоо жөнүндө мыйзамдардын талаптарын бузган чечими жана (же) аракети (аракетсиздиги) прокуратура органдарында, ички иштер органдарында даттанылышы мүмкүн.

*Шайлоону даярдоонун жүрүшүндө шайлоочулардын, саясий партиялардын, шайлоо процессинин башка катышуучуларынын арыздары (даттануулары) келип түшкөн учурдан тартып ички иштер органдары тарабынан* ***2 күндүк мөөнөттө,*** *ал эми шайлоо күнү жана шайлоого чейинки күнү токтоосуз каралууга жатат. Эгерде фактылар кошумча текшерүүнү талап кылса, алар боюнча чечимдер* ***3 күндүк мөөнөттөн кеч эмес*** *кабыл алынат. Кабыл алынган чечимдин көчүрмөсү тиешелүү шайлоо комиссиясына тез арада жөнөтүлөт.*

**Жарандардын конституциялык укуктарына жана эркиндиктерине каршы кылмыштар жана жосундар жөнүндө жазык иштери боюнча сотко чейинки өндүрүш ички иштер органдары тарабынан ишке ашырылат.**

**Ички иштер органдары -коомдук тартипти бузууга тийиштүү** жарандардын арыздарын (даттанууларын), **ошондой эле шайлоо процессинин катышуучуларынын аракеттерине тиешелүү арыздарды** (даттанууларды) кароо боюнча иш жүргүзөт, буга аткаруу бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызмат адамдары кирбейт, алар үчүн мыйзамдар менен жоопкерчиликкаралат (ЖК, Жосундар жөнүндө кодекс).

**Прокуратура органдары – шайлоо мыйзамдарынын аткаруу бийлик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, алардын кызмат адамдары тарабынан сакталышына көзөмөл жүргүзөт,** ошондой эле мыйзамдарда белгиленген жазык жоопкерчилик каралган алардын аракеттерине арыздарды (даттанууларды) карайт (ЖК, Жоруктаржөнүндө кодекс). Мамлекеттик бийлик органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, алардын кызмат адамдарынын шайлоо мыйзамдарын кылмыштык укук бузуулары болгон учурда жана кылмыш иши козголгон учурда (шектелүү жөнүндө билдирме чыгарылганда) андан ары териштирүү үчүн тийиштүү тергөө органдарына жөнөтүлөт.

**Добуш берүү күнү жана ага чейинки күн ички иштер жана башка укук коргоо органдары, ошондой эле сот органдары үчүн жумуш күн эсептелет.**

## III. ШАЙЛООЧУЛАРДЫ МААЛЫМДОО БОЮНЧА УШК ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ

***(«КР Президентин жана КР ЖК депутаттарын шайлоо жөнүндө» КР КМ 22 –б. менен жөнгө салынат)***

**Шайлоочуларга маалымдоо** - шайлоо өнөктүгүнүн мезгилинде маалыматты даярдоо жана жайылтуу боюнча төмөнкүлөр тууралуу иш,

- шайлоо өнөктүгүнүн жүрүшү жана шайлоо комиссияларынын иши,
- шайлоо участоктору,
- шайлоочулардын тизмесин түзүүнүн жана өзгөртүүнүн тартиби,
- добуш берүүгө катышуунун тартиби, добуш берүүнүн тартиби,
- добуш берүүнүн жыйынтыктарын белгилөө жана шайлоонун натыйжаларын аныктоо тартиби;
- кайсыл бир талапкерге (талапкерлерге), артыкчылык бербеген жана тигил же бул талапкер үчүн же болбосо аларга каршы шайлоо алдындагы үгүт иштеринин белгилерин камтыбаган расмий маалыматты даярдоо жана таратуу боюнча шайлоо комиссияларынын жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын иши.

**Шайлоочуларды маалымдоонун субъекттери төмөнкүлөр** болуп саналат:шайлоо комиссиялары, мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, жалпыга маалымдоо каражаттары, интернет-басылмалар, юридикалык жана жеке жактар.

### Шайлоону даярдоонун жана өткөрүүнүн жүрүшү жөнүндөшайлоочуларды жана шайлоонун башка катышуучуларын маалымдоо боюнчашайлоо комиссияларынын, мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, жалпыга маалымдоо каражаттарынын, интернет-басылмалардын иши

Шайлоо комиссиялары, мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, жалпыга маалымдоо каражаттары, интернет-басылмалар мыйзамдарга ылайык Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону даярдоонун жана өткөрүүнүн жүрүшү жөнүндө шайлоочуларды жана шайлоо процессинин башка субъекттерин маалымдайт.

Маалымдоонун маңызын Кыргыз Республикасынын шайлоо мыйзамдарын түшүндүрүү, шайлоодо аны колдонуунун өзгөчөлүктөрү, шайлоо процессинин катышуучуларын шайлоо процессинин мөөнөттөрү жана тартиби жөнүндө маалымдоо, шайлоочулардын тизмелерин тактоо, добуш берүүгө катышуу үчүн келген шайлоочулардын келиши жөнүндө маалыматтарды, ошондой эле добуш берүүнүн жыйынтыктарын жана шайлоонун натыйжаларын жарыялоо түзөт.

Шайлоочуларды жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу талапкерлер, шайлоону даярдоонун жана өткөрүүнүн жүрүшү, зарыл шайлоо аракеттерин жүргүзүү мөөнөттөрү жана тартиби, шайлоо мыйзамдары жөнүндө маалымдоо милдети **шайлоо комиссияларына** жүктөлөт.

Жалпыга маалымдоо каражаттары, интернет-басылмалар калкка шайлоо, талапкерлерди көрсөтүү, алардын шайлоо алдындагы программалары (платформалары), шайлоо өнөктүгүнүн жүрүшү, добуш берүүнүн жыйынтыктары жана натыйжалары жөнүндө маалымдар кылууга чакырылган.

ЖМКлар шайлоочуларды маалымдоону колдонуудагы мыйзамдарга ылайык жүргүзөт жана жарандарга маалымат берүүнүн аныктыгы үчүн жоопкерчилик тартышат.

Шайлоочуларга, шайлоонун башка катышуучуларына маалымдоо шайлоонун бардык стадияларында жүзөгө ашырылат жана жарандардын шайлоо укуктарын камсыздоонун кепилдиги болуп саналат. Мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана шайлоо комиссиялары шайлоочуларга жана шайлоонун башка катышуучуларына жалпыга маалымдоо каражаттарында бардык шайлоо аракеттери, аларды жүзөгө ашыруунун мөөнөттөрү туурасында шайлоо дайындалган күндөн тартып шайлоо жыйынтыгы расмий түрдө жарыяланганга чейин маалымдайт.

Жалпыга маалымдоо каражаттарында шайлоону дайындоо, шайлоочулардын тизмесин түзүү жана актуалдаштыруу тартиби, талапкерлерди көрсөтүү жана каттоо тартиби, шайлоо алдындагы үгүттөөнү жүргүзүү тартиби, шайлоону жана талапкерлердин шайлоо өнөктүгүн финансылоо, добуш берүүнүн мөөнөтү жана тартиби, добуштарды саноо, шайлоонун жыйынтыгын жана натыйжаларын аныктоо туурасындагы материалдар жарыяланат.

**БШК шайлоочуларды добуш берүү күнүнө чейин 75 календардык күн мурда шайлоочулардын тизмеси менен таанышуу зарылчылыгы,**шайлоочулардын тизмесиндеги өзүнүн маалыматтарын жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу же башка жеткиликтүү ыкма менен таанышуу зарылчылыгы тууралуу **маалымдар кылууга милдеттүү.**

**Мамлекеттик телерадиоуюмдар,** республикалык бюджеттен каржылануучу башкателерадио уюмдар, санариптик көрсөтүүнүн социалдык пакетине кирген телерадио уюмдар шайлоочулардын тизмесинде өзүн текшерүү,добуш берүүгө катышуунун тартиби, добуш берүүнүн жыйынтыктары, шайлоо өнөктүгүнүн этаптары, шайлоо процессинин башка маселелери боюнча БШКга **акысыз эфирдик убакытберүүгө милдеттүү.**

**Добуш берүү убактысы жана добуш берүү орду жөнүндө участкалык шайлоо комиссиялары добуш берүү күнүнө чейин 10 календардык күндөн кечиктирбестен жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу же башка ыкма менен шайлоочуларды кабардар кылууга милдеттүү.**

Добуш бергендердин саны жөнүндө маалыматтар АШКга ар бир 2 саат сайын берилип турат, АШКнын системдик администратору алынган маалыматтарды киргизип, БШКнын расмий сайтына автоматтык түрдө жарыялап турат. Берилген чектердин санына негизденген добуш берген шайлоочулардын саны жөнүндө биротоло маалыматтар шайлоо участкалары жабылар замат, бирок бюллетендери бар урналарды ачууга чейин дароо БШКга берилет.

Ар бир шайлоо участогу боюнча добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө шайлоочуларды жана шайлоонун башка катышуучуларын маалымдоо максатында, ошондой эле шайлоого катышкан шайлоочулардын тизмеси **3 календардык күндөн кечиктирбестен** БШКнын

расмий сайтына жайгаштырылат жана участкалык шайлоо комиссияларынын жайларынын алдындагы стенддерге илинет.

Тийиштүү аймактагы шайлоонун жыйынтыктары аймактык шайлоо комиссиялары тарабынан белгиленет жана добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколдун чоңойтулган формасы жалпы таанышуу үчүн аймактык шайлоо комиссиясы белгилеген жерде илинет.

Жогорку Кеңештин депутаттарын кайталап шайлоо өткөрүү жөнүндө билдирүү ЖМКларда тийиштүү чечим кабыл алынгандан кийин 3 календардык күндөн кечиктирбестен жарыяланат.

Шайлоо комиссиясынын иши жайылтылган аймакта **ар бир шайлоо участкасы боюнча добуш берүүнүн жыйынтыктары,** БШКнын протоколдорунда камтылган маалыматтардын көлөмүндө шайлоо округу жана түздөн түз төмөн турган шайлоо участкалары боюнча шайлоонун натыйжалары **таанышуу үчүн шайлоочуларга,** талапкерлердин өкүлдөрүнө, байкоочуларга, эл аралык байкоочуларга, ЖМК өкүлдөрүнө **алардын талабы боюнчаберилет.**

Ар бир шайлоо участкасы боюнча **добуш берүүнүн жыйынтыктары** БШКга келип түшүүсүнө жараша токтоосуз **БШКнын расмий сайтына жайгаштырылат.**

**Шайлоонун натыйжаларын,** ошондой эле талапкерлердин ар бир тизмеси алган шайлоочулардын добуштарынын саны, баардык талапкерлердин тизмесине каршы берилген добуштардын саны, анын ичинде шайлоонун натыйжалары аныкталгантүздөн түз төмөн турган шайлоо комиссияларынын добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколдордо камтылган маалыматтарды расмий жарыялоону Борбордук шайлоо комиссиясы **шайлоонун натыйжалары аныкталган күндөн кийин 2 жумалык мөөнөттө расмий жарыяланат.**

**Шайлоочуларды участкалык шайлоо комиссиялары тарабынан маалымдоо формалары**

<table>
<tr><th colspan="5">Шайлоочуларды маалымдоо</th></tr>
<tr><td>УШКнын жайгашкан жери жөнүндө</td><td>УШКнын дареги, телефону, иш графиги жөнүндө</td><td>Шайлоо иш-аракеттерин жүргүзүү мөөнөттөрү жана тартиби жөнүндө</td><td>Добуш берүү күнү, убактысы жана орду тууралуу</td><td>Талапкерлер тууралуу</td></tr>
<tr><td colspan="2">Шайлоо участогунун номери көрсөтүү менен көрнөк</td><td></td><td></td><td></td></tr>
<tr><td></td><td colspan="3">Участкалык шайлоо комиссиясынын жайына кире беришинин алдындагы кулактандыруу</td><td></td></tr>
<tr><td></td><td></td><td></td><td colspan="2">Жалпыга маалымдоо каражаттары (эрежедегидей эле, маалыматтар жогорудагы шайлоо комиссиясы тарабынан жайгаштырылат)</td></tr>
<tr><td colspan="2">Указатели, информирующие избирателей о маршруте движения к помещению УИК</td><td></td><td></td><td></td></tr>
<tr><td></td><td colspan="3">Информационно-разъяснительные материалы (К примеру, размещение перед входом в помещение УИК объявление о дате, времени и месте проведения голосования вне помещения для голосования).</td><td></td></tr>
</table>

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | Жогору турган шайлоо комиссияларынан алынган маалыматтык-түшүндүрүүчү материалдар |
| Жалпыга маалымдоо каражаттарында, шайлоо комиссияларынын интернет-ресурстарына жайгаштыруу үчүн аймактык шайлоо комиссиясына маалыматтарды берүү | | | |

**УШК ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген шайлоочуларды маалымдоо боюнча зарыл атайын чараларды көрөт:**

- маалыматтык материалдар сурдокотормону же субтитрди колдонуу менен аудио-визуалдык форматта (санариптик алып жүрүүчүдө) даярдалып, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген шайлоочулар үчүн окууга ыңгайлуу чоңойтулган шрифт менен басылып, ошондой эле Брайль шрифтин же башка атайын каражаттарын пайдалануу менен даярдалууга тийиш.
- маалыматтык тактада чоңойтулган шрифт менен басылып жана (же) Брайль шрифтинколдонуу менен материалдар жайгаштырылат;
- шайлоо участкаларында маалыматтык материалдар укма-көрмө форматта (санариптик алып жүрүүчүдө) болуп,шайлоо өнөктүгү жөнүндө маалыматтык материалдар (өзүн шайлоочулардын тизмесинен текшерүү, добуш берүү мезгили жана убактысы, негизги шайлоо аракеттери, түз линия телефондору) басылып, шайлоого катышкан талапкерлер, добуш берүү тартиби, бюллетенди толтуруу тартиби жана башка жол-жоболорду аткаруу жөнүндө маалымат болушу керек.

**УШК** шайлоочулардын тиешелүү категорияларынын арасында **өз алдынча да,** ошондой эле **социалдык коргоо органдарын,** тартуу менен **маалыматтык материалдарды тарката алат.**

**УШК** шайлоочулар менен коомдук «түз линиялардын» мүмкүнчүлүктөрүн, анын ичинде шайлоо комиссияларынын факсимилдик, мобилдик байланышын жана интернет-ресурстарын колдонуу менен ДМЧ шайлоочуларга **консультативдик, юридикалык жардам көрсөтө алышат.** Бул ишке майыптуулугу бар адамдардын коомдук уюмдарынын өкүлдөрүн ишке тартуу сунушталат(Брайль шрифти менен басып чыгарган уюмдардын тизмеси: «Бирдей мүмкүнчүлүктөр» социалдык борбору – 0559 03 30 46; Кыргыз азиздер жана дүлөйлөр коому – 0555 86 99 99).

**УШК** кресло-коляска колдонгон шайлоочуларды маалыматтык жактан камсыз кылуу үчүн ЖӨБО менен бирдикте шайлоо жөнүндө көрмө материалдарды аталган категориядагы шайлоочулар кошумча күч-аракетсиз тааныша алгыдай эл көп барган жерлерге жайгаштыруусу сунушталат.

**Жарандарды маалымдоону камсыз кылуу боюнча уюштуруу чаралары**

Добуш берүү үчүн жайда УШК стенд жасайт, анда бардык талапкерлер жөнүндө маалыматтык материал жайгаштырылат, көрсөтүлгөн материалдарда үгүт чакырыктары камтылбашы керек. Стендде толтурулган шайлоо бюллетендеринин үлгүлөрү жайгаштырылат, алар талапкерлердин фамилиясын, атын, атасынын атын камтыбашы керек. Бул үлгүнү купуя добуш берүү үчүн кабиналарда да жайгаштыруу сунушталат.

Шайлоо бюллетенине киргизилген катталган талапкерлер жөнүндө маалыматтар шайлоо бюллетенинин формасын жана текстин бекитүүдө аныкталган ыраттуулукта маалыматтык материалдарда жайгаштырылат.

Маалыматтык стендде КРКонституциясынан, КР мыйзамдарынан, жазык мыйзамдарынан, шайлоо жөнүндө мыйзамдардан бузуулар үчүн жоопкерчилик каралган ченемдер бөлүгүндө бузуулар жөнүндө мыйзамдардан шилтемелер жайгаштырылышы мүмкүн.

Аталган материалдар участкалык шайлоо комиссиялары тарабынан шайлоочулар алар менен эркин тааныша алгыдай жайгаштырылат.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары шайлоо дайындалган күндөн тартып 10 календардык күндүн ичинде ар бир шайлоо участкасында үгүт материалдарын илүү үчүн атайын орундарды бөлүүгө жана жабдууга милдеттүү. Талапкерлерге үгүт материалдарын жайгаштырууга бирдей шарттар камсыз кылынышы керек. Үгүт материалдарын жайгаштыруу үчүн жерлер шайлоочулар аларда жайгаштырылган маалымат менен тааныша алгыдай жайгашуусу керек.

**Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген шайлоочуларды үгүттөөнү контролдоо жана мониторинг жүргүзүү**

**УШК**үгүт материалдарынын жалпы санынын бир пайызынан ашык эмес санда ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген шайлоочулар үчүн маалыматтык материалдарды сурдокотормону же субтитрди колдонуу менен окууга ыңгайлуу чоңойтулган шрифт менен басылган, ошондой эле Брайль шрифтин же башка атайын каражаттарын пайдалануу менен даярдалган үгүт материалдарын жарыялоого жана таркатууга милдеттүү экендиги жөнүндө талапкерлерге маалымдоого тийиш.

***Ошентип, шайлоочуларды маалымдоо боюнча УШКнын ишмердигинин негизги максаты шайлоочуларга өткөрүлүп жаткан шайлоо жөнүндө маалыматты алар добуш берүү күнү жана добуш берүү орду, убактысы, мыйзам менен белгиленген мөөнөттөрү жана шайлоо аракеттеринин тартиби /тиешелүү түрдө алардын бул шайлоодо катышуу мүмкүнчүлүгү тууралуу маалымат берүү болуп саналат.***

## IV.№ 2 ЭТАП УШКНЫН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ – «ДОБУШ БЕРҮҮ КҮНҮ СААТ 08:00ГО ЧЕЙИН»

*(«КР Президентин жана КР ЖК депутаттарын шайлоо жөнүндө» КР Мыйзамынын 29, 31-беренелери, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттфр шайлоону уюштуруу жана добуш берүү тартиби, добуш берүүнүн жыйынтыктарын белгилөө жана шайлоонун натыйжаларын аныктоо жөнүндө жобо менен жөнгө салынат )*

Шайлоочулар келгенге чейин добуш берүү үчүн жайды даярдоо бул этаптын максаты болуп саналат.УШКнын мүчөлөрү добуш берүү үчүн жайдын жана шайлоо участкасы жайгашкан имараттын ичинде үгүт материалдары жайгаштырылбагандыгын текшерет.

Шайлоо күнү саат 07:00до добуш берүү үчүн жайда участкалык шайлоо комиссиясы өз жыйналышында, чүчүкулак аркылуу аткаруучу комиссиянынмүчөлөрүн аныктайт, алар төмөнкү иштерди аткарат:

1) оператор менен биргелешип шайлоочулардын электрондук тизмесинде жарандарды идентификациялоону жүргүзөт;

2) жарандарды шайлоочулардын кагаздагы тизмесине каттоону жүзөгө ашырат;

3) шайлоо бюллетендерин берет;

4) шайлоочулардын жашыруун добуш берүү кабиналарына киришин, шайлоо бюллетендерин добуш берүү үкөктөрүнө салышын контролдоону жүзөгө ашырат.

**МААНИЛҮҮ!**

Участкалык шайлоо комиссиялары шайлоочулардын тизмесиндеги каталар, так эместиктер тууралуу шайлоочулардан арыздарды кабыл алганда, ошондой эле добуш берген күнү төмөндөгү санитардык-эпидемиологиялык чаралар сакталат:

- Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан **УШК орун жайларын жана жумушчу үстүңкү беттерди жууп тазалоочу дезинфекциялык каражаттарды колдонуу менен күн сайын дыкат нымдуу тазалап жыйноо камсыз кылынат.**
- Ар бир шайлоочуга идентификациялоо жол-жоболору жүргүзүлгөнгө чейин жана жүргүзүлгөндөн кийин идентификациялоо жобдууларын дезинфекциялоо.
- Орун жайга кире берилште колдорду дезинфекциялоочу санитайзерлер менен же башка каражаттар менен камсыз кылуу, ошондой эле кирүүчүлөрдү жооптуу адамдардын контаксыз ыкма менен дене табын текшерүүсү
- УШК мүчөлөрүнүн жана УШКга кирүүчүлөрдүн милдеттүү түрдө бет каптарды, кол каптарды жана жеке коргоочу башка каражаттарды (ЖКК) милдтеүү пайдалануусу.
- Адамдардын ортосунда 1,5 – 2 м. кем эмес социалдык аралыктарды сактоосу.
- Шайлоо участкасынын орун жайларында шайлоочулардын маска режимин сактоосу.
- Эмеректердин жана техникалык жабдуулардын 1,5 – 2 м. кем эмес арлыкта жайгашуусу.

**УШКнын төрагасынын эртең мененки саат 08:00го чейинки иш-аракеттери:**

| **УШКнын төрагасы УШКнын мүчөлөрүнүн жана байкоочулардын катышуусунда:** | |
|---|---|
| шайлоочулардын тизмеси, жайдан сырткары добуш берүүнүн натыйжалары боюнча документтер салынган, мөөр басылып бекитилген сейфти ачат | сейфтен (шкафтан) шайлоочулардын кагаздагы тизмесин, шайлоочулардын электрондук тизмеси менен башка зарыл жабдууну алып чыгат |

↓

| **шайлоо участкасындагы шайлоочулардын тизмесине киргизилген шайлоочулардын санын жарыя кылат жана санын добуш берүүнүн жыйынтыгы жөнүндөгү протоколдун 3-сабына жана анын чоңойтулган формасына жазат;** | |
|---|---|
| катышуучуларга шайлоо бюллетендеринин санын жарыя кылат, аларды карап көрүүнү сунуш кылат жана шайлоо бюллетендеринин санын добуш берүүнүн жыйынтыгы жөнүндөгү протоколдун 2-сабына жана анын чоңойтулган формасына жазат | добуш берүү үчүн жайдан сырткары берилген шайлоо бюллетендердин санын жарыя кылат |

↓

| **ар бир адамга жеке таанышууга, ошондой эле кагаздагы жана электрондук тизменин версияларын салыштырууга мүмкүнчүлүк берет;** | |
|---|---|
| УШКнын шайлоочулардын кагаздагы тизмесин толтурууга жооптуу мүчөлөрүнө кагаздагы тизмени таратып берет | шайлоо бюллетендерин кайра санап чыккандан кийин ведомость боюнча УШКнын мүчөлөрүнө 50-100дөн шайлоо бюллетенин таратып берет |

↓

| **УШКнын мүчөлөрүнө жана бардык катышуучуларга бош АЭУларды көрсөтөт** |
|---|
| контролдук барактарды АЭУга салат |

↓

**АЭУ УШКнын мөөрү менен басып чапталат (пломбаланат).**

**УШКнын мүчөлөрүнүн саат 08:00до чейинки иш-аракеттери:**

**Оператордун ишине контроль жүргүзүүчү жана ал менен бирдикте жарандардын электрондук тизмесиндеги жарандарды идентификациялоо процессин жүргүзүүчү УШКнын мүчөсү төмөнкү иш-аракеттерди аткарат:**

- Оператор тарабынан жүргүзүлүүчү шайлоочуларды идентификациялоо системасынын ишке киргизилишин контролдойт
- Ийгиликтүү авторизациядан кийин сервердин датасын жана убактысын коет жана алгачкы отчет басып чыгарат
- алгачкы отчетту добуш берүү күндүн аягына чейин сактап, аны УШКнын төрагасына өткөрүп берет

**Шайлоочуларды идентификациялоо боюнча оператор:**

- Түзүлүштү кошот жана ноутбукту иштетет
- телевизоурду иштетету(көрсөт үүчү монитор)
- термопринтерди иштетет
- Пароль, оператордун жана УШК мүчөсүнүн ФАА киргизет
- Баштапкы отчетту басып чыгарат

**АЭУнун ишине жооптуу УШКнын мүчөсү:**

- АЭУну жүктөйт
- смарт-картаны киргизет
- УШКнын паролун, номерин терет
- Дата жана убактысын ондойт
- "Добуш берүүнү" баштоо баскычын басат"
- АЭУнун алгычкы отчетунан керектүү санындагы көчүрмөсүн басып чыгарат

**МААНИЛҮҮ! ЭСКЕ САКТАП КАЛЫҢЫЗДАР!**

**АЭУну даярдоону аяктагандан кийин, добуш берүүнүн башталышында добуш берүүнүн башталгандыгы жөнүндө отчетту – алгачкы отчетту басып чыгарат. Алгачкы отчет бардык байкоочуларга жана талапкерлердин өкүлдөрүнө берилет.**

**Добуш берүү үчүн кабинага кирүүсүн жана АЭУ аркылуу шайлоо бюллетенди өткөрүүгө УШКнын жооптуу мүчөсү:**

- Байкоочулар тарабынан УШКнын ишине натыйжалуу байкоо жүргүзүү максатында АЭУну, добуш берүү кабиналарды аралыкта жайгаштырат
- бюллетендеги белгини эч ким билбеши үчүн АЭУну добуш берүү кабинадан 1,5 метрден көп эмес аралыкта жайгаштырат
- үгүт чакырыктары камтылбаган бардык талапкерлер жөнүндө маалыматтык материалдарды, катталган талапкерлердин фамилиялары камтылбаган толтурулган шайлоо бюллетендер-дин үлгүлөрүн жайгаштыруусун контролдойт

**Жарандарды кагаздагы тизмеге каттоо үчүн УШКнын жооптуу мүчөсү:**

- УШКнын төрагасынан кол коюп шайлоочулардын кагаздагы тизмесин алат
- шайлоочулардын кагаздагы тизмесин толтуруу үчүн жоопкерчилик тартат

**Бюллетендерди берүү үчүн УШКнын жооптуу мүчөсү:**

- Ведомость боюнча шайлоо бюллетендерди УШКнын төрагасынан кол коюп алат
- шайлоо бюллетендерди кайра санап чыгат жана санын жарыя кылат

Саат 08:00 до добуш берүү үчүн биринчи шайлоочулар келгенде бардыгы даяр болушу зарыл. Аткарыла турган иш көп, ал эми эң негизгиси эч нерсени унутпоо, чаташып калбоо керек. Добуш берүү үчүн жай саат 08:00до ачылат жана шайлоочулар добуш берүүгө киришет.

## V. № 3 ЭТАП УШКнын ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ - «ДОБУШ БЕРҮҮ КҮНҮ САAT 08:00дон 20:00го чейин»

### Добуш берүү жол-жобосу

***(«КР Президентин жана КР ЖК депутаттарын шайлоо жөнүндө» КРМыйзамынын 31-беренеси менен жөнгө салынат»)***

Участокко биринчи шайлоочулар келди. Добуш берүү мыйзамга ылайык өтүшү үчүн добуш берүү жайда шайлоочулардын иш-аракеттерин так уюштуруу маанилүү. Добуш берүү күнү УШКнын мүчөлөрүнүн иш-аракеттери менен таанышып алыңыздар.

**Добуш берүү күнү УШКнын мүчөлөрүнүн иш-аракеттери, алар:**

**УШКнын төрагасы:**

- участкалык шайлоо комиссиясын башкарат жана анын ишин уюштурат.
- жогорку этикалык нормаларынын сакталышын контролдойт.
- шайлоо бюллетендердин, зарыл жабдуулардын жана материалдардын сакталышын камсыз кылат.
- шайлоочулардын жашыруун добуш берүүсүн камсыз кылуу үчүн кабиналардын тийиштүү жайгаштырылгандыгын контролдойт.
- жардамга же консультацияга муктаж комиссиянын мүчөсүнө жардам берет.
- келише албастык кырдаал жаралган учурда, аны жокко чыгаруу боюнча чара көрөт, зарыл болгон учурда ал жөнүндө АШКга (ЫЧКТ менен бирдикте) токтоосуз билдирет.
- мыйзам менен бекитилген жол-жоболорду комиссиянын бардык мүчөлөрү тарабынан сактоону контролдойт.
- күн ичинде УШКнын жооптуу мүчөлөрүнө ведомость боюнча шайлоо бюллетендерди берет
- УШКнын катчысы:
- Байкоочуларды, талапкерлердин өкүлдөрүн, ЖМКларды каттайт
- УШКнын жыйналыштарынын протоколдорун жана кабыл алынган чечимдердин таризделишин алып барат.
- УШКнын иш кагаздарынын жүргүзөт.
- төрага ордунда жок болгон учурда же ал кандайдыр бир себептер боюнча өз милдеттерин аткара албаса төраганын милдеттерин аткарат.
- зарыл болгон учурда тиги же башка комиссиянын мүчөсүн алмаштырат.
- бардык келип түшкөн арыздарды жана даттанууларды каттайт.

**Электрондук тизмедеги жарандарды идентификациялоо процессин бирдикте жүзөгө ашыруучу УШКнын мүчөсү:**

- оператор менен биргелешип шайлоочулардын электрондук тизмесинде жаранды, анын биометрикалык жана жеке маалыматтары боюнча идентификациялоону жүргүзөт.
- шайлоочуга чек берилишин контролдойт, анда шайлоо участкасынын кагаздагы шайлоо тизмесиндеги катар номери көрсөтүлгөн.

(Идентификациялоо боюнча жабдуусу бузулган учурда, жабдуунун бузулгандыгы жөнүндө эки нускада Акт түзөт).

| Мүмкүн болуучу бузулуудагы аракеттер | | |
|---|---|---|
| 1. | Сервердин туруп калуусу | Туруп калуу<br>– кайра жүктөө жолу менен четтетүү. Кайра жүктөө<br>**«Включить»** баскычын басуу менен жүргүзүлөт. Ага жооп бербеген учурда өчүргөнгө чейин басуу зарыл. |
| 2. | Манжалардын изин түшүрүүчү сканердин бузулуусу | – Кошулуусун текшерүү;<br>– Манжалардын изин туура сканерлешин текшерүү, т.а. шайлоочу бармагын сканерге туура эмес койсо<br>– шайлоочунун курактык категориясы же шайлоочунун бармагы ден соолугуну абалы боюнча сканерленбейт<br>Сканерлөө бетин жана шайлоочунну бармагын кургак салфетка менен сүртүү<br>Кээде сканер температурага жана манжанын нымдуулугуна реакция берет.<br>Сканерди токтон ажыраткан учурда кошууну аткаруу керек |
| 3. | Термопринтердин иштебей калуусу | **1.Идентификациялоодо термопринтер чек басып чыгарбайт:**<br>– термокагаздын бар экендигин текшерүү;<br>– кошулгандыгын текшерүү;<br>– электр тармагынан азыктануу бардыгын текшерүү;<br>– күйгүзгүчтү текшерүү.<br>**2. Идентификациялоодо термопринтер жазылбаган чек басып чыгарды:**<br>– кагаз туура салындыбы текшерүү.<br>**3.Термопринтер чектерди тынымсыз басып чыгарууда:**<br>– термопринтерди өчүрүү,<br>«ALT+F4» клавишасы аркылуу ИСИИ программасын жабуу,<br>«Пуск» клавишасынын жардамы менен операциялык системаны башкаруу панелине кирүү, издөө сабында **принтер** сөзүн табуу, **«Принтер» - «Свойства принтера»** бөлүгүнө кирүү, **«Очередь** печати» дегенди тандоо«Ctrl+A» клавишасы аркылуу бөлүп көрсөтүү, басып чыгаруу кезегин жок кылуу.<br>Андан кийин термопринтерди күйгүзүү жана ИСИИни иштетүү.<br>**4. Термопринтер кагазды жей баштаса, анда**<br>термопринтерди кайра күйгүзүү керек. Кагазды кайра бырыштырса принтерди алмаштыруу<br>**5. Идентификациялоодо термопринтер чек басып чыгарбай жатат, бирок буга чейин нормалдуу иштеп жана чек чыгарып жаткан**<br>– Биринчи кезекте термопринтерди башка USBге кошуу зарыл ажыратуу (USB алмаштыруу кошулган принтерди ажыратуу);<br>– термопринтерди кайра иштетүү.<br>**6. Термопринтер чектин жартысын гана басып чыгара баштады:**<br>– термопринтерди кайра күйгүзүү керек, ошондой эле ноутбукту кайра иштетүү.<br>Термопринтер өчүрүлгөн учурда кайра кошуу. |

**МААНИЛҮҮ!**

**Шайлоочуну идентификациялоо аралыктан жана шайлоочуну идентификациялоо жол жобосу байкоочуга монитордон көрүнүп туруу шартында жүргүзүлөт.**

**Мониторго төмөнкү маалымат чыгат:**



бул шайлоо участкасындагы шайлоочулардын тизмесине кирген жарандардын жалпы саны

азыркы учурда бул шайлоо участкасында идентификациядан өткөн жана чек алган шайлоочулардын саны;

индентификациядан өткөн шайлоочунун сүрөтү;

жабдуунун техникалык мүмкүнчүлүктөрүнө ылайык БШКнын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы менен бирдикте аныкталган башка маалымат.

**Жарандарды кагаздагы шайлоочулардын тизмесине каттаган УШКнын жооптуу мүчөсү төмөнкүлөрдү кылууга милдеттүү:**

- шайлоочу менен саламдашуу;
- шайлоочунун инсандыгын ырастоочу документин жана аты-жөнүн суроо;
- шайлоочудан идентификациядан өткөндөн кийин берилген чектин болуусун суроо;
- шайлоочулардын тизмесинен шайлоочунун аты-жөнүн табуу жана шайлоочунун паспортунун сериясын жана номерин коюп чыгуу.

**Шайлоо бюллетендерин берүүгө УШКнын жооптуу мүчөсү :**

- шайлоочу УШКнын мүчөсү тарабынан жасалган жазуулардын тууралыгын текшергенден кийин жана ал кол койгондон кийин шайлоо бюллетенин берүү;
- шайлоо бюллетендин берилиши жөнүндө шайлоо тизмесине кол коюу.

**АЭУнун ишине УШКнын жооптуу мүчөсү:**

- добуш берүү мезгилде шайлоо участкасында АЭУнун иши үчүн жооп берет;
- добуш берүү учурунда добуш берүүнүн жашыруундулугун сактоо шарттында шайлоочуга техникалык жардам көрсөтөт.

**АЭУ аркылуу шайлоочулар тарабынан бюллетень салууну өткөрүү үчүн УШКнын жооптуу мүчөсү:**

- шайлоочулардын жашыруун добуш берүү үчүн кабиналарга баруусун контролдойт:
- добуш берүү үчүн үкөктүн жанында шайлоо бюллетенин салган шайлоочудан башка адамдын болушуна тыюу салынат, буга бюллетень салуу эрежелери менен кыйналган шайлоочунун өтүнүчүбоюнча АЭУга жооптуу УШКнын мүчөсү чакыртылган учурлар кирбейт;
- добуш берүү үчүн жайда болгон адамдарга үкөккө байкоо жүргүзүүгө тосуп же башка ыкма менен тоскоолдук кылууга тыюу салат;

- талапкерлердин өкүлдөрүнүн, ЖМКлардын өкүлдөрүнө жана байкоочуларга байкоо жүргүзүүгө тоскоолдук кылган шайлоочулардын топтолуусун болтурбоону контролдойт.

АЭУ бюллетень кабыл албаса эмне кылуу керек?

- АЭУнун туруктуу орнотулушун текшерүү;
- бюллетенди дагы бир жолу салып көрүү.

**Добуш берүү күнү АЭУ бузулган учурда эмне кылуу керек?**

- АЭУнун ишке жөндөмдүүлүгүн кайра калыбына келтирүү үчүн техникалык колдоо көрсөтүүнүн мобилдик тобу менен токтоосуз байланышуу;
- добуш берүүнү запаста турган АЭУнун негизинде ишке ашыруу, бул жөнүндө УШКнын бардык катышуучу мүчөлөрү жана операторлордун кол коюусу менен акт түзүлөт.

**КӨҢҮЛ БУРУҢУЗДАР! ЭСКЕ САКТАП КАЛЫҢЫЗДАР!**

Шайлоо күнү автоматтык эсептөөчү урна бузулган учурда, добуш берүү запастык автоматтык эсептөөчү урнаны пайдалануунун негизинде жүзөгө ашырылат. Мында участкалык шайлоо комиссиясы акт түзөт, ага участкалык шайлоо комиссиясы катышып отурган бардык мүчөлөрү жана операторлор кол коюшат.

Автоматтык эсептөөчү урналардын бузулгандыгынын натыйжасында алмашылгандардын иштөө жөндөмдүүлүгү калыбына келтирилген учурда, аларды добуш берүү күнүнүн ичинде добуш берүү үчүн кайра пайдаланууга жол берилбейт.

**Шайлоочунун иш-аракеттери:**

- жеке өзү добуш берет, башкалар үчүн добуш берүүгө жол берилбейт;
- өзүнүн инициалдарынын туура жазылышын текшерет жана шайлоочулардын кагаздагы тизмесине кол коет;
- башка адамдардын болуусуна жол берилбеген атайын жабдылган кабинада шайлоо бюллетенин толтурат;
- шайлоочулардын добушун автоматтык түрдө эсептөөгө арналган түзүлүш аркылуу толтурулган шайлоо бюллетенин өткөрөт;
- бюллетень АЭУ аркылуу өткөндөн кийин добуш берүү жайдан токтоосуз кетүүгө милдеттүү.

**Шайлоо бюллетенин толтуруунун тартиби:**

- Шайлоо бюллетени шайлоочу тарабынан добуш берүү кабинада толтурулат.
- Мында, добуш берүүчүдөн башка адамдын болушуна жол берилбейт.
- Добуш берүүдө шайлоочу шайлоо бюллетендеги, добуш бере турган талапкердин фамилиясынан оң жакта жайгашкан бош чарчыга белги (галочка) коет.
- Эгерде шайлоочу бардык талапкердерге каршы добуш берсе, ал «Баардыгына каршы» деген саптан оң тарапта жайгашкан бош чарчыга белги коет.

**Шайлоо бюллетенин өз алдынча толтурууга мүмкүнчүлүгү жок шайлоочунун добуш берүүсү**

Шайлоо бюллетенин алгандыгы үчүн өз алдынча кол коюуга, шайлоо бюллетенин толтурууга мүмкүндүгү жок шайлоочунун өтүнүчү боюнча дайындалган адам шайлоочунун эркин билдирүүсүнө толук ылайык келген аракеттерди жасоого милдеттүү.

**Эгерде шайлоочу шайлоо бюллетенин толтурууда ката кетирип алдым деп эсептесе эмне кылуу керек?**

- Шайлоочу шайлоо бюллетенин берген участкалык шайлоо комиссиясынын бюллетень берген мүчөсүнө бузулган шайлоо бюллетенинин ордуна жаңысын берүү өтүнүчү менен кайрылышы керек.
- Шайлоо комиссиясынын мүчөсү шайлоочулардын тизмесинде бул шайлоочунун фамилиясынын тушуна тиешелүү белги коюу менен жаңы шайлоо бюллетенин берет.
- Бузулган шайлоо бюллетени керектен чыгарылып, ал жөнүндө акт түзүлөт. (№ 16 Форма).

## VI. 4-ЭТАП. УШКнын ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ – "ДОБУШ БЕРҮҮНҮН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫН БЕЛГИЛӨӨ ТАРТИБИ"

***(«КР Президентин жана КР ЖК депутаттарын шайлоо жөнүндө» КРКМ34-35 -беренелери менен жөнгө салынат»)***

Участкалык комиссиянын ишинде эң жооптуу этап башталат. Бул үчүн биринчи кезекте добуш берүүчү жайдын эшиктерин саат 20:00до жабуу керек. Андан ары:

- УШК төрагасы добуш берүүчү жайдын ичиндеги шайлоочулар гана шайлоо бюллетендерин алып, добуш бере ала турганын кулактандырат;
- оператор менен бирге шайлоочуларды идентификациялоону жүзөгө ашыруучу УШК мүчөсү УШК төрагасына участокто идентификациялоо жүргүзүлгөндүгү жөнүндө жыйынтык отчетту дароо берүүгө милдеттүү;
- УШК катчысы отчеттун мөөр менен күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсүн добуш берүүчү жайда турган талапкерлердин өкүлдөрүнө, байкоочуларга жана ЖМКларга берет.

| |
|---|
| Добуштарды саноо жана добуш берүүнүн жыйынтыктарын белгилөө процессинде байкоочулар, талапкерлердин өкүлдөрү, ЖМК фотого, кино-, видеого тартышы мүмкүн. |

**Шайлоочуларды каттоо үчүн жооптуу УШК мүчөлөрү** шайлоочулардын тизмесинин ар бир барагына төмөнкүдөй жыйынды маалыматтарды киргизүүгө милдеттүү:

– добуш берүүчү жайда шайлоо бюллетендерин алган шайлоочулардын саны (шайлоочулардын тизмесиндеги шайлоочулардын кол тамгаларынын саны боюнча белгиленет, добуш берүүчү жайдан тышкары добуш берген шайлоочулардын саны киргизилбейт).

– добуш берүүчү жайдан тышкары добуш берүү үчүн бюллетень алган шайлоочулардын саны (шайлоочулардын тизмесиндеги тиешелүү белгилердин саны боюнча белгиленет).

– добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын жалпы саны, (а, б) суммасы катар белгиленет.

**УШК төрагасы менен катчысы тизменин акыркы бетине** тизменин бардык беттери боюнча маалыматтардын суммасы катары аныкталган **жыйынтык маалыматтарды киргизишет,** аларды өз кол тамгалары жана УШКнын мөөрү менен күбөлөндүрүшөт.

**Участкалык шайлоо комиссияларынын шайлоо бюллетендерин берүү үчүн жооптуу мүчөлөрү:**

- пайдаланылбай калган шайлоо бюллетендерин санап чыгат;
- аларды төмөнкү оң бурчун кесүү жолу менен керектен чыгарат (мында катталган талапкерлер, талапкерлердин тизмеси жөнүндө маалыматтардын оң жагында жайгашкан квадраттарды бузууга жол берилбейт), бул жөнүндө акт түзүлөт;

- аларды ведомость боюнча участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасына тапшырат, бул жөнүндө акттүзүлөт;
- УШК сейфиндеги пайдаланылбай калган шайлоо бюллетендери ушундай эле жол менен керектен чыгарылат, бул жөнүндө акт түзүлөт;
- керектен чыгарылган шайлоо бюллетендери эсептелет жана пакетке таңгакталат, ал участкалык шайлоо комиссиясынын мөөрү жана мүчөлөрүнүн койгон колдору менен бекитилет;
- пакетке «Керектен чыгарылган шайлоо бюллетендери» деген жазуу жазылат, алардын саны жана шайлоо участогунун номери көрсөтүлөт.

**Жокко чыгарылган бюллетендердин саны** = **Пайдаланылбаган бюллютендеринин саны** + **Шайлоо учурунда ката толтурулган (бузулган) бюллетен-дердин саны**

Пайдаланылбаган шайлоо бюллетендеринин жана ката толтурулган (бузулган) катары шайлоочулар тарабынан кайра кайтарылган шайлоо бюллетендеринин санынын суммасы катары аныкталган бардык жокко чыгарылган шайлоо бюллетендеринин саны жарыя кылынуу менен протоколго жана анын чоңойтулган формасына киргизилет.

Шайлоочулардын тизмеси менен жумуштарды жүргүзгөндөн кийин, УШК төрагасы катышып отургандарга алар менен көрүп, таанышууну сунуштайт.

**УШКнын төрагасы шайлоочулардын тизмесине киргизилген бардык маалыматтарды жарыялайт жана аларды добуш берүүнүн жыйынтыгы жөнүндө протоколдун тийиштүү саптарына жана анын чоңойтулган формасына киргизет.**

- Андан кийин шайлоочулардын тизмеси сейфке (шкафка) салынат.
- Шайлоочуларга берилген шайлоо бюллетендеринин саны чектерди саноо жолу менен кошумча текшерилет.
- Шайлоочулардын тизмеси менен жумуштарды жүргүзгөндөн кийин шайлоочуларга берилген шайлоо бюллетендеринин саны жөнүндө акт түзүлөт.
- Төраганын колу коюлган жана участкалык шайлоо комиссиясынын мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн актынын көчүрмөсүн катышып отурган талапкерлердин, ЖМК өкүлдөрүнө, байкоочуларга берет,
- андан кийин маалыматтар чоңойтулган протоколго киргизилет.

### Шайлоо бюллетендерин керектен чыгаруу тартиби

| |
|---|
| Аларды төмөнкү оң жагын кесүү менен керектен чыгарат (мында катталган талапкер жөнүндө маалыматтардын он жагында жайгаштырылган бош квадратты бузууга жол берилбейт). |

**Керектен чыгарылган бардык шайлоо бюллетендери:**

- эсептелет жана пакетке таңгакталат
- анан УШКнын мөөрү жана анын мүчөлөрүнүн колтамгалары менен бекитилет
- Пакетке «Керектен чыгарылган шайлоо бюллетендери» деген жазуу жазылат,
- алардын саны жана шайлоо участканын номери көрсөтүлөт.

**УШК мүчөлөрүнүн андан аркы иш аракеттери:**

- **УШКнын мүчөлөрү** добуш берүү үчүн көчмө үкөктөрдөгү шайлоо бюллетендерин **милдеттүү түрдө эсептөөгө киришет.**
- **УШКнын** добуш берүүчү жайдан тышкары добуш берүүнү жүргүзгөн **мүчөлөрү** пломбалардын, мөөрлөрдүн жана көчмө үкөктөрдү мөөрлөп бекитүүдө катышкан УШКнын мүчөлөрү, башка адамдар койгон колдордун сакталганын **көрсөтөт**
- **УШКнын мүчөлөрү** добуш берүү үчүн көчмө үкөктөрдү **ачат.**
- **УШКнын мүчөлөрү** шайлоо бюллетендерин жана шайлоо үкөктөрүн мөөрлөп жабуу учурунда катышкан УШКнын мүчөлөрүнүн, башка адамдардын колдору менен контролдук баракты **алып чыгышат.**
- **УШКнын төрагасы** контролдук барактарды **көрсөтөт.**
- Добуш берүү үчүн ар бир көчмө үкөктү ачаардын алдында добуш берүү үчүн ушул көчмө үкөктү пайдалануу менен добуш берген шайлоочулардын жана берилген чектердин саны жарыяланат.
- Добуш берүү үчүн ар бир көчмө үкөктөгү шайлоо бюллетендерин эсептөө өз-өзүнчө жүргүзүлөт.

**МААНИЛҮҮ!**

Эгерде добуш берүү үчүн көчмө үкөктөгү шайлоо бюллетендеринин саны, алынган шайлоо бюллетендеринин жана берилген чектердин саны жөнүндө белгини камтылган шайлоочулардын арыздарынын санынан көп экени белгиленсе:

- добуш берүү үчүн ушул көчмө үкөктөгү бардык шайлоо бюллетендери жараксыз деп таанылат
- жана төмөнкү оң бурчун кесүү жолу менен керектен чыгарылат
- бул жөнүндө өзүнчө акт түзүлөт
- ал добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколго тиркелет
- жана анда УШКнын добуш берүүчү жайдан тышкары добуш берүүнү жүргүзүүнү камсыздаган мүчөлөрүнүн фамилиясы жана аты-жөнү көрсөтүлөт.
- бул жараксыз шайлоо бюллетендери өзүнчө таңгакталат жана
- мөөрлөнүп чапталат, мында таңгакта шайлоо участкасынын номери, үкөктүн номери жана шайлоо бюллетендеринин саны көрсөтүлөт жана
- «Добуш берүү үчүн көчмө үкөктөн алынган жараксыз шайлоо бюллетендери» деген жазуу жазылат.

**Көчмө үкөктөн алынган шайлоо бюллетендери добуш берүүчү үкөккө (АЭУ) салынат.**

Шайлоочулардын добуштарын түздөн-түз эсептөөнүн алдында **УШКнын төрагасы автоматтык эсептөөчү урналар боюнча добуш берүүнүн алдын ала жыйынтыктарын жарыялайт,** бул жөнүндө өзүнчө акт түзүлөт, ал добуш берүүнүн жыйынтыктары тууралуу протоколго тиркелет жана участокто бардык катышып отургандардын алдында жарыя кылынат.

Автоматтык эсептөөчү урналар добуш берүүнүн бүткүл мезгилинде добуш берүүнүн купуялуулугунун ачылышына жол бербөөгө жана **зымдуу жана зымсыз тарамдарга кошулбоого тийиш.**

АЭУлардан добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө маалыматтарды алуу саат **20:00дон кийин** УШКнын чечими боюнча жүзөгө ашырылат.

АЭУнун мөөр менен күбөлөндүрүлгөн (алгачкы жана жыйынтык) отчеттору, мөөр менен күбөлөндүрүлгөн идентификациялоо боюнча баштапкы жана жыйынтык отчеттор участокто бардык катышып отургандарга берилет.

### 6.1. Добуштарды кол менен эсептөөнүн жол-жобосу

***(«КР Президентин жана КР ЖК депутаттарын шайлоо жөнүндө» КР КМ35-беренеси менен жөнгө салынат )***

- **УШКнын төрагасы** шайлоо бюллетендерин кол менен эсептөө башталганын жарыялайт.
- **УШКнын төрагасы** мөөрдүн (пломбанын) бузулбаганын көрсөтөт жана АЭУнуачат.
- **УШКнын мүчөлөрү** шайлоо бюллетендерин жана эртең менен шайлоо үкөктөрүн мөөрлөп жабуу учурунда катышкан УШКнын мүчөлөрүнүн, башка адамдардын колдору коюлган контролдук баракты **алып чыгышат.**
- **УШКнын төрагасы** катышкандарга контролдук баракты **көрсөтөт.**

**МААНИЛҮҮ! ЭСИҢИЗГЕ САКТАП КАЛЫҢЫЗ!**

**Добуштарды саноону баштоо алдында добуш берүүчү жайда АЭУнун ичиндеги бюллетендерден башка бир да бюллетень болбоого тийиш.**

**УШКнын мүчөлөрү** добуш берүү үчүн АЭУдан (туруктуу орнотулган үкөктөрдөн) алынып чыккан шайлоо бюллетендерин талапкерлердин ар бири үчүн жана «Баарына каршы» позициясы үчүнберилген добуштар боюнча **иргешет.**

- Шайлоо бюллетендерин сорттоодо **УШК төрагасы** шайлоо бюллетендеринде камтылган шайлоочулардын белгилерин **угуза жарыялайт** жана шайлоо бюллетендерин саноодо катышып отургандарга визуалдык көрүүсү үчүн берет.
- Андан кийин ар бир талапкер жана «Баардыгына каршы» позициясы боюнча өзүнчө белгиленген формадагы шайлоо бюллетендери боюнча шайлоочулардын добуштары эсептелет.
- Сорттолгон шайлоо бюллетендерин саноо бир таңгактан башкасына бирден коюу менен угуза жүргүзүлөт жана шайлоо бюллетендерин саноодо катышып отургандар уккудай жана шайлоо бюллетениндеги шайлоочу койгон белги көрүнгөндөй коюлат.
- Ар бир талапкерлер жана «Баардыгына каршы» позициясы үчүн берилген шайлоо бюллетендериндеги шайлоочулардын тийиштүү белгиси (добуштары) боюнча аныкталуучу алынган маалыматтар добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколго жана анын чоңойтулган формасына киргизилет.
- **УШК мүчөлөрү** шайлоочулардын эрк билдирүүсүн аныктоого мүмкүндүк берген шайлоочулардын белгилери боюнча аныкталган анык шайлоо бюллетендеринин санын **эсептешет,** угуза айтышат жана добушберүүнүн жыйынтыктары жөнүндөгү протоколго жана анын чоңойтулган формасына киргизишет.

### 6.2. УШКнын жараксыз бюллетендер менен иштөөсү

***(«КР Президентин жана КР ЖК депутаттарын шайлоо жөнүндө» КР КМ 35-беренеси менен жөнгө салынат )***

Жараксыз шайлоо бюллетендери эсептелет жана өзүнчө кошулат. Жараксыз деп төмөнкү шайлоо бюллетендери эсептелет:

- алар боюнча шайлоочунун эрк билдирүүсүн аныктоо мүмкүн болбосо;
- добуш берүү үчүн көчмө үкөктөн алынгандар (эгерде добуш берүү үчүн көчмө үкөктөн алуу фактысы орун алып, андан алынган шайлоо бюллетендеринин саны алынган шайлоо бюллетендеринин саны жөнүндө белгини камтыган шайлоочулардын арыздарынын санынан ашса);
- аларда талапкерлердин пайдасына белги бир позициядан ашык болсо.

Белгисиз формадагы бюллетендерге БШК аныктаган корголуу белгиси коюлбаган, УШКнын мөөрү менен күбөлөндүрүлбөгөн жана башка коюлган белгилерди камтыбаган бюллетендер кирет.


Шайлоо бюллетенин жараксыз деп таанууда күмөн саноо келип чыкса УШК маселени добуш берүү аркылуу чечет, мында шайлоо бюллетенинин арткы тарабына аны жараксыз деп табуунун себептери көрсөтүлөт жана бул жазуу УШКнын төрагасынын жана катчысынын колтамгасы менен тастыкталат жана УШКнын мөөрү менен күбөлөндүрүлөт.

**6.1. Жарактуу бюллетендеринин мисалдары (АЭУ жарактуу деп эсептейт)**

## 6.1. Жарактуу бюллетендердин үлгүлөрү
**(АБС жарактуу катары санайт)**

Чакмактын ичинде белги туура коюлган ✓

1





Белги түрүндө коюлга берилген ○ ● х

2





Тийиштүү талапкердин тушуна бир нече белги коюлган

3





Тийиштүү талапкердин тушуна, чарчынын ичине белги коюлган, ошондой эле башка талапкерлер белгиленген, бирок чарчыдан тышкары

4




Белги башка талапкерлердин чарчысынын чек арасына жетпейт

5




Белги туура коюлган, бирок ылдый жагы чиймеленген


6




## Жараксыз бюллетендердин мисалдары
**(АЭУ таанылбаган бюллетендерди өзүнчө чыгарат)**


Отметка не поставлена в квадрате или поставлена вне квадрата

1





Количество отметок превысило необходимое число

2





Поставлено сразу несколько отметок: напротив кандидата и на отметке «против всех»

3





Отметка поставлена между двумя квадратами

4





Наличие дополнительной точки напротив другого кандидата

5




Наличие других пятен, помарок в окошке напротив других кандидатов

6




**УШКнын төрагасы** бардык добуштарды саноого катышкандарга УШКнын мүчөлөрүнүн контролдугу астында шайлоо бюллетендери менен көрүп таанышууну сунуш кылат.

Добуш берүү үчүн жайда шайлоо бюллетендерин алган шайлоочулардын саны жарыяланат жана добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколдун **5б сабына** жана анын чоңойтулган формасына жазылат.

Автоматтык эсептөөчү урнанын маалыматтары добуштарды кол менен саноонун жыйынтыктары менен дал келбеген учурда талапкерлердин өкүлдөрү же байкоочулардын талабы боюнча добуштар кайра саналат. Шайлоо бюллетендери талапкерлердин өкүлдөрү же байкоочулардын түздөн-түз катышуусунда жана алар тараптан көрүп контролдоо мүмкүнчүлүгүн берүү менен кайра саналат.

Шайлоо бюллетендерин кайра саноо угуза жүргүзүлөт.

**УШК мүчөлөрү төмөнкүлөргө укугу жок бюллетендер менен иштөө боюнча кайра саноодо:**

- *Пайдаланылбаган бюллетендерди керектен чыгаруу жол-жобосун бузууга.*
- *Бюллетендерди саноодо байкоочунун байкоо жүргүзүү укугун бузууга.*
- *Добуштарды саноодо бюллетендерди иргөө жол-жобосун бузууга.*
- *Шайлоочуларга берилген шайлоо бюллетендерин саноого байкоо жүргүзүүдө байкоочунун укугун бузууга.*
- *Добуштарды саноодо жараксыз бюллетендерди саноо жол-жобосун бузууга.*
- *Бюллетендери иргөөдө анын мазмунун жарыялоо жол-жобосун бузууга.*
- *Иргелген бюллетендер менен көрүп таанышууга байкоочулардын укуктарын бузууга.*
- *Добуштарды саноодо кандай болбосун толтурулган же толтурулбаган бюллетендер менен көрүп таанышууга байкоочулардын укуктарын бузууга.*
- *Эки жана андан ашык шайлоо бюллетендерин мазмунун бир маалда жарыялоого.*
- *Шайлоо бюллетендерин толук иргөө аяктаганга чейин шайлоо бюллетендерин саноого.*
- *Добуш берүүнүн алдында үкөктөрдү берүү тартибин бузууга.*
- *Добуштарды тикелей саноодо жазуу шаймандарын пайдаланууга.*
- *Байкоочулардын, талапкерлердин, ЖМКлардын өкүлдөрүнүн талабы боюнча добуштарды кайра саноо өткөрүүдөн негизсиз баш тартууга.*
- *Шайлоо комиссиясы тарабынан участокто добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө маалыматтарды байкоочуларга берүүдөн баш тартууга.*
- *Шайлоо комиссиясынын добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө чечимдерине даттануулар боюнча чечим кабыл алуу мөөнөттөрүн бузууга.*
- *Добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколдорду түзүүгө байкоо жүргүзүүгө байкоочулардын укуктарын бузууга;*
- *Добуш берүү аяктагандан кийин шайлоочулардын добуштарын саноону кечигүү менен баштоого.*
- *Шайлоочулардын добуштарын саноону тыныгуу менен жүргүзүүгө.*
- *УШКнын жыйналышын өткөрбөстөн шайлоо участкасында добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколго өзгөртүүлөрдү киргизүүгө, мисалы, бул протоколдо так эместиктерди же каталарды табууда өзгөртүүлөрдү киргизүүгө.*

### 6.3. Добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протокол менен иштөө


***(«КР Президентин жана КР ЖК депутаттарын шайлоо жөнүндө» КР КМ 35-беренеси менен жөнгө салынат)***

**Добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколду толтуруу боюнча нускама**

Участкалык шайлоо комиссиясынын добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протокол (мындан ары – протокол) **милдеттүү түрдөкара түстөгү** пастасы бар шарик калемсап менен гана толтурулат.

Протоколдо цифралар графаларга пунктир менен киргизилет.

Протоколду толтурууда цифралар төмөнкүдөй жазылышы керек:



Добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө УШКнын протоколунда төмөнкү маалыматтар көрсөтүлүшү керек:

- ✓ нусканын номери;
- ✓ шайлоонун деңгээлинин берилиши;
- ✓ «Протокол» сөзү;
- ✓ шайлоо участкасынын номерин көрсөтүү менен комиссиянын аталышы;
- ✓ протоколдордун саптары:

**1-сап:** Талапкердин фамилиясы, аты, атасынын аты (шайлоо бюллетенинде көрсөтүлгөн тартипте), **«Баарына каршы»** берген жана талапкер үчүн берген шайлоочулардын добуштарынын саны;

**2-сап:** Участкалык шайлоо комиссиясы тарабынан алынган шайлоо бюллетендеринин саны;

**3-сап:** Шайлоо участогунун шайлоочуларынын тизмесине киргизилген шайлоочулардын саны;

**4-сап:** Керектен чыгарылган шайлоо бюллетендеринин саны;

**5-сап:** Шайлоо бюллетендерин алган шайлоочулардын саны (5=5а+5б+5в);

**5а-сап:** Добуш берүү үчүн жайда шайлоо бюллетендерин алган шайлоочулардын саны;

**5б-сап:** Добуш берүү үчүн жайдан тышкары добуш берүү үчүн шайлоо бюллетендерин алган шайлоочулардын саны **(жарактуу көчмө үкөктөр боюнча);**

**5в-сап:** Добуш берүү үчүн жайдан тышкары **(жараксыз көчмө үкөктөр боюнча)** добуш берүү үчүн шайлоо бюллетендерин алган шайлоочулардын саны;

**6-сап:** Жараксыз көчмө үкөктөрдөн алынган бюллетендердин саны;

**7-сап:** Жарактуу шайлоо бюллетендердин саны;

**8-сап:** Жараксыз шайлоо бюллетендердин саны **(жараксыз көчмө үкөктөрдөн алынган бюллетендер эсепке алынбайт, т.а. 6-сапты эсепке алуусуз).**

Добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколдун **2-сабына** жана анын чоңойтулган формасына участкалык шайлоо комиссиясы тарабынан алынган шайлоо бюллетендеринин саны киргизилет.

Шайлоочулардын тизмесине киргизилген шайлоочулардын саны жарыяланат жана протоколдун 3-сабына жана анын чоңойтулган формасына киргизилет.

| | | |
|---|---|---|
| 2. | Участкалык шайлоо комиссиясы алган шайлоо бюллетендеринин | |
| 3. | Шайлоо участкасында шайлоочулардын тизмесине киргизилген шайлоочулардын саны | |
| 4. | Жокко чыгарылган шайлоо бюллетендеринин саны | |
| 5. | Шайлоо бюллетендерин алган шайлоочулардын жалпы саны (5=5а+5б+5в) | |
| 5а | Добуш берүү үчүн жайда шайлоо бюллетендерин алган шайлоочулардын саны | |
| 5б. | Добуш берүүчү жайдан тышкары жерде добуш берүү үчүн бюллетендерди алган шайлоочулардын саны (жарактуу көчмө үкөктер боюнча) | |
| 5в. | Добуш берүүчү жайдан тышкары жерде добуш берүү үчүн бюллетендерди алган шайлоочулардын саны (жараксыз көчмө үкөктер боюнча) | |
| 6. | Жараксыз көчмө үкөктөрдөн алынып чыккан бюллетендердин саны | |
| 7. | Жарактуу шайлоо бюллетендеринин саны | |
| 8. | Жараксыз шайлоо бюллетендеринин саны (жараксыз көчмө үкөктөрдөн алынып чыккан бюллетендер эске алынбайт. б.а. 6-сап эске алынбайт) | |

Протоколдун саптарынын контролдук катышы

**1. 3 >= 5** – шайлоо участкасындагы шайлоочулардын тизмесине киргизилген шайлоочулардын саны шайлоо бюллетендерин алган шайлоочулардын санынан **көп** (5-сабы) **же барабар** (3-сап)

**2. 5 = 5а +5б + 5в** – шайлоо бюллетендерин алган шайлоочулардын саны (5-сабы) добуш берүү үчүн жайда шайлоо бюллетендерин алган шайлоочулардын санына (5а-сабы), жайдан тышкары добуш берүү үчүн шайлоо бюллетендерин алган шайлоочулардын санына **(жарактуу көчмө урналар боюнча)** (5б-сабы), жайдан тышкары добуш берүү үчүн шайлоо бюллетендерин алган шайлоочулардын **суммасына барабар** (5в);

**3. 6>5в** – жараксыз көчмө үкөктөрдөн алынган бюллетендердин саны (6-сабы) жараксыз көчмө үкөктөр боюнча добуш берүү үчүн бюллетендерди алган шайлоочулардын санынан **көп** (5в-сабы);

**4. 5>= 7 + 8 + 5в** – шайлоо бюллетендерин алган шайлоочулардын саны (5-сабы) жарактуу шайлоо бюллетендеринин санынан (7-сап), жараксыз шайлоо бюллетендеринин жалпы санынан (8-сабы), **(жараксыз көчмө үкөктөрдөн алынган шайлоо бюллетендери эске алынбайт т.а. 6-сап эске алынбайт),** жараксыз көчмө үкөктөр боюнча добуш берүү үчүн бюллетендерди алган шайлоочулардын санынан (5в-сабы) **көп же барабар;**

**5. 2>= 7 + 8 + 4** – алынган бюллетендерин жалпы саны (2-сабы) жарактуу шайлоо бюллетендеринин жалпы санынан (7-сабы), жараксыз шайлоо бюллетендеринин жалпы санынан (8-сабы) **(жараксыз көчмө үкөктөрдөн алынган шайлоо бюллетендери эске алынбайт, т.а. 6-сап эске алынбайт),** керектен чыгарылган бюллетендердин санынан (4-сабы) көп же барабар.

6. 7 = **«Талапкер үчүн» жана «Баардык талапкерлерге каршы» позициясы үчүн берилген шайлоочулардын добуштарынын суммасы – Жарактуу шайлоо бюллетендеринин саны** (7-сабы) **«Талапкер үчүн» берилген жана «Баардык талапкерлерге каршы» позициясы үчүн берилген шайлоочулардын добуштарынын** суммасына барабар.

Эгерде контролдук катыштар дал келбесе, УШК талапкерлердин өкүлдөрүнүн, байкоочулардын катышуусунда добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколдун айрым саптары боюнча кайра саноо чечимин кабыл алат.

**УШКнын мүчөлөрүнүн андан аркы иш-аракеттери:**

I. АЭУ чыгарган шайлоо участкасында добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө акт, участкалык шайлоо комиссиясы тарабынан шайлоо бюллетендерин кол менен саноонун негизинде түзүлгөн добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколго тиркелет.

II. Эки протоколго тең участкалык шайлоо комиссиясынын бардык мүчөлөрү кол коет жана АКТ менен чогуу АШКга берилет.

III. Добуштар саналгандан кийин УШК милдеттүү **түрдө жыйынтыктоочу жыйналышты өткөрөт,** анда шайлоочулар добуш берүүдө жана алардын добуштарын саноодо келип түшкөн даттануулар (арыздар)каралат, ар бир даттануу (арыз) боюнча чечим кабыл алынат.

IV. Андан кийин участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү жана келип түшкөн даттануулар (арыздар) боюнча участкалык шайлоо комиссиясы кабыл алган чечимге макул болгон арыз ээлери шайлоо комиссиясынын **жыйынтыктоочу жыйналышынын протоколуна кол коет.**

V. Участкалык шайлоо комиссиясынын жыйынтыктоочу жыйналышынын протоколуна кол коюу учурунда протоколдун мазмунуна макул болбогон шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү ага өзүнүн өзгөчө пикирин тиркөөгө укуктуу, бул жөнүндө протоколго тиешелүү жазуу жазылат.

VI. Борбордук шайлоо комиссиясы бекиткен формада добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протокол шайлоо комиссиялары тарабынан **эки нускада түзүлөт** жана ага шайлоо комиссиясынын катышып отурган бардык мүчөлөрү кол коет.

VII. Участкалык шайлоо комиссиясы тарабынан добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколго кол коюлгандан кийин добуш берүүнүн жыйынтыктары катышып отурган талапкерлердин өкүлдөрүнүн, байкоочулардын, ЖМКлардын өкүлдөрүнүн алдында токтоосуз жарыяланат.

Добуш берүүнүн жыйынтыктарын жарыялагандан кийин автоматтык эсептөөчү урналар аркылуу сканерлөө жолу менен БШКнын борбордук серверине жөнөтүлөт

- добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протокол
- шайлоочуларды идентификациялоо боюнча баштапкы, жыйынтыктоочу чектер
- автоматтык эсептөөчү урналар боюнча баштапкы, жыйынтыктоочу чектер УШКнын мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн

VIII. Добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протокол ката толтурулган учурда тийиштүү акт түзүлөт, ал да сканерленет жана жаңыдан толтурулган жана добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө кол коюлган протокол менен чогуу БШКнын борбордук серверине жөнөтүлөт.

IX. Добуштардын саноого катышкан ар бир адамга участкалык шайлоо комиссиясынын катчысы добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколго кол коюлгандан кийин токтоосуз добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколдун мөөр менен күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсүн (ксерокөчүрмөсүн) берүүгө милдеттүү.

X. Добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протокол түзүлгөндөн кийин өзүнчө таңгакка таңгакталат.

- иргелген шайлоо бюллетендери
- шайлоочулардын тизмелери
- чектер
- автоматтык эсептөөчү урналардын отчеттору
- идентификациялоо боюнча баштапкы жана жыйынтык отчеттору

XI. Таңгактар мөөр басып чапталат, УШКнын мүчөлөрү кол коет жана өзүнчө капка же коробкага салынат.

XII. УШКнын мүчөлөрү каптагы же коробкадагы салынган документтердин тизмегин жана шайлоо участкасынын номерин көрсөтөт.

**БШКнын борбордук серверине келип түшкөн сканерленген документтер протоколду толтуруунун тууралыгына ылайыктуулугун текшергенден кийин БШКнын сайтына жарыяланат**

XIII. УШКнын төрагасы же УШКнын мүчөлөрүнүн бири тарабынан саноого катышкан талапкерлердин өкүлдөрүнүн коштоосунда АШКга токтоосуз жеткирилет

- Добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколдун биринчи нускасы
- шайлоочулардын тизмеси
- келип түшкөн арыздар (даттануулар) жана алар боюнча кабыл алынган чечимдер
- участкалык шайлоо комиссиясы тарабынан түзүлгөн актылар
- автоматтык эсептөөчү урналардын баштапкы жана жыйынтыктоочу протоколдору
- идентификациялоо боюнча баштапкы жана жыйынтыктоочу отчетту

XIV. Протоколдун экинчи нускасы, ошондой эле УШКнын мөөрү **УШКнын катчысында** сакталат, алардын аныктыгы жана комиссиянын иши аяктаганга чейин сакталышы үчүн мыйзамда белгиленген жоопкерчиликти тартат.

XV. Добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколдун чоңойтулган формасы жалпы таанышуу үчүн участкалык шайлоо комиссиясы аныктаган жерге илинет жана УШКнын иши аяктаганга чейин сакталат

XVI. Шайлоого катышкан шайлоочулардын тизмеси же анын мөөр менен күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү 2 календардлык күндөн кечиктирилбестен УШКнын жайларынын алдындагы тактада илинет.

### 6.4. Протоколду толтуруунун тууралыгын жана толуктугун текшерүү параметрлери


- Саптарды толтуруунун тактыгы жана толуктугу, оңдоолордун жоктугу, колтамганын, мөөрдүн болушу.
- Цифралар бул максаттарга арналган чарчыга киргизилет. Эгерде цифралардын саны төрттөн аз болсо, катардын башталышында турган бош чарчыларга нөлдөр коюлат.
- Добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколду карандаш менен толтурууга жол берилбейт.
- Протоколго кандайдыр бир оңдоолорго жол берилбейт, протоколдо ката бар болгон учурда , –жаңы протоколдун бланкы толтурулат.
- Толтурулбаган же толук эмес толтурулган бланкка кол коюуга жол берилбейт .
- Добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө УШКнын протоколуна УШКнын бардык мүчөлөрү кол коет.

- «Өзгөчө пикир» бар болсо протоколдун тийиштүү сабындагы комиссиянын мүчөсүнүн каршысында пикир жазылып жана комиссиянын ошол мүчөсүнүн колтамгасы коюлат.
- УШК протоколу ага УШКнын белгиленген мүчөлөрүнүн көпчүлүк добушу менен кабыл алынып, кол коюлса анык деп эсептелинет.

**Добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколду жана шайлоочуларды идентификациялоонун жыйынтык отчетторун сканерлөө жана жөнөтүү**

Добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протокол саналып, толтурулуп жана кол коюлгандан кийин автоматтык эсептөөчү урнанын оператору протоколду жана шайлоочуларды идентификациялоонун жыйынтык отчетун автоматтык эсептөөчү урна аркылуу сканерлөө менен БШКнын борбордук серверине жөнөтөт.

- Протоколду жөнөтүүнүн алдында жыйынтыктоочу суммалардын, контролдук катыштардын туура толтурулгандыгын дагы бир жолу текшериңиз.
- Эгерде добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протокол туура эмес толтурулуп жана борбордук серверге жөнөтүлгөн болсо биринчи добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколду толтурууга катышкан байкоочулардын, талапкерлердин өкүлдөрүнүн жана УШКнын мүчөлөрүнүн катышуусунда жаңы протоколду толтуруу жөнүндө акт түзүлөт.
- Андан кийин кол коюлган протокол да сканерленет жана БШКнын борбордук серверине жөнөтүлөт, мында ошондой эле жаңы протокол түзүлгөндүгү жөнүндө **акт** да сканерленет жана жөнөтүлөт.
- Протокол жана шайлоочуларды идентификацияло жөнүндө жыйынтыктоочу отчет АЭУдан алынган маалыматтарга тиркөө менен ИИС сайтына коюлат.



## 6.5. УШК документтерин АШКга берүү жол-жобосу

Участкалык шайлоо комиссияларынын добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколдорунун биринчи нускалары шайлоо документтери менен чогуу ага УШК мүчөлөрү кол койгондон кийин токтоосуз актбоюнча тийиштүү аймакта добуш берүүнүн жыйынтыктарын чыгарып жаткан аймактык шайлоо комиссиясына жөнөтөт.

Тийиштүү аймакта добуш берүүнүн жыйынтыктарын чыгарууну участкалык шайлоо комиссияларынан түздөн-түз келип түшкөн протоколдордун негизинде, аларда камтылган маалыматтарды кошуу жолу менен аймактык шайлоо комиссиясы ишке ашырат.

Тийиштүү аймактык шайлоо комиссиясы тарабынан протоколдорду кабыл алуу жана добуш берүүнүн жыйынтыктарын чыгаруу Борбордук шайлоо комиссиясы белгилеген тартипте жана мөөнөттөрдө жүзөгө ашырылат.

**МААНИЛҮҮ! ЭСТЕ САКТАП КАЛЫҢЫЗДАР!**

### УШК төмөнкү документтерди АШКга берет:

Добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколдун биринчи нускасы ага кол коюлгандан кийин шайлоо документтери менен чогуу, анын ичинде шайлоо бюллетендери, шайлоочулардын тизмелери, арыздар (даттануулар), участкалык шайлоо комиссиясы түзгөн алар боюнча кабыл алынган чечимдер, актылар, автоматтык эсептөөчү урналардын отчеттору, идентификациялоо боюнча баштапкы жана жыйынтыктоочу отчет добуш берүү күнүнөн кийинки күндүн эртең мененки саат **06:00дон кечиктирбестен АШКга** талапкерлердин өкүлдөрүнүн **коштооосунда УШК төрагасы токтоосуз жеткирет.**


Борбордук шайлоо комиссиясы тизмесин аныктаган чет мамлекеттердин аймагында же алыскы жерлерде болгон шайлоо участкаларынын участкалык шайлоо комиссиялары ушул бөлүктө көрсөтүлгөн документтерди жеткирүүнү Борбордук шайлоо комиссиясы белгилеген мөөнөттөрдө ишке ашырат.

**Протоколдун экинчи нускасы,** ошондой эле УШКнын мөөрү УШКнын катчысында сакталат, ал алардын аныктыгы жана комиссиянын иши аяктаганга чейин сакталышы үчүн мыйзамдарда каралган жоопкерчиликти тартат.

Добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколдункошумча нускасы участкалык шайлоо комиссиясы тарабынан Борбордук шайлоо комиссиясына жөнөтүлөт.

| № | **СЕЙФ-ПАКЕТ**   |
|---|---|
| 1 | УШКнын добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколу |
| 2 | Мөөр менен күбөлөндүрүлгөн автоматтык эсептөөчү урнанын (АЭУ) баштапкы жана жыйынтык отчеттору. |
| 3 | Добуш берүү үчүн жайдан тышкары добуш берүү күнү идентификациялоо боюнча баштапкы жана жыйынтык отчеттору. |
| 4 | Добуш берүү күнү идентификациялоо боюнча баштапкы жана жыйынтык отчеттору. |

<table>
<tr><td>5</td><td>АКТЫЛАР<br>1. АШКдан алынган шайлоо бюллетендеринин кайра саноо жөнүндө.<br>2. автоматтык эсептөөчү урна (АЭУ) боюнча добуш берүүнүн алдын-ала жыйынтыктары;<br>3. стационардык үкөктөн чыккан анык эмес бюллетендерди кайра саноо жөнүндө;<br>4. бузулган бюллетендерди жокко чыгаруу жана жаңы берилген бюллетендер жөнүндө;<br>5. добуш берүү үчүн пайдаланылбаган шайлоо бюллетендерин жокко чыгаруу жөнүндө<br>6. добуш берүү үчүн көчмө үкөктөгү шайлоо бюллетендерин жараксыз деп таануу жөнүндө<br>7. шайлоочуларды идентификациялоо жабдуусу иштебей калса эки нускада;<br>8. УШКнын добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколунун 1-нускасын шайлоо документтери менен берүү жөнүндө<br>9. шайлоочуларга УШК берген шайлоо бюллетендеринин саны жөнүндө;<br>10. жайдан тышкары добуш берүү аяктагандыгы жөнүндө;<br>11. АЭУ иштебей калса эки нускада;<br>12. Кол менен эсептөөдөгү протоколго өзгөртүү киргизүү жөнүндө<br>13. Шайлоо мыйзамдарынын бузулушу жөнүндө<br>14. АЭҮ бузулган учурда пайдаланылган шайлоо бюллетендеринин саны</td></tr>
<tr><td>6</td><td>РЕЕСТРЛЕР<br>1. жайдан тышкары добуш берүү жөнүндө арыздар<br>2. шайлоочунун укуктарын бузуу жөнүндө<br>3. арыздар жана даттануулар<br>4. байкоочулардын катышуусу жөнүндө<br>5. протоколдордун көчүрмөлөрүн берүү жөнүндө<br>6. шайлооочулардын тизмесиндеги маалыматтарды тактоо учун арыздырды эсепке алуу арыз<br>7. идентификациялоодон өтпөгөн шайлоочулар<br>8. шайлоо дарегин озгордортуу жонундо арыздарды эсерке алуу (КР чегинен тышкары жургон шайлоочулалар учун)</td></tr>
<tr><td>7</td><td>УШКнын жыйынтыктоочу жыйналышынын протоколу</td></tr>
<tr><td>8</td><td>Арыздар (даттануулар), алар боюнча кабыл алынган чечимдер, актылар</td></tr>
<tr><td colspan="2">КУТУ (КАП)<br>Ар бир талапкер боюнча жана «Баардыгына каршы» позициясы боюнча иргелген шайлоо бюллетендери, ошондой эле УШК өзүнүн чечими менен жараксыз деп тапкан, өзүнчө таңгакка таңгакталган шайлоо бюллетендери</td></tr>
<tr><td colspan="2">Керектен чыгарылган бюллетендер</td></tr>
<tr><td colspan="2">Шайлоочулардын тизмелери</td></tr>
<tr><td colspan="2">Шайлоочуларды идентификациялоо боюнча операторлор шайлоочуларга берген чектер.</td></tr>
</table>



2017-ЖЫЛДЫН 15-ОКТЯБРЫ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИН ШАЙЛОО КҮНҮ

**Итоговый отчет**

| | |
|---|---|
| Номер УИК: | **1008** |
| **15 октября 2017 г. 20:01:07** | |
| Общее количество избирателей в списке: | **2138** |
| Кол-во идентифицированных избирателей вне помещения: | **3** |
| Кол-во идентифицированных избирателей в помещении: | **1072** |
| **Общее количество идентифицированных избирателей:** | **1075** |

ФИО оператора ГРС и подпись:
**Алымкулова Г.М**
ФИО члена УИК и подпись:
**Арзыбаев Т.К.**

МАМЛЕКЕТТИК КАТТОО КЫЗМАТЫ

2017-ЖЫЛДЫН 15-ОКТЯБРЫ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИН ШАЙЛОО КҮНҮ

**Первичный отчет**

| | |
|---|---|
| Номер УИК: | **1008** |
| **14 октября 2017 г. 08:00:30** | |
| Общее количество избирателей в списке: | **2138** |
| Кол-во идентифицированных избирателей вне помещения: | **0** |
| Кол-во идентифицированных избирателей в помещении: | **0** |
| **Общее количество идентифицированных избирателей:** | **0** |

ФИО оператора ГРС и подпись:
**Алымкулова Гульзат**
ФИО члена УИК и подпись:
**Арзыбаев Тыныстан**

МАМЛЕКЕТТИК КАТТОО КЫЗМАТЫ

**МААНИЛҮҮ! ЭСТЕ САКТАП КАЛЫҢЫЗДАР!**

Коробкада шайлоо участкасынын номери жана ичинде болгон документтердин тизмеси көрсөтүлөт. Коробка мөөр басып чапталып, УШКнын мүчөлөрүнүн колу коюлат. Пакет, коробка жогору турган шайлоо комиссиясынын же соттун чечими менен гана ачылат.

**МААНИЛҮҮ! ЭСТЕ САКТАП КАЛЫҢЫЗДАР!**

Добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколдун биринчи нускасы ага кол коюлгандан кийин шайлоо документтери, анын ичинде шайлоо бюллетендери, шайлоочулардын тизмелери, арыздар (даттануулар), алар боюнча кабыл алынган чечимдер, участкалык шайлоо комиссиясы түзгөн актылар, автоматтык эсептөөчү урналар, идентификациялоо боюнча баштапкы жана жыйынтыктоочу отчет менен чогуу талапкерлердин, ЖМКөкүлдөрүнүн жана байкоочулардын коштоосунда УШКнын төрагасы тарабынан аймактык шайлоо комиссиясына жеткирилет.

**Протоколдордун көчүрмөлөрүн берүү жол-жобосу**

Протоколдордун көчүрмөлөрүн берүү жол-жобосу **төмөнкү тартипте ишке ашырылат:**

**УШКнын катчысы:**

- протоколго кол коюлгандан кийин УШК протоколдун көчүрмөсүн көчүрөт;
- протоколдун күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсүнө «Анык» деген жазуу жазылат;
- бул жазуунун алдына кол коюлат жана күбөлөндүрүлгөн датаны жана убакытты (саатты жана мүнөтүн) милдеттүү түрдө көрсөтөт жана УШКнын мөөрүн коет;
- тийиштүү реестрде протоколдун көчүрмөсүн берүү фактысын белгилейт.

**Протоколдун нускасын же анын көчүрмөсүн алган адам көрсөтүлгөн реестрге кол коет.**

Мөөр менен күбөлөндүрүлгөн шайлоого катышкан шайлоочулардын тизмеси же анын көчүрмөсү **2 календардык күндөн** кечиктирбестен участкалык шайлоо комиссиясынын жайларынын алдында тактада илинет.

## VII. ЭТАП № 5- УШКнын ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ– «ДОБУШ БЕРҮҮ КҮНҮНӨН КИЙИН»

Ошентип, добуш берүү күнү өттү. Бешинчи этаптын текшерүү барагына ылайык комиссия добуш берүү күнүнөн кийинки күнү ишке ашырылуучу бардык иш-аракеттерди аткарат, жогору турган комиссияга отчет берет жана документтерди сактоого өткөрүп берет.

УШКнын жайынын алдында дубалда мөөр менен күбөлөндүрүлгөн добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколдун көчүрмөсүн илүү зарыл.

**3 календардык күндөн кечиктирбестен** УШКнын жайынын алдында дубалда мөөр менен күбөлөндүрүлгөн шайлоого катышкан шайлоочулардын тизмеси же анын көчүрмөсүн илүү керек.

Добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө маалыматты кызыкдар адамдарга (байкоочуларга, талапкерлерге, ЖМКлардын өкүлдөрүнө) берүүнү улантуу.

Шайлоону даярдоого жана өткөрүүгө кеткен чыгымдарды көрсөтүү менен алынган акча каражаттары жөнүндө АШКга отчет берүү.

## VIII.УШКнын ИШМЕРДҮҮЛҮГҮН ФИНАНСЫЛЫК ЖАКТАН КАМСЫЗ КЫЛУУ

***(«КР шайлоо комиссиялары жөнүндө" КР КМ 25-беренеси, Кыргыз Республикасынын Борбордук шайлоо комиссиясына республикалык бюджеттен бөлүнгөн акча каражаттары боюнча финансылоо, эсеп жүргүзүү жана отчеттуулук тартиби жөнүндө жобосу менен жөнгө салынат)***

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук шайлоо комиссиясынареспубликалык бюджеттен бөлүнгөнмамлекеттик каражаттарды кыйла натыйжалуу пайдалануу, ошондой эле аларды пландаштыруунун жана пайдалануунун айкындыгын камсыз кылуу үчүн аймактык шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү ***Кыргыз Республикасынын Борбордук шайлоо комиссиясына республикалык бюджеттен бөлүнгөн акча каражаттары боюнча финансылоо, эсеп жүргүзүү жана отчеттуулук тартиби жөнүндө жобону жетекчиликке алуусу зарыл.***

Бул Жобо Президентти, Жогорку Кеңештин депутаттарын, жергиликтүү кеңештердин депутаттарын, өз алдынча башкаруу органдарынын аткаруу органдарынын башчыларын шайлоону жана КР референдумдарын даярдоого жана өткөрүүгө шайлоо комиссияларына бөлүнгөн акча каражаттары боюнча финансылоо, эсепке алуу жана отчеттуулук боюнча эрежелер менен байланышканжоболорду белгилейт.

**УШКнын** шайлоону даярдоого жана өткөрүүгө өздүк каражаттары жок жана акча каражаттарын чыгымдар сметасына ылайык АШКдан алат.

Участкалык шайлоо комиссияларынын тескөөсүнө бөлүнгөн акча каражаттары баштапкы тастыктоочу документтердин негизинде чыгымдалат.

Комиссиялардын мүчөлөрүнө, ишке тартылган жарандарга сыйакы төлөөгө бөлүнгөн акча каражаттары аймактык шайлоо комиссиясы тарабынан **УШКнын** мүчөлөрүнүн, ишке тартылган жарандардын банктык төлөм-карталарына участкалык шайлоо комиссиялары берген алуучулардын банктык карта-эсептерин көрсөтүү менен адамдардын тизмесине ылайык которулат.

Өзгөчө учурларда аймактык шайлоо комиссиялары менен макулдашуу боюнча акча каражаттары комиссиялардын мүчөлөрүнө сыйакыларды төлөө, ишке тартылган жарандарга жана башка чыгымдарга накталай түрүндө төлөө үчүн төлөм ведомосту/ чыгымдардын кассалык ордеринин негизинде берилет. Төлөм ведомостунун аягында УШКнын төрагасы жазуу жазышы керек: «Төлөм жүргүзүлдү: кызмат орду, колтамгасы, колтамгасын толук

жазуу (Ф.А.А.)» Алынган акча каражаттары үчүн чыгымдарды тастыктоо катары бардык баштапкы документтерди тиркөө менен авансык отчету таризделет.

**УШК** аванстык отчеттору боюнча бухгалтердик эсепке алууну жүргүзөт жана анын негизинде шайлоону, референдумду даярдоого жана өткөрүүгө аларга бөлүнгөн акча каражаттарынын түшүүсү жана чыгымдалышы жөнүндө финансылык отчетту чыгымдардын бекитилген сметасына ылайык чыгымдар сметалары боюнча түзөт.

**УШК** негизги каражаттарды (жабдууларды ж.б.) АШКдан кантало (накладной) боюнча алат, товардык-материалдык баалуулуктарды берүү ведомосту боюнча шайлоону, референдумду уюштурууга жана өткөрүүгө товардык-материалдык баалуулуктарды алат.

**УШК** төрагасы жана катчысы аймактык шайлоо комиссиясынан алынган товардык-материалдык баалуулуктарды эсептен чыгаруунун актысын түзөт жана кол коет жана финансылык отчет менен чогуу аймактык шайлоо комиссиясына өткөрүп берет.

**УШК** төрагасы шайлоону, референдумду даярдоо жана өткөрүү мезгилине бөлүнгөн акча каражаттарынын, товардык-материалдык баалуулуктардын жана тастыктоочу баштапкы документтердин сакталышын камсыз кылат.

**УШК** төрагасы аймактык шайлоо комиссиясынын алдында төмөнкү финансылык документтер үчүн отчет берет:

– *участкалык шайлоо комиссияларынын бардык чыгымдарын накталай эмес формада жүргүзүүдө* бекитилген чыгымдардын сметасынын беренелери боюнча чыгымдарды тастыктаган бухгалтердик эсеп жаатында КР колдонуудагы мыйзамдарына ылайык таризделген бардык баштапкы документтер аймактык шайлоо комиссиясына берилет;
– *алынган накталай акча каражаттары боюнча* бекитилген чыгымдардын сметасынын беренелери боюнча чыгымдарды тастыктаган бухгалтердик эсеп жаатында КР колдонуудагы мыйзамдарына ылайык таризделген аванстык отчетторду жана бардык актоочу баштапкы документтерди тиркөө менен финансылык отчет түзүлөт жана кол колтамгасы коюлат;
– алынган товардык-материалдык баалуулуктар боюнча бекитилген чыгымдардын сметасынын беренелери боюнча чыгымдарды тастыктаган бухгалтердик эсеп жаатында КР колдонуудагы мыйзамдарына ылайык товардык-материалдык баалуулуктарды эсептен чыгаруу актысы түзүлөт жана кол колтамгасы коюлат.

УШК республикалык бюджеттен каражаттардын келип түшүшү жана чыгымдалышы жөнүндө финансылык отчетту жана баштапкы документтерди АШКга добуш берүү күнүнөн кийин жети календардык күндөн кечиктирбестен берет.

УШКөзүнүн ыйгарым укуктарын аткарбагандыгы же талаптагыдай эмес аткаргандыгы үчүн КР мыйзамдарында каралган жоопкерчиликти тартат.

## IX.ШАЙЛОО МЫЙЗАМЫН БУЗГАНДЫК ҮЧҮН ЖООПКЕРЧИЛИК

***(Шайлоо комиссиялар тарабынан бузуулар жөнүндө иштерди кароо тартиби жөнүндө жобо, ЫЧКТ жөнүндө жобо менен жөнгө салынат)***

**Шайлоо талаштары –** булар шайлоону дайындоо, даярдоо, өткөрүү жана алардын натыйжаларын белгилөө учурунда шайлоо мыйзамдарын колдонуу боюнча келип чыккан талаштар.

**Шайлоо талаштарынын себептери:**

- Шайлоо процессинин катышуучуларынын шайлоо укуктарын бузуу;
- Мамлекеттик бийлик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, ошондой эле алардын кызмат адамдары тарабынан шайлоо мыйзамынын талаптарын сактабоо;
- Талапкерлер жана алардын өкүлдөрү тарабынан шайлоо мыйзамынын талаптарын бузуу;
- ЖМКлар жана алардын өкүлдөрү ж.б. тарабынан шайлоо мыйзамдарын бузуу

**Шайлоо талаш-тартыштарды кароонун тартиби:**

- Шайлоо комиссиялары;
- Ички иштер органдары;
- Прокуратура;
- Соттор.

**Жоопкерчиликтин түрлөрү**


**Шайлоо мыйзамдарын бузгандыгы үчүн жоопкерчиликтин төмөнкү түрлөрү каралган:**




**Конституциялык-укуктук (шайлоо) жоопкерчилик**

Конституциялык-укуктук жоопкерчилик конституциялык-укуктук жоопкерчиликтин түрү болуп саналат жана шайлоо мыйзамдарынын талаптарын бузган учурларда келип чыгат.

Конституциялык-укуктук жоопкерчилик участкалык, аймактык жана Борбордук шайлоо комиссиялары тарабынан каралат.



**КРнын мыйзамдарына ылайык төмөнкү адамдар жоопкерчилик тартат:**

(1) Кыргыз Республикасынын жараны тарабынан шайлоо жана шайлануу укугун эркин жүзөгө ашырышына күч колдонуу, алдоо, коркутуу, будамайлоо же башкача жол менен **тоскоолдук кылган,** же болбосо добуш берүүнүн жашырындуулугун **бузган;**

- жарандардын шайлоочулардын тизмеси менен таанышуу укугун бузган;
- талапкерди колдоп кол коюуга жарандарды мажбурлаган же аларга тоскоолдук кылган, ошондой эле жасалма кол коюуга катышкан;
- шайлоочуларды сатып алууну жүзөгө ашырган;

(2) шайлануу максатында өзүнүн кызмат ордунун же кызматтык абалынын артыкчылыктарын пайдаланган же болбосо катталган шайлоочулар (шайлоочулардын тизмелери) жөнүндө маалыматтарды өз учурунда түзбөгөн жана көрсөтүлгөн маалыматтарды тиешелүү шайлоо комиссияларына жөнөтөөр алдында тактабаган;

- шайлоону каржылоо эрежелерин бузган, анын ичинде шайлоо комиссияларына каражаттарды которууну создуктурган;
- жарандарга башка адамдар үчүн добуш берүүгө мүмкүнчүлүк берүү максатында шайлоо бюллетендерин берген;
- шайлоо документтерин оңдоону жүзөгө ашырган, билип туруп жалган документтерди түзгөн жана берген;
- билип туруп добуштарды туура эмес эсептөөнү же добуш берүүнүн жыйынтыгын, шайлоонун натыйжасын билип туруп туура эмес чыгарган, шайлоонун натыйжасынын туура эмес белгилөөнү жүзөгө ашырган,өздөрүнө жүктөлгөн милдеттерге карабастан добуш берүүнүн жыйынтыктары, шайлоонун жыйынтыктары жөнүндө, шайлоонун натыйжалары жөнүндө маалыматтарды бербеген же жарыялабаган;

(3) талапкер жөнүндө жалган маалыматтарды билип туруп тараткан, же таларкерлердин өкүлдөрүнүн жубайларынын жана (же) жакын тууугандарынын ар-намысына жана кадыр-баркына шек келтирген башка аракеттерди жасаган;

- шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнүн, байкоочулардын, эл аралык байкоочулардын, талапкерлердин, жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүнүн укуктарын, анын ичинде маалыматтарды жана шайлоо документтеринин көчүрмөлөрүн өз учурунда алуу укугун бузган;
- байкоочуларды, эл аралык байкоочуларды, талапкердин өкүлдөрүнүн, жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүнүн тизмелерин каттоодон негизсиз баш тарткан;
- шайлоо участкаларында шайлоо укуктарын жүзөгө ашырууга тоскоолдук кылган;
- шайлоо алдындагы үгүт иштерин жүргүзүү эрежелерин бузган, анын ичинде добуш берүү күнүнөн мурунку күнү жана добуш берүү күнү үгүт жүргүзгөн;
- шайлоо комиссиялары тарабынан өз милдеттерин аткарышына байланышкан алардын ишине тоскоолдук кылган же ага мыйзамга каршы кийлигишкен;
- добуш берүү үчүн жайдан шайлоо бюллетендерин алып чыккан;
- шайлоону даярдоого жана өткөрүүгө каражаттардын чыгымдалышы жөнүндө отчетторду бербеген же жарыялабаган, талапкерлердин шайлоо фонддорунун финансылык отчетторун жана шайлоону өткөрүүгө бөлүнгөн бюджеттик каражаттардын чыгымдалышы жөнүндө финансылык отчетторду бербеген же жарыялабаган жактар;
- шайлоого катышуу үчүн мыйзам менен каралган өргүү берүүдөн баш тарткан иш берүүчүлөр.

**Шайлоо жаза чараларын салуунун негиздери жана тартиби шайлоо жөнүндө мыйзамдарда каралган**

Шайлоо процессинин субъектисин анын шайлоо укуктарынын бузулгандыгы, чечимдерди кабыл алуу, аракеттерди жасагандыгы/аракетсиздиги жөнүндө белгилүү болгон учурдан тартып арыздар (даттануулар) токтоосуз, бирок 3 календарлык күндөн кечиктирбестен берилет жана келип түшкөн учурдан тартып 3 күндүк мөөнөттө, ал эми добуш берүү күнү же добуш берүү күнүнөн мурунку күнү – токтоосуз каралууга тийиш.

Арыздарды (даттанууларды) кароодо, ошондой эле шайлоо укуктарын, шайлоо мыйзамдарын бузуу жөнүндө маселе каралган башка учурларда кызыкдар тараптар, жактар же алардын өкүлдөрү аларды кароо күнү, убактысы жана орду жөнүндө маалымдар болушат. Көрсөтүлгөн адамдар түшүндүрмө берүүгө жана каралуучу маселенин маңызы боюнча далилдерди берүүгө укуктуу.

Келип түшкөн арыздар (даттануулар) шайлоо комиссиялары же соттор тарабынан даттануу келип түшкөн учурдан тартып **2 күндүк мөөнөттө** каралууга тийиш. Арыздарда (даттанууларда) камтылган фактылар кошумча текшерүүнү талап кылат, алар боюнча чечимдер **4 күндүк мөөнөттөн кечиктирбестен** кабыл алынат. Чечимди кабыл алган органдын колу коюлган жана мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн чечим жазуу жүзүндө токтоосуз арыз ээсине тапшырылат.

**Даттануу тартиби**

Жарандардын шайлоо укуктарын бузган шайлоо комиссиялардын чечимдерине жана (же) аракеттерине (аракетсиздигине) арыздар менен төмөнкүлөр кайрыла алышат

- шайлоочулар,
- талапкер, алардын өкүлдөрү,
- КЭУ, алардын өкүлдөрү,
- байкоочулар.

Арыздар (даттануулар) шайлоо процессинин субъектисине анын шайлоо укуктары бузулгандыгы, чечимдер кабыл алынгандыгы, аракеттер (аракетсиздиктер) жасалгандыгы жөнүндө белгилүү болгон учурдан тартып токтоосуз, бирок 3 календардык күндөн кечиктирилбестен берилет.

Шайлоо процессинин катышуучуларынын шайлоо укуктарын бузган участкалык шайлоо комиссияларынын, алардын кызмат адамдарынын чечимдерине жана (же) аракеттерине (аракетсиздиктерине) аймактык шайлоо комиссиясына даттанылат.

*Кабыл алынган чечимге арыздар (даттануулар)чечим чыккан учурдан тартып 3 календардык күндүн ичинде берилет.*

Шайлоо процессинин катышуучуларынын шайлоо укуктарын бузган аймактык шайлоо комиссияларынын, алардын кызмат адамдарынын чечимдерине жана (же) аракеттерине (аракетсиздиктерине) Борбордук шайлоо комиссиясына даттанылат.

Борбордук шайлоо комиссиясынын чечимдери жана (же) аракеттери (аракетсиздиктери) биринчи инстанциядагы сотко (Бишкек шаардык Административдик сотуна) даттанылат.

Биринчи инстанциядагы соттун (Бишкекшаардык Административдик соту) чечими - Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна даттанылат. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун чечими биротоло болуп саналат жана даттанылууга жатпайт.

**Кыргыз Республикасынын бузуулар жөнүндө кодексинде белгиленген жоопкерчилик**

Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексинин (мындан ары – Кодекс) 42–422, 43–48-беренелеринде каралган бузуулар жөнүндө иштер шайлоо комиссиялары тарабынан каралат.

Бузуулар жөнүндө иштер төмөнкүдөй учурларда каралат:

– жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоону өткөрүүдө тиешелүү аймактык шайлоо комиссиялары бузса.

** Шайлоо комиссияларынын бузуулар жөнүндө иштерди кароо тартиби жөнүндө жобо БШКнын 2020-жылдын 11-февралындагы № 41 токтому менен бекитилген.*

**Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодекси менен бузуулардын төмөнкү түрлөрү каралган:**

**42-берене. Шайлоо процессинин катышуучуларынын укуктарын бузуу**

Шайлоо комиссиясынын мүчөсүнүн, Кыргыз Республикасынын Президенттигине талапкердин, депутаттыкка же жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын башчысынын кызмат ордуна талапкердин, талапкердин ишенимдүү адамынын, ыйгарым укуктуу өкүлүнүн, байкоочунун, эл аралык байкоочунун укуктарын бузуу –

3 - категориядагы айып пул салууга алып келет *(жеке адамдар үчүн – 5 500 сом, юридикалык жактар үчүн – 17 000 сом).*

**42[1]-берене.**Шайлоо комиссияларынын ыйгарым укуктарынын чегинде кабыл алынган чечимдерин жана талаптарын аткарбоо.

Жеке жана юридикалык жактардын шайлоо комиссиясына шайлоо мыйзамдарында каралган мөөнөттөрдө шайлоону даярдоо жана өткөрүү үчүн зарыл маалыматтарды же материалдарды бербөө, ага тете шайлоо комиссиясынын ыйгарым укуктарынын чектеринде анын кабыл алынган чечимдерин жана талаптарын аткарбоо –

3 - категориядагы айып пул салууга алып келет *(жеке адамдар үчүн – 5 500 сом, юридикалык жактар үчүн – 17 000 сом).*

**42[2]-берене.**Шайлоочунун билип туруп анык эмес маалыматтарды берүүсү

Шайлоочунун шайлоо дареги алмашкандыгы жөнүндө шайлоо комиссиясына билип туруп анык эмес маалыматтарды берүүсү –

2 - категориядагы айып пул салууга алып келет *(жеке адамдар үчүн – 3 000 сом, юридикалык жактар үчүн – 13 000 сом).*

**42[3]-берене.** Шайлоочунун (референдумдун катышуучусунун) акча каражаттарды жана материалдык баалуулуктарды алуусу

Шайлоочунун (референдумдун катышуучусунун) жеке өзү же ортомчу аркылуу сатып алуучунун же анын атынан иш алып баруучунун пайдасына анын активдүү шайлоо укугун сатуусу үчүн акча каражаттарын жана (же) материалдык баалуулуктарды алуусу –

*1 - категориядагы айып пул салууга алып келет (жеке адамдар үчүн – 1 000 сом, юридикалык жактар үчүн – 5 000 сом).*

*Эскертүү. Ушул беренде каралган аракетти жасаган адам шайлоону жана референдумду даярдоонун жана өткөрүүнүн жүрүшүндө акча каражаттарын жана (же) материалдык баалуулуктарды алгандыгы жөнүндө өз ыктыяры менен билдирсе жоопкерчиликтен бошотулат.*

**43-берене. Шайлоого катышуу үчүн өргүү берүүдөн баш тартуу**

Депутаттыкка же башка шайлануучу кызматка талапкер болуп катталган талапкерге, талапкердин ишенимдүү адамына, же болбосо шайлоо комиссиясынын мүчөсүнө мамлекеттик бийлик органдарына же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына шайлоону даярдоого жана өткөрүүгө катышуу үчүн мыйзамда каралган өргүүнү берүүдөн администрациянын (иш берүүчүнүн) баш тартуусу -

1-категориядагы айып пул салууга алып келет *(жеке адамдар үчүн – 1 000 сом, юридикалык жактар үчүн – 5 000 сом).*

**44-берене. Шайлоо алдындагы үгүт иштерин жүргүзүү шарттарын бузуу**

1. Шайлоочу, байкоочу, талапкер же анын өкүлү, ишенимдүү адамы тарабынан шайлоо жөнүндө мыйзамдарда каралган шайлоо алдындагы үгүт иштерин жүргүзүү шарттарынын бузулушу, -

4-категориядагы айып пул салууга алып келет *(жеке адамдар үчүн – 7 500 сом, юридикалык жактар үчүн – 23 000 сом)*

2. Жалпыга маалымдоо каражаты тарабынан жасалган ошол эле жосун, -

5-категориядагы айып пул салууга алып келет (28 000 сом).

**45-берене. Талапкер жөнүндө билип туруп жалган маалымат таратуу**

Депутаттыкка же башка шайлануучу кызмат ордуна талапкер жөнүндө талапкердин ар-намысын же кадыр-баркын жаманатты кылган маалыматтарды билип туруп таратуу, -

6-категориядагы айып пул салууга алып келет (жеке адамдар үчүн – 12 500 сом, юридикалык жактар үчүн – 35 000 сом).

**46-берене. Талапкердин ар-намысын, кадыр-баркын жана ишкер беделин жаманатты кылган маалыматтарды жалпыга маалымдоо каражаттарынын таратышы**

Шайлоо дайындалгандан тартып шайлоонун натыйжалары расмий жарыяланганга чейинки мезгил ичинде талапкердин, саясий партиянын ар-намысын, кадыр-баркын жана ишкер беделин жаманатты кылган маалыматтарды жалпыга маалымдоо каражаттарынын таратышы, -

8-категориядагы айып пул салууга алып келет *(жеке адамдар үчүн – 17 500 сом, юридикалык жактар үчүн – 55 000 сом).*

**47-берене. Анонимдик үгүт материалдарын таратуу**

Мамлекеттик бийлик органдарына, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына шайлоону даярдоо жана өткөрүү мезгилинде, же болбосо референдум мезгилинде алардын чыгарылышы үчүн жоопту уюмдар жана адамдар жөнүндө маалыматтар камтылбаган үгүттүк басма сөз материалдарын, же болбосо чет өлкөдө даярдалган материалдарды таратуу, -

6-категориядагы айып пул салууга алып келет *(жеке адамдар үчүн – 12 500 сом, юридикалык жактар үчүн – 35 000 сом).*

**48-берене. Үгүт материалдардын жок кылуу же бузуу**

Имараттарда, курулмаларда же башка объекттерде илинген аудио-визуалдык материалдарды, депутаттыкка же башка шайлануучу кызматка талапкердин портретин, анын өмүр таржымалы бар плакатты, же болбосо башка үгүт материалдарын билип туруп жок кылуу же болбосо бузуу, -

4-категориядагы айып пул салууга алып келет (жеке адамдар үчүн – 7 500 сом, юридикалык жактар үчүн – 23 000 сом).

Эскертүү. Үгүт материалдары имараттын, курулманын же башка объекттин менчик ээсинин (ээсинин) макулдугу жок илинсе, ал ушул берене боюнча жоопкерчиликтен бошотулат.

Ыйгарым укуктуу кызмат адамы арыздар (даттануулар, билдирүүлөр, материалдар) келип түшкөн учурда бузууну карап чыгат жана Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексинин 43-главасында белгиленген тартипте тиешелүү чечим кабыл алат.

Бузуу жасалган факт белгиленген учурда ыйгарым укуктуу кызмат адамы тарабынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бекиткен формада кагаз түрүндөгү протокол түзүлөт же электрондук колтамга менен күбөлөндүрүлгөн бузуу жөнүндө протоколдун электрондук формасы пайдаланылышы мүмкүн.

Эгерде жак бузууларды жасагандыгынын фактысын, ага карата жаза чарасын жана кошумча укуктук кесепеттердин колдонуларын талашып-тартышпаса, анда бузуу жасалган жерде токтом чыгарылат, ага протоколду түзгөн адам кол коет, мында көрсөтүлгөн токтом бузуучуга анын көчүрмөсү тапшырылган учурдан тартып күчүнө кирет.

Эгерде жак бузуулар фактысын же айып пул түрүндө жаза чарасын же ыйгарым укуктуу орган колдоно турган кошумча укуктук натыйжаларды талашып-тартышса, анда түзүлгөн протокол жаза чарасын берүү үчүн комиссиянын кароосуна жөнөтүлөт.

Комиссия бузуулар жөнүндө ишти Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексинин 45-главасында белгиленген тартипте бузуулар жөнүндө иш келип түшкөн учурдан тартып 10 күндөн кеч эмес карап чыгып, төмөнкүдөй токтомдордун бирин чыгарат:

1) жаза чарасын колдонуу жөнүндө;

2) иш боюнча өндүрүштү кыскартуу жөнүндө.

3) туумду эсептөө жөнүндө.

**Кыргыз Республикасынын жоруктар жөнүндө Кодексинде белгиленген жоопкерчилик**

**Кыргыз Республикасынын Жоруктар жөнүндө кодексинде төмөнкү жазыктык укук бузуулар каралган:**

**87-берене. Шайлоочунун башка адам үчүн добуш берүүсү**

Референдумдун, Кыргыз Республикасынын Президентин, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин же жергиликтүү кеңештердин депутаттарын, буга тете эле, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын башчыларын шайлоонун убагында референдумдун же шайлоонун натыйжаларына таасир тийгизүү максатында шайлоочунун башка адам үчүн добуш берүүсү, буга тете эле ошол эле максатта ушундай аракеттерге кошо катышуусу,

- II категориядагы айып пул түрүндөгү жазага алып келет *(30 000 сомдон 60 000 сомго чейин).*

**87[1]-берене. Административдик ресурсту кыянаттык менен пайдалануу**

Шайлоону жана референдумду даярдоонун, өткөрүүнүн жүрүшүндө, добуш берүү күнү талапкерди, талапкерлердин тизмесин шайлоо максатында талапкерлердин, мамлекеттик жалпыга маалымдоо каражаттарынын, интернет-басылмалардын жетекчилеринин административдик ресурсту кыянаттык менен пайдалануусу –

- II категориядагы айып пул салууга алып келет *(30 000 сомдон 60 000 сомго чейин).*

Шайлоолордо шайлоочулардын эрк билдирүүсүн бурмалаган административдик ресурсту кыянаттык менен пайдаланууну жана анын таасирин болтурбоо максатында мыйзамдын долбоору административдик ресурсту пайдалангандыгы үчүн жоопкерчиликти киргизүүнү карайт.

2. Мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылардын, мамлекеттик жана муниципалдык уюмдардын жетекчилеринин, ошондой эле мамлекеттин (муниципалдык) катышуу үлүшү 30 пайыз болгон уюмдардын жетекчилери жасаган ошол эле жосун, –

- белгилүү бир кызмат орундарын ээлөө же белгилүү бир ишмердик менен алектенүү укугунан ажыратуу менен II категориядагы айып пул салууга алып келет *(30 000 сомдон 60 000 сомго чейин).*

**87²-берене. Шайлануучу кызмат ордуна талапкердин билип туруп анык эмес малыматтарды берүүсү**

1. Шайлоо жөнүндө мыйзамда каралган Кыргыз Республикасынын Президенттигине талапкердин, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына, жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкердин, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органынын башчысынын кызмат ордуна талапкердин билип туруп анык эмес малыматтарды, документтерди берүүсү, анын ичинде башка мамлекеттин жарандыгы жоктугу жөнүндө документти, ошондой эле аны көрсөтүү, каттоо жана шайлоо үчүн тоскоол болгон маалыматтарды жаап жашыруу , –

- I категориядагы айып пул салууга алып келет *(20 000ден 30 000 сомго чейин).*

2. Мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылар жасаган ошол эле жосун, –

белгилүү бир кызмат орундарын ээлөө же белгилүү бир ишмердик менен алектенүү укугунан ажыратуу менен I категориядагы айып пул салууга алып келет *(20 000ден 30 000 сомго чейин).*

**Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинде белгиленген жоопкерчилик**

**Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинде кылмыштын төмөнкү түрлөрү каралган:**

**191-берене. Шайлоо укуктарын жүзөгө ашырууга тоскоолдук кылуу**

1. Жарандын өз шайлоо укуктарын же референдумга катышуу укугун эркин жүзөгө ашырууга тоскоолдук кылуу, добуш берүүнүн жашыруундуулугун бузуу, –

IV категориядагы коомдук иштерге *(280ден 360 саатка чейин)* же III категориядагы түзөтүү жумуштарына *(2 жылдан 2 жыл 6 айга чейин)* же IV категориядагы айып салууга жазаланат *(жеке адамдар үчүн – 180 000 сомдон 220 000 сомго чейин).*

2. Шайлоо комиссияларынын, референдум өткөрүү боюнча комиссиялардын ишине же болбосо алардын өз милдеттерин аткаруу менен байланышкан шайлоо комиссиясынын, референдумду өткөрүү боюнча комиссиясынын мүчөсүнүн ишине тоскоолдук кылуу, анын ичинде кызмат ордун же кызматтык абалын анын чечимине таасир көрсөтүү максатында пайдалануу, тактап айтканда талапкерди, талапкерлердин тизмесин каттоо, шайлоочулардын, референдумдун катышуучуларынын добуштарын саноо жана башка маселелер боюнча кызмат адамынын талабы же көрсөтмөсү же шайлоо процессинде колдонулуучу мамлекеттик маалыматтык системаларынын маалыматтарын фальсификациялоо же атайылап ишин бузуу аракети, –

IV категориядагы коомдук иштерге *(280ден 360 саатка чейин)* же III категориядагы түзөтүү иштерине *(2 жылдан 2 жыл 6 айга чейин)* же IV категориядагы айып салууга *(180 000ден 220 000 сомго чейин)* жазаланат.

3. Мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылар жасаган ошол эле жосун, –

IV категориядагы түзөтүү иштерине *(2 жыл 6 айдан 3 жылга чейин)* же V категориядагы айып салууга *(220 000ден 260 000 сомго чейин)* жазаланат.

**192-берене. Шайлоочулардын добуштарын сатып алуу**

1. Шайлоочуларга акча каражаттарын берүү же таркатуу, материалдык баалуулуктарды тапшыруу же кайсы бир кызмат ордун алууга же шайлоо өткөрүү мезгилинде кандайдыр бир байкубаттыкты алууга өбөлгөлөө –

- IV категориядагы айып салууга алып келет *(180 000ден 220 000 сомго чейин);*

2. Кыргыз Республикасынын Президенттигине талапкер, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин же жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкер жана башка мамлекеттик бийликтин шайлануучу органына талапкердин, ошого тете анын жубайы, алардын жакын туугандары, ишенимдүү адамдары жана ыйгарым укуктуу өкүлдөрү тарабынан жасалган ошол эле жосун,

- V категориядагы айып салуу *(220 000ден 260 000 сомго чейин)* же I категориядагы эркиндигинен ажыратууга *(2 жыл 6 айга чейин)* жазаланат.

**193-берене. Шайлоо өнөктүгүн каржылоо тартибин бузуу**

Талапкердин, саясий партиянын, шайлоо өнөктүгүн референдум өткөрүү боюнча демилгечи топтун ишин каржылоонун тартибин төмөнкүлөрдү жасоо менен бузуу:

1) шайлоодо же референдумда белгилүү натыйжага жетүү максатында, тиешелүү фондду кыйгап өтүү менен талапкерге, саясий партияга, референдум өткөрүү боюнча демилгечи топко ири суммадагы акча же башка материалдык каражаттарды берүү;

2) шайлоодо же референдумда белгилүү натыйжаларга жетүү максатында шайлоо фонддоруна, референдум фонддоруна которулбаган ири суммадагы акча каражаттарын чыгымдоо;

3) шайлоо же референдум менен түздөн-түз же кыйыр байланышкан жана шайлоодо же референдумда белгилүү натыйжаны алууга же референдум демилгесин жылдырууга багытталган, тиешелүү шайлоо фондунан акысын төлөөсүз же тиешелүү шайлоо фондунан негизсиз төмөндөтүлгөн баада акы төлөө менен ири өлчөмдө жүзөгө ашырылган акы төлөнүүчү жумуштарды аткаруу, товарларды сатып өткөрүү, акы төлөнүүчү кызматтарды көрсөтүү;

4) алмаштыруучу адамдар аркылуу шайлоолор жана референдумдар жөнүндө мыйзамдарда тыюу салынган кайрымдуулук каражаттарын шайлоо фондуна же референдум фондуна ири өлчөмдө төгүү, -

- IV категориядагы белгилүү бир кызмат ордун ээлөө, же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратууга *(4төн 5 жылга чейин мөөнөткө)* же IV категориядагы түзөтүү жумуштарына *(2 жыл 6 айдан 3 жылга чейин)* же V категориядагы айып салууга *(220 000 сомдон 260 000 сомго чейин)* же I категориядагы айып салуу *(60 000 сомдон 100 000 сомго чейин)* менен I категориядагы эркиндигинен ажыратууга *(2 жыл 6 айга чейин)* жазаланат.

*Эскертүү. Ушул Кодекстин 193 жана 194-беренелеринде ири өлчөм деп ушул беренеде каралган жосунду жасаган учурга карата шайлоолор жана референдумдар жөнүндө мыйзамдарда белгиленген талапкердин, саясий партиянын, референдум фондусунун бардык каражаттарынын чыгымдарынын чектелген суммасынын ондон биринен ашкан, бирок ошол эле учурда 5000 эсептик көрсөткүчтөн кем эмес түзгөн акчанын суммасынын өлчөмү, мүлктүн же мүлктүк мүнөздөгү пайданын наркы таанылат.*

**194-берене. Шайлоо же референдум өткөрүүдө каражаттарды мыйзамсыз пайдалануу**

Талапкердин, саясий партиянын талапкеринин же референдум өткөрүү боюнча демилгечи топтун ыйгарым укуктуу өкүлүнүн, алардын каржы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн төмөнкүдөй жолдор менен жасаган аракеттери:

1) шайлоо фондуна, референдум фондуна түшпөгөн каржы же материалдык каражаттарды шайлоо өнөктүгүн өткөрүү же референдумду өткөрүү демилгесин жылдыруу максатында ири өлчөмдө пайдалануу;

2) шайлоолор жана референдумдар жөнүндө мыйзамдарда тыюу салынган жана атайын шайлоо эсебине, референдум фондусунун атайын эсебине которулган кайрымдуулук каражаттарын ири өлчөмдө чыгымдоо, -

IV категориядагы белгилүү бир кызмат ордун ээлөө, же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратууга (4төн 5 жылга чейин мөөнөткө) же IV категориядагы түзөтүү жумуштарына (2 жыл 6 айдан 3 жылга чейин), же V категориядагы айып салууга (220 000ден 260 000 сомго чейин) же I категориядагы айып салуу менен (60 000дөн 100 000 сомго чейин) I категориядагы эркиндигинен ажыратууга (2 жыл 6 айга чейин) жазаланат.

**195-берене. Шайлоо документтерин бурмалоо**

1. Шайлоо документтерин, референдум документтерин бурмалоо, добуштарды билип туруп туура эмес эсептөө же шайлоонун, референдумдун натыйжаларын билип туруп туура эмес белгилөө, эгерде бул жосундар шайлоо комиссиясынын, референдум өткөрүү боюнча комиссиянын мүчөсү, талапкер же анын ыйгарым укуктуу өкүлү, ишенимдүү адамы, ошого тете саясий партиянын, референдум өткөрүү боюнча демилгечи топтун ыйгарым укукту өкүлү тарабынан жасалса, -

IV категориядагы түзөтүү жумуштарына *(2 жыл 6 айдан 3 жылга чейин)* V категориядагы айып салууга *(220 000 сомдон 260 000 сомго чейин)* I категориядагы эркиндигинен ажыратууга жазаланат (2 жыл 6 айга чейин).

2. Төмөнкүлөр жасалган ошол эле жосундар:

1) шайлоо комиссиясынын же референдум өткөрүү боюнча комиссиянын төрагасы, төрагасынын орун басары, катчысы тарабынан;

2) алдын ала сүйлөшүү боюнча адамдардын тобу менен, -

- VI категориядагы айып салууга (260 000ден 300 000 сомго чейин) же 2 жылга чейинки мөөнөткө белгилүү бир кызмат ордун ээлөө, же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен II категориядагы эркиндигинен ажыратууга (2 жыл 6 айдан 5 жылга чейин) жазаланат.

## Бузууларга чара көрүү жана көрүлгөн чаралар жөнүндө маалымдоо (ЫЧКТ)

## Ыкчам чара көрүүчү координациялык топ (ЫЧКТ)

Мыйзамдын 41-беренесине ылайык: шайлоону даярдоодо жана өткөрүүдө шайлоо комиссияларынын бардык деңгээлдеринде ыкчам чара көрүүчү координациялык топтор түзүлөт, анын курамына укук коргоо органдарынын өкүлдөрү кирет.

Ыкчам чара көрүүчү координациялык топтун негизги иш-милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:

- шайлоо мыйзамдарын бузууга ыкчам чара көрүү;
- көрүлүүчү чаралар жөнүндө жарандарды маалымдоо.

*Ыкчам чара көрүү координациялык топтун ишинин тартибин Борбордук шайлоо комиссиясынын жобосу менен регламенттелген (Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2020-жылдын 4-февралындагы № 33 токтому менен бекитилген Ыкчам чара көрүүнүн координациялык тобу жөнүндө жобо (ЫЧКТ)* менен регламенттелген.

**МАКСАТТАРЫ:**

**ЫЧКТшайлоо мыйзамдарынын бузулушуна жана жарандарды көрүлүп жаткан чаралар жөнүндө маалымдоого ыкчам чара көрүү максатында** шайлоолорду даярдоо жана өткөрүүдө түзүлөт.

**ПРИНЦИПТЕРИ**

ЫЧКТ өз ишин **мыйзамдуулук, ачык жана айкындуулук** принциптеринде жүзөгө ашырат.

Кыргыз Республикасынын шайлоолорун даярдоо жана өткөрүү мезгилинде шайлоо комиссияларынын чечимдери менен Борбордук шайлоо комиссиясынын, аймактык шайлоо комиссияларынын деңгээлинде ыкчам чара көрүүнүн координациялык топтору түзүлөт, алардын курамына тиешелүүлүгүнө жараша Борбордук шайлоо комиссиясынын, аймактык шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү, Борбордук шайлоо комиссиясынын аппаратынын кызматкерлери, прокуратура органдарынын, ички иштер органдарынын, Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздук органдарынын тиешелүү деңгээлдеги органдарынын (укук коргоо органдарынын) өкүлдөрү кирет.

Укук коргоо органдары Кыргыз Республикасынын Президентин, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын, жергиликтүү кеңештин депутаттарын шайлоону даярдоо жана өткөрүү мезгилинде Борбордук шайлоо комиссиясынын жана/же аймактык шайлоо комиссияларынын суроо-талабы боюнча ыкчам чара көрүүнүн координациялык тобунун курамына киргизүү үчүн өз өкүлдөрүнүн маалыматтарын шайлоону дайындоо жөнүндө чечим расмий жарыяланган күндөн тартып 5 календардык күнүнөн кечиктирбестен жөнөтүшөт.

**Мында топтордун курамына тиешелүү деңгээлдердеги (борбордук, облустук, райондук, шаардык) органдардын жетекчилери, ошондой эле жумушчу тартибинде өз ара аракеттенүү үчүн башка кызматкерлер да кирүүгө тийиш.**

**ЫЧКТ төмөнкүдөй милдеттерди жүзөгө ашырат:**

– шайлоо мыйзамдарын бузуу фактылары боюнча шайлоо комиссияларынын жана укук коргоо органдарынын биргелешкен аракеттенүүлөрүн жүзөгө ашырууну жана координациялоону;
– келип түшкөн билдирүүлөрдү, шайлоочулардын жана шайлоо процессинин башка субъектилеринин арыздарын жана даттанууларын, ММКнын билдирүүлөрүн жана шайлоо мыйзамдарын бузуу фактылары боюнча интернет басылмаларды кабыл алууну, толуктап иштеп чыгууну жана ыкчам талдоону;
– **ар бир** сигнал, кайрылуу, арыз, зарыл чаралар жөнүндө ыкчам тапшырмаларды берүү боюнча **аракеттердин алгоритмин** талкуулоону жана **иштеп чыгууну** (укук коргоо органдары өзүнүн компетенциясынын алкагында);
– арыздарда, даттанууларда жана шайлоочулар менен шайлоо процессинин башка субъектилеринин кайрылууларында баяндалган маалыматтардын (сигналдардын) жана фактылардын аныктыгын токтоосуз текшерүүнү, ыкчам чара көрүү үчүн тиешелүү чечим кабыл алууга тийиш болгон тиешелүү органдарга жөнөтүүнү;
– ар кандай формадагы **тартип бузуу иштеринин абалы жана көрүлгөн чаралар жөнүндө жарандарга дайыма маалымат берүүнү;**
– тартип бузуулар жөнүндө укук коргоо органдарынын жана шайлоо комиссияларынын каналдары боюнча маалыматтарды туруктуу негизде жыйноону;
– коопсуздукту жана коомдук тартипти камсыздоо, ошондой эле жарандардын шайлоо укуктарын бузган же шайлоо комиссиясынын ишине жолтоо болгон аракеттерди, шайлоочуларды сатып алуу аракеттерин болтурбоо боюнча чараларды көрүү боюнча сунуштамаларды иштеп чыгууну.

**БШК ЫЧКТ КАТЧЫЛЫГЫ:**

- кыска номери: 1255,
- электрондук дареги: kgor_cec@shailoo.gov.kg,
- ишеним телефону: 0312 62-62-46,
- WhatsApp номери:0990021255.

**Даттануулардын реестри**

**Шайлоо комиссиясына келип түшкөн бардык арыздар (даттануулар) милдеттүү түрдө катталууга жатат.**

“Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө” Мыйзамынын *7, 21-беренелерине ылайык: “БШК даттанууларды кароо, даттанууларды кароонун мөөнөттөрүн жана тартибин сактоо маселелери боюнча төмөн турган шайлоо комиссиялары менен туруктуу өз ара аракеттенүүнү жүзөгө ашырат жана **даттанууардын реестрин жүргүзөт,** ал Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтында жарыяланат; УШК шайлоо мыйзамдарынын бузулушуна арыздарды жана даттанууларды өз компетенциясынын чегинде карайт жана алар боюнча чечимдерди кабыл алат; түшкөн **даттанууларды эсепке алууну жүргүзөт** жана тиешелүү **реестрге** киргизүү үчүн Борбордук шайлоо комиссиясына жөнөтөт”.*

Шайлоо комиссиясына келип түшкөн арыздар (даттануулар) жөнүндө маалымат жана алар боюнча кабыл алынган чечимдер милдеттүү түрдө Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтына Арыздар жана даттануулар реестри (Реестр) бөлүмүндө жайгаштырылат.

Реестр Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан шайлоо комиссияларынын ишинин **ачыктыгын жана айкындуулугун камсыз кылуу, шайлоо процессинин субъекттерин (катышуучуларын),** ошондой эле башка кызыкдар адамдарды шайлоо комиссиялары тарабынан каралган арыздар (даттануулар) жөнүндө маалымдоо максатында түзүлгөн.

Арыздар (даттануулар) катталгандан кийин Жумушчу топтун кароосуна берилет, арыздарды (даттанууларды) алдын ала карап чыгып, АШК, БШКнын жыйналышына чечимдин долбоорун киргизет. **Чечимдер АШК, БШКын жыйналыштарында чыгарылат.**

Аймактык шайлоо комиссиялары тарабынан каралган бардык арыздар (даттануулар) Шайлоочулардын укуктарын бузуу фактылары жөнүндө реестрде чагылдырылууга тийиш (кагаз нускада) жана Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтына жума сайын жарыялоо үчүн Борбордук шайлоо комиссиясына берилет.

**Шайлоо комиссиясы кабыл алган чечим Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтына жайгаштырылат.**

Аймактык шайлоо комиссиясынын/Борбордук шайлоо комиссиясынын бардык катталган арыздары (даттануулары) Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтында Арыздардын (даттанууларынын) реестринде катталган учурдан тартып беш календарлык күндөн кеч эмес чагылдырылат. Участкалык шайлоо комиссияларынын Арыздардын (даттануулардын) реестри Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтында жыйынтыгын чыгаргандан кийин беш календарлык күндөн кеч эмес чагылдырылат.

**Реестрде төмөнкү маалыматтар камтылат:**

- арыздарды (даттанууларды) караган шайлоо комиссиясынын аталышы;
- арыздарды (даттанууларды) берген адамдын жана (же) анын өкүлүнүн инициалдары;
- арыздар (даттануулар) келип түшкөн дата;
- арыздардын (даттануулардын) кыскача мазмуну;
- арыздарды (даттанууларды) кароонун жыйынтыктары боюнча Шайлоо комиссиясынын чечими, ошондой эле электрондук Реестрдин тиешелүү бөлүмүндө кабыл алынган чечимдин кыскача мазмуну да, шайлоо комиссиясынын аталган чечиминин тексти да жайгаштырылат;
- эгер Борбордук шайлоо комиссиясынын чечими сотто даттанылса, биринчи инстанциядагы соттун жана Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун чечими. Ошондой эле электрондук Реестрдин тиешелүү бөлүмүндө кабыл алынган чечимдин кыскача мазмуну да, шайлоо комиссиясынын аталган чечиминин тексти да жайгаштырылат.

**Бузуулардын бирдиктүү реестри**

**Бузуулар жөнүндө протокол түзүү укугу берилген адамдар түзүлгөн бузуулар жөнүндө протоколду өзүнүн логинин жана жеке паролун колдонуу менен ББР электрондук системасына кечиктирбестен каттайт.**

**Каттоо кечиктирилбестен,** Кыргыз РеспубликасынынӨкмөтүтарабынан аныкталган тартипте бузуулар жөнүндө протокол түзүлгөн учурдан тартып **24 сааттан кеч эмес жүргүзүлүүгө тийиш.**

**Комиссиянын катчысы тарабынан бузууларды ББРде каттоо** Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталган тартипте бузуулар жөнүндө протокол түзүлгөн учурдан тартып **24 сааттан кеч эмес жүргүзүлүүгө тийиш.**

**Бузуулардын бирдиктүү реестрине бузууларды каттоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 21-декабрындагы № 603 токтому менен бекитилген Бузуулардын бирдиктүү реестрин жүргүзүү тартиби жөнүндө жободо аныкталган тартипте жүргүзүлөт.**

**Кылмыштардын жана жоруктардын бирдиктүү реестри**

**Кылмыштардын жана жоруктардын бирдиктүү реестри** - сотко чейинки өндүрүштү баштоо, процесстик аракеттер, жазык ишин жана (же) жоруктар жөнүндө иштин кыймылы, жазык сот өндүрүшүнүн катышуучулары жана арызданууучулары жөнүндө маалыматтар киргизилген электрондук маалымат базасы.

**Сотко чейинки өндүрүш** – арыздар, кылмыштар жана (же) жоруктар жөнүндө билдирүүлөр Кылмыштардын жана жоруктардын бирдиктүү реестрине катталган учурдан тартып прокурор тарабынан иштин материалдары маңызы боюнча кароо үчүн сотко жиберилген жазык сот өндүрүшү.

Жазык иши боюнча сотко чейинки өндүрүш – тергөө формасында, ал эми жоруктар ушул Кодексте каралган тартипте жоруктар жөнүндө иштер боюнча өндүрүш формасында жүргүзүлөт.

Кылмыштардын жана жоруктардын бирдиктүү реестринде маалыматты киргизүүнүн датасы автоматтык түрдө белгиленет жана жазык ишинин же жорук жөнүндө иштин номери ыйгарылат.

**Сотко чейинки өндүрүштүн башталышы:**

Алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамы, тергөөчү, прокурор жасалган кылмыш же болбосо жорук жөнүндө арыз, кабарлама алынган учурдан тартып же кылмыш, жорук жасалгандыгын айгинелеген жагдайларды түздөн-түз тапканда, бөлүнүп берилген жазык ишинин жана жорук жөнүндө иштин материалдары келип түшкөндө, ошондой эле сотко чейинки өндүрүштүн материалдары чет өлкөлүк мамлекеттен келип түшкөндө, токтоосуз, 24 сааттан кечикпестен тиешелүү маалыматтарды Кылмыштардын жана жоруктардын бирдиктүү реестрине киргизүүгө милдеттүү.

Жазык иши же жорук жөнүндө иш боюнча сотко чейинки өндүрүштүн башталышы жөнүндө кылмыш же жорук жөнүндө арыз же кабарлама алардан келип түшкөн жеке же юридикалык жакка кабарланат.

Сотко чейинки өндүрүштүн башталышы жөнүндө тергөөчү, алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамы 24 сааттан кечиктирбестен прокурорго билдирет.

Арыз ээсине билип туруп жалган билдирүү бергендиги үчүн жоопкерчиликке тартылары жөнүндө эскертилет, ал жөнүндө берилген арызда же протоколдо белги коюлат, ал арыз ээсинин кол тамгасы менен күбөлөндүрүлөт.

**Кылмыш жана (же) жорук жөнүндө арыздарды жана билдирүүлөрдү кабыл алуу жана каттоо милдеттүүлүгү:**

Сотко чейинки өндүрүштү жүзөгө ашыруучу органдар кандай гана болбосун жасалган же даярдалып жаткан кылмыш жана (же) жасалган жорук жөнүндө арызды же билдирүүнү кабыл алууга жана каттоого милдеттүү. Арыз ээсине арызды же билдирүүнү кабыл алган адамды көрсөтүү менен арыздын же билдирүүнүн Кылмыштардын жана жоруктардын бирдиктүү реестринде катталган убактысын жана каттоо номерин көрсөтүү менен кылмыш жана (же) жоруктун катталгандыгы тууралуу документ берилет.

Кылмыш жөнүндө арызды каттоодон кабыл алуудан же каттоодон баш тартуу мыйзамда белгиленген жоопкерчиликке алып келет.

## X. УШК кызматкерлери үчүн зарыл эрежелер

Участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөсүнүн иши абдан маанилүү жана жооптуу! Андыктан УШК өзүнүн милдеттерин ийгиликтүү аткарууда каталарды жана алар менен байланышкан проблемаларды болтурбоо үчүн аларды алдын алуу мүмкүнчүлүгүн түзгөн зарыл эрежелерли унутпашы керек!

**№1 ЭРЕЖЕ– Жогору турган комиссияга кайрылыңыздар!**Сиз бардык эле суроолорго жооптуу биле бербейсиз .Андыктан көйгөйлөр келип чыккан учурда Сиз жогору турган шайлоо комиссиясына чалып жана бул көйгөйдү чечүү боюнча сунуштамаларды ала аласыздар кайрылыңыздар!

**№2 ЭРЕЖЕ –Бардык чечимдерди добуш берүү жолу менен коллегиалдуу кабыл алыңыздар.**

Эгерде комиссия бул же тигил чечимди кабыл алууну пландаштырып жатса, УШК жыйналышын өткөрүү зарыл. Жыйналыш ыйгарым укуктуу болушукөпчүлүк бөлүгү катышуусу керек. Эгерде Сиз кабыл алынган чечим менен макул болбосоңуз Сиз өзүңүздүн макул эместигиңизди жазуу жүзүндө «өзгөчө пикир» катары түзүп, аны жыйналыштын протоколуна тиркесеңиз болот . Шайлоону даярдоодо жана өткөрүүдө финансылоо маселелери, УШКнын добуш берүүнүн жыйынтыктары комиссиянын мүчөлөрүнүн үчтөн экисинин добушу менен кабыл алынат. Калган маселелер боюнча чечимдер добуштардын жөнөкөй күчүлүк добушу менен кабыл алынат..

**№3 ЭРЕЖЕ– Чаташпоо үчүн текшерүү баракчаларды колдонуңуз.**

УШКнын татаал жол жоболору менен иш алып баруу үчүн текшерүү баракчалар системасы бар. Жол жоболорду аткаруу боюнча текшерүү баракчаларга белги коюңуз, ошондо шайлоонун бул же тигил фазасында татаал аракеттерди эстеп калуу зарылчылыгы болбойт. Баскыч боюнча аракеттерди аткаруу тартибинин маанилүүлүгүн унутпоо зарыл!

**№4 ЭРЕЖЕ–Участкада байкоочулар үчүн шарттарды түзгүлө.**

Байкоочулар –бул мыйзамга ылайык сиздин участкада жарандардын добуш берүүдөн өткөндүгүн тастыктоочу адамдар. Бул чыр чатак кырдаалдары келип чыккан учурда абдан маанилүү. Эгерде сиздин жүргүзгөн иштин сапатын эч ким күбөлөндүрө албаса, анда сизди адилетсиз айыпташы мүмкүн!

**№5 ЭРЕЖЕ–Протоколдорду толтурууга абайлап мамиле кылуу зарыл.**

Протоколдордо жол берилген каталар, добуштарды эсептөө процессинин мөөнөтүн создуктургандан башка (эгерде контролдук катыштар дал келбесе, анда бюллетендерди кайрадан эсептеп чыгууга туура келет), сиздин участоктогу добуш берүүнүн натыйжаларына күмөн саноо жаратышы мүмкүн.

**№6 ЭРЕЖЕ**–Шайлоочулардын участок боюнча өтүүсү, алардын идентификациялоо жүргүзүү ордунан жана бюллетень алганынан баштап жана добуш берүү үчүн участогунан

чыгып кеткенге чейинки жолу бири бирине кесилишпей тургандай уюштуруңуздар. Бул добуш берүүчү жайга кирүүчү жана чыгуучу эшиктер бир жерде болгон шартта абдан маанилүү. Шайлоочулардын жолун жебелер менен белгилеп коюңуздар. Муну менен сиздер шайлоочуга эч бир тоскоолсуз жана тез добуш берүүсүнө жана участоктогу адамдардын топтолушун болтурбоого жардам берген болосуздар.

**№7 ЭРЕЖЕ**– Участокто бөтөн адамдардын басып жүрүүсүнө жол бербеңиздер! Башаламандык жасоо же комиссиянын мүчөлөрүнө, байкоочуларга жана шайлоочуларга кысым көрсөтүү аракеттери келип чыгышы мүмкүн. Буга байланыштуу жергиликтүү администрациянын өкүлдөрү, мамлекеттик органдардын, министрликтердин жана ведомстволордун жетекчилери болуп эсептелген адамдарга, алар шайлоо участогуна өздөрүнүн конституциялык укуктарын жүзөгө ашырууга – добуш берүү үчүн гана келгендигин, добуш берүүдөн кийин ошол замат участоктон кетүүгө тийиш экендигин эскертип туруу керек. Алардын добуш берүүдөн кийин участокто болушуна жол берилбейт! Укук коргоо органдарынын кызматкери да добуш берүүчү жайда турууга укугу жок, аны комиссиянын төрагасы же катчысы тартипти орнотуу үчүн гана чакырышы мүмкүн. Тартип орнотулгандан кийин ал шайлоо участогунун жайынан чыгып кетүүсү зарыл.

*Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын буйрутмасы боюнча басып чыгарылды.*
*Тиражы 2630 экз.*
*«Триада Принт» ЖКЧ басмаканасында басылды*
*720021, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Гоголь, көч., 28 а*